Долбоор Европа Биримдиги тарабынан каржыланат

При финансовой поддержке:
Federal Ministry for Economic Cooperation and Development

DVV International

ЖАШТАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮ ИНСТИТУТУ

# ЖАМААТТЫН КЕЛЕЧЕГИН БИРГЕЛИКТЕ КУРАБЫЗ

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, жарандык коом уюмдары, жаштардын топтору үчүн иштелип чыккан жергиликтүү өз алдынча башкаруу деңгээлинде чечимдерди кабыл алуу процесстерине жаштардын катышуусун кеңейтүү боюнча Методикалык колдонмо

БИШКЕК 2025

**УДК**
**ББК**
**Б**

Балакунова А., Бекиев Б., Добрецова Н. Добрецова Н. редакциясы астында.

Жамааттын келечегин биргеликте курабыз. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, жарандык коом уюмдары, жаштардын топтору үчүн иштелип чыккан жергиликтүү өз алдынча башкаруу деңгээлинде чечимдерди кабыл алуу процесстерине жаштардын катышуусун кеңейтүү боюнча Методикалык колдонмо / Балакунова А. ж.б.; Добрецова Н. ред. аст. – Б.: ИРМ, DVV International, 2025. – 84 б.

**ISBN**

Жаштар менен иштеше билүү – жергиликтүү жамааттардын келечегин курууга, муундар ортосунда алакаларды түзүүгө жана жергиликтүү өнүгүү процесстеринде бардык жаш-курактык топтордун кызыкчылыктарын эске алууга мүмкүнчүлүк берген жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын стратегиялык маанилүү көндүмү болуп саналат. Коммерциялык эмес уюмдар (КЭУ), жаштардын формалдуу жана бейформал топтору кучтуу жаратман инновациялык дараметке ээ болуу менен өнүгүүнүн бирден бир маанилүү фактору болуп саналат. Аталган өнүгүү субъекттеринин ортосундагы ийгиликтүү өз ара аракеттешүү Кыргызстандагы жергиликтүү жамааттардын ар биринин, дегеле бүтүндөй өлкөнүн туруктуу жана натыйжалуу өнүгүүсүнө көмөктөшөт. Аталган методикалык колдонмо ЖӨБ органдарына, КЭУ жана жаштар топторуна жергиликтүү жаштар саясатынын негиздери, ийгиликтүү кызматташтык мүмкүнчүлүктөрү тууралуу негизги билимдерди жеткиликтүү кылып, жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү өнүгүүнүн ролун жана укуктук негиздерин ачып берет. Кыргызстандагы жаш муундардын өз ара алакаларында санарип чөйрө көнүмүш болуп калгандыктан, Колдонмодо өзгөчө көңүлдү ЖӨБ органдары жана жаштар ортосундагы коммуникациянын санарип шаймандарына бурдук. Колдонмо жөнөкөй тил менен жазылып, анда камтылган маалыматты өздөштүрүү атайын билимдерди талап кылбайт. Материал өнүгүү субъекттеринин ортосундагы мамилелерди, негизги түшүнүктөрдү жана өз ара аракеттенүүнүн мыйзамдарынын маанисин жөнөкөйлөткөн графикалык схемаларга, ошондой эле ийгиликтүү жаштар саясатынын жана жаштар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара аракеттенүүсүнүн практикалык мисалдарына бай. Тиркемелерде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жаштар саясатын ийгиликтүү түптөндүрүү жана ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн берген бир катар типтүү документтер келтирилген.

*Колдонмо Европа Биримдиги тарабынан каржыланып, DVV International менен биргеликте Жаштарды өнүктүрүү институту тарабынан аткарылып жаткан «Youth Go» Долбоорунун буюртмасы менен иштелип чыкты.*

*Бул басылма Европа Биримдиги тарабынан каржыланды. Басылманын мазмуну авторлордун, Жаштарды өнүктүрүү институтунун жана DVV International уюмунун өзгөчө жоопкерчилиги болуп саналат жана сөзсүз эле Европа Биримдигинин көз карашын чагылдырбайт.*

**ISBN**
**УДК**

**ББК**

© Балакунова А., Бекиев Б., Добрецова Н., 2025-ж.
© DVV International, 2025-ж.
© Жаштарды өнүктүрүү институту, 2025-ж.
© DPI Pro, 2025-ж.

Тексттин жана анын бөлүктөрүн ар кандай түрдө жана ар кандай ыкмалар менен чыгарууда анын булагын көрсөтүү жана автордук укук ээлерин ___________________________ электрондук почта дареги аркылуу маалымдоо зарыл.

## МАЗМУНУ


МАЗМУНУ ....................................................................................................2

Кыскартуулардын жана шарттуу белгилердин тизмеси ..................................................5

Долбоор тууралуу маалымат...................................................................................5

Киришүү ...........................................................................................................7

I Бөлүк. Эмне себептен жергиликтүү өнүгүүгө катышуу жергиликтүү жамааттар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн маанилүү?..........................................10

1.1. Жаштар саясатынын улуттук жана эл аралык алкактары ......................................10

1.2. Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкарууга жаштардын катышуусунун деңгээлин баалоо..................................................................................11

1.3. Жарандардын башкарууга катышуусу жана жарандардын башкарууга катышуусунун принциптерин бузуунун кесепеттери ......................................................12

II Бөлүк. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жаштарды кантип жергиликтүү өнүктүрүүгө тарта алышат? ..................................................................................15

2.1. Жаштар саясатын кантип түзүп жана тариздөө керек ..........................................15

2.1.1. Жаштардын муктаждыктарын изилдөө .... **Ошибка! Закладка не определена.**

2.1.2. ЖӨБ органынын социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы.............20

2.1.3. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жаштардын биргелешкен пландары...................................................................................................26

2.2. Чечимдерди кабыл алууда жаштарга кандай жол менен өз үнүн айтуу мүмкүнчүлүгүн берүү керек? ...............................................................................28

2.2.1. Жаштар иштери боюнча Консультативдик кеңеш ...........................................30

2.2.2. Биргелешкен мониторинг жана баалоо топтору...............................................34

2.2.3. Бюджеттик процесске катышуу механизмдери.................................................36

2.3. Өспүрүмдөрдү жана жаштарды өнүктүрүү үчүн кызматтарды уюштуруу түрлөрү жана жолдору ...........................................................................................39

2.3.1. Өспүрүмдөрдү жана жаштарды биргелешип маалымдоо ...............................42

2.3.2. Жергиликтүү демилге (жергиликтүү бюджет, республикалык бюджет)............43

2.3.3. Мамлекеттик социалдык заказ .......................................................................45

III Бөлүк. Канткенде жаштар жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштерине тартыла алат? ...........................................................................................................50

3.1. Мэрия жана айыл өкмөтү жергиликтүү жамааттын кандай кызматтары, маселелери жана көйгөйлөрү менен алек? ..............................................................50

3.1.1. Маселелерди жергиликтүү жана мамлекеттик деп ажыратуу принциби .........50

3.1.2. Жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмеги ...............................................51

3.1.3. ЖӨБ органдары жаштар үчүн уюштура ала турган кызматтардын тизмеги ...53

3.1.4. Каржылоо булактары жана алардын чектелүүсү ..........................................54
3.2. Жаштардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусунун максаты эмнеде? Социалдык адилеттүүлүк жана өнүктүрүү жаатындагы кандай маселелер жаштардын көңүл буруусун талап кылат? ....................................................................56
3.2.1. КРдагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасынын түзүлүшүн түшүнүү жана келечектеги карьера ....................................................................56
3.2.2. Адилеттүүлүктүн түрлөрү – социалдык, муундар аралык ................................58
3.2.3. Жаштардын салымы....................................................................60
3.3. Жаштардын көйгөйлөрүн чечүүдө мэрия, айыл өкмөтү жана жергиликтүү кеңеш кандай ыкмаларга ээ? ....................................................................63
3.3.1. Пландаштырууга катышуу ....................................................................63
3.3.2. Чечимдерди иштеп чыгууга катышуу, өз чечимдерин сунуштоо мүмкүнчүлүктөрү....................................................................65
3.3.3. Бюджеттик процесске катышуу ....................................................................67
3.3.4. Өздүк долбоорлорду жана демилгелерди ишке ашыруу мүмкүнчүлүктөрү ....70
3.4. Жаштар топтору жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен өз ара аракеттенүү процессинде кеңири таралган каталардан канткенде кача алышат? ...............................72
3.4.1. Сынга алсаң – сунуш кыл!....................................................................72
3.4.2. Бирөөнүн багуусунда болуубу же жаратман болуубу? ....................................73
3.4.3. Жалгыз жоокер эр болбойт........................ **Ошибка! Закладка не определена.**
3.4.4. Сандардын бийлиги же бийлик тууралуу сандар менен ..................................76
3.5. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен биргеликте аракеттердин жылдык “Календары”....................................................................78
IV Бөлүк. Жергиликтүү деңгээлде жаштар саясатын ишке ашыруунун санариптик аспаптары жана платформалар ....................................................................83
Колдонулган адабияттардын тизмеги ................................. **Ошибка! Закладка не определена.**
Тиркеме. ЖӨБ органдары жана жаштардын кызматташуусуна көмөктөшүүчү ченемдик-укуктук актылардын жана программалык документтердин тизмеги .....................................89

## Кыскартуулардын жана шарттуу белгилердин тизмеси

| | |
|---|---|
| IT – | маалымат технологиялары. |
| АА – | айылдык аймак. |
| АӨ – | айыл өкмөтү, айылдык жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы. |
| ГАМСУМО – | Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттик. Буга чейин – ГАМСУМО (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик). |
| ГАМФКС – | Кыргыз Республикасынын маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине караштуу Жаштар иштери, дене тарбия жана спорт боюнча мамлекеттик агенттиги. |
| МСЗ – | мамлекеттик социалдык заказ. |
| БМжБТ – | биргелешкен мониторинг жана баалоо тобу. |
| КР – | Кыргыз Республикасы. |
| ЖД – | жергиликтүү демилге, жарандардын демилгесин жергиликтүү бюджеттен каржылоо механизми. |
| ЖӨБ – | жергиликтүү өз алдынча башкаруу. |
| КЭУ – | коммерциялык эмес уюм. |
| ЧУА – | ченемдик укуктук акт. |
| КБ – | коомдук бирикме. |
| КПД – | коомдук пайдалуу долбоор. |
| КФ – | коомдук фонд. |
| СЭӨП – | социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы. |
| СИНС – | калктын оюн жана кызыкчылыктарын эске алуу менен ЖӨБ органынын ишин пландаштыруу үчүн маалыматты биргеликте чогултуу жана анализдөө процессин камсыздаган иш-чаралардын комплекси. |
| ЖМК – | жалпыга маалымдоо каражаты. |
| БМжБ – | биргелешкен мониторинг жана баалоо. |

## Долбоор тууралуу маалымат

DVV International Европа Биримдиги жана Германиянын Экономикалык кызматташтык жана өнүктүрүү федералдык министрлигинин (BMZ) колдоосу менен, негизги өнөктөш “Жаштарды өнүктүрүүинституту” коомдук фонду менен биргеликте «Youth Go» санарип көндүмдөр аркылуу жаштардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү 2024-2026” долбоорун ишке ашырууда.

**Долбоордун максаты –** Кыргызстандагы жаштардын жарандык жана саясий укутарын коргоого алуу, жаштардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусун, алардын укутары жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү, жана санариптик аспаптар жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын жардамы менен өз ара аракеттенүү.

**Долбоордун маселеси:**

1) Чечимдерди кабыл алуу процесстерине жаштардын катышуусун кеңейтүүдөгү тоскоолдуктар жана муктаждыктар тууралуу далилдүү

документтерди иштеп чыгуу, жайылтуу жана өнөктөштөр, кызыктар тараптар жана жарандык коом менен талкуулоо;

2) чечимдерди кабыл алуу процесстерине жаштарды тартуу жаатында жергиликтүү бийлик органдарына көмөк көрсөтүү, электрондук катышуу платформаларын түзүү жана пилоттук режимде ишке киргизүү;
3) жергиликтүү көйгөйлөрдү чечүүдө жана чечимдерди кабыл алуу процесстеринде айылдык жаштардын ролун жана катышуусун жогорулатуу.

**Максаттуу топтор:** 430дан кем эмес жарандык коомдун уюмдары жана активисттердин топтору; жергиликтүү администрациялар жана кеңештерден 580ден кем эмес жаш өкүлдөр; 27 долбоордук айылдарда жана кичи шаарлардагы 16700гө жакын жаштар; 29 долбоордук айылдардан жана өлкөнүн 7 регионундагы кичи шаарлардын калкынын арасынан бенефициарлардан 275 000ге жакын адам.

## Долбоордун аткаруучулары тууралуу маалымат

DVV International – Немец элдик Университеттер ассоциациясынын Эл аралык кызматташтык боюнча институту. DVV International 900гө жакын чоңдордун билим берүү борборлорунун (Volkshochschulen) жана алардын жер ассоциацияларынын – Германиядагы эң ири кошумча билим берүү уюмдарынын кызыкчылыктарын коргойт.

DVV International 2002-жылдан тартып Борбордук Азияда – Кыргызстанда, Тажикстанда жана Өзбекстанда – чоң адамдарды жана жаштарды окутуу тармактарына, анын ичинде тынчтыкты орнотуу, кагылышууларды трансформациялоо жана зомбулук экстремизминин алдын алууга багытталган бир нече долбоорлордо иш жүргүзүп келет. Бул долбоорлор улуттук жана аймактык деңгээлде ишке ашырылып келген жана алар, атап айтканда, зордук-зомбулук экстремизминин алдын алуу боюнча окуу программаларын иштеп чыгуу, глобалдык жарандуулукка тарбиялоо, медиация, тренерлерди окутуу жана жарандык коом уюмдарынын дараметин жогорулатууну камтыйт.

“Жаштарды өнүктүрүү институту” коомдук фонду жаштар менен иш алып барган жана Кыргыз Республикасындагы жаштар саясатын өркүндөтүүгө көмөк көрсөткөн алдыңкы уюм болуп эсептелет. Жаштарды өнүктүрүү институту 2014-жылдын 15-апрелинде “Татыктуу Республикалар” коомдук бирикмесинин (2011-жылдын 28-февралында катталган) кайра катталуусу аркылуу түзүлгөн. Жаңы долбоорлор, ошондой эле мындан да зор ийгиликтерге жетишүү каалоосу да пайда болуп, анын менен бирге команда да чоңоюп отуруп, “Татыктуу Республикалар” коомдук бирикмеси Жаштарды өнүктүрүү институтунун деңгээлине өсүп жетилди. Уюмдун көпчүлүк кызматкерлери Бишкек шаарында иштегенине карабастан, Институттун долбоорлору жана программаларына Кыргызстандын бүтүндөй аймактары камтылган.

## Киришүү

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу (ЖӨБ) органдары менен жаштардын өз ара аракеттенүү жаатындагы бардык материалдардын **актуалдуулугу** убакыттан жана географиядан көз каранды эмес. Бардык өлкөлөрдө бардык убакта жамааттардын өзүн-өзү уюштуруу процесстерине жаңы муундарды "коштуруу" маселеси биринчи орунда калууда жана көп жагынан коомчулуктун келечектеги ийгилиги менен жашоого жөндөмдүүлүгүн аныктайт. Жаштар сыртка кетип калган коомчулуктар, тамырын жая албай, өнүгүүгө мүмкүнчүлүгү жоголуп, жок болуп кетүүгө моюн байлашат.

Ошондуктан жаштар менен иш алып баруу маселеси Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу тармагындагы мамлекеттик саясатынын алкагында, ошондой эле ар бир өзүнчө ЖӨБ органы үчүн да приоритеттүү багыт бойдон калууда.

**Жаштар Кыргызстандын жалпы калкынын үчтөн бирин түзөрүн** эске алганда, бул өзгөчө маанилүү. "Жаштар жөнүндө" КР Мыйзамына ылайык, Кыргыз Республикасында жаштардын катарына 14 жаштан 35 жашка чейинки республиканын жарандары жана жарандыгы жок адамдар кирет. Калктын бул тобунун саны болжол менен 2,5 миллион адамды, же калктын жалпы санынан 35 пайызды түзөт. Ошону менен бирге жаштардын эң көп үлүшү Бишкек жана Ош шаарларында, эң азы Чүй жана Баткен облустарында. Жаштардын мындай үлүшү Кыргызстандын калкын "жаш" деп мүнөздөөгө мүмкүндүк берет.

Ошол эле учурда жаштардын эмгек күч курамында катышуусу төмөндөөдө, алардын басымдуу көпчүлүгү жумуш табуу максатында туруктуу жашоо үчүн башка мамлекеттерге көчүп кетип, көпчүлүгү КМШ өлкөлөрүнүн (негизинен Россия жана Казакстанга) чегинде миграциялап жүрүшүүдө. Жалпысынан алганда мигранттардын дээрлик төрттөн бир бөлүгүн 14-35[1] жаштагы адамдар түзөт.

**Жаштарды өнүктүрүү үчүн шарттар** эң оболу жергиликтүү коомчулуктун деңгээлинде түзүлөт. Бала кандай бала бакчага барганынан анын окууга жана социалдашууга жөндөмү көз каранды, мектептеги турмуш балага бир гана жалпы билимдерди бербестен, көптөгөн маанилүү жашоо көндүмдөрүн, анын ичинде жамааттык иш-аракеттер жана жарандык жоопкерчилик сыяктуу көндүмдөрүн өркүндөтөт. Кошумча билим берүү жана өнүктүрүү кызматтары – кружоктор жана спорттук секциялар, эс алуу убагындагы иш-чаралар жана бирикмелер инсандын түптөлүшүнө жана өнүгүшүнө таасирин тийгизет. Жада калса инфраструктуралык кызматтар дагы жаштарга кыйла таасирин тийгизет, себеби кээде жаштар окуп жана өнүгүүгө инвестицияланууччу убакытта, анын ордуна кол менен суу ташууга бул убакытты коротууга мажбур болушат. ЖӨБ органдары жергиликтүү экономиканын өнүгүүсүнө көмөктөшүп же көмөктөшпөй да турган шартта, мындай кырдаал жаштарга түздөн-түз таасирин тийгизет: бул үй-бүлөлөрдүн кирешесинде, жумуш табуу мүмкүнчүлүктөрүндө, акы төлөнүүчү өнүктүрүүчү кызматтарга жеткилик алууда билинет.

Аталган тармакта абдан көп **көйгөйлөр** бар: объективдүү, кырдаалдык, экономикалык, социалдык, технологиялык ж.б. Бирок аталган Колдонмонун контекстинен алып караганда, кийинкилер мааниге ээ.

Жаштардын жергиликтүү өз алдынча өнүтүрүүгө катышуу деңгээлине алардын жаш курагы таасирин тийгизерин көп жылдык изилдөөлөр тастыктап чыккан. Орто чен менен Кыргызстандын жарандарынын 52% жергиликтүү кызматтар жана ЖӨБго кызыгышат, бирок 18 жаштан 25 жашка чейинки жаштар арасында мындай кызыгуу 42% гана бар. Жаштардын өздөрүнүн шаарларын жана айылдарын өнүктүрүүгө катышуу каалоосу толугу менен ишке ашпайт: жаш жарандардын 10% ашыгында мүмкүнчүлүк жок же алар өздөрүнүн катышуу укугун кантип ишке ашыруу керектигин билишпейт.

Катышуунун формаларын изилдеп карасак, ЖӨБ органынын коомчулук менен регулярдуу чечимдерди кабыл алуу процесстерине жана консультацияларга (чогулуштар жана жыйындар, кеңешмелер, комиссиялар жана демилгелүү топтор) аз тартылганы

байкалат, бирок жаштар айрым жергиликтүү көйгөйлөрдү чечүү максатында каржылоо алуу үчүн долбоорлорду жаратуу иштерине (иштеп чыгууга) жана коомдук угууларга абдан активдүү тартылат (балким (бирок тастыкталган эмес), катышуунун санариптик формалары аркылуу).

Жалпы жонунан мында келтирилген фактылар жергиликтүү өнүгүүгө жаштардын катышуусу, башка жаш курактык топтор менен салыштырмалуу, кыйла аз, жаштардын буга умтулуусу да аз экендиги тууралуу айтып турат. Мындан ЖӨБгө катышуу жаштардын жашоосуна жана өнүгүүсүнө кандай таасир этери тууралуу маалымдап, ошондой эле жаштарды жергиликтүү өнүгүү иштерине тартуучу шарттарды максаттуу түрдө түзүү зарылчылыгы турат деп жыйынтык чыгарса болот.

**Жергиликтүү өнүктүрүүгө жаштарды тартуу механизмдерин өнүктүрүүнүн алсыздыгы.** Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук базасы көптөгөн башкаруу механизмдерин жана инструменттерин камтыйт. ЖӨБ органдарынын дасыккан тажрыйбасы алдында жана жаштардын активдүү катышуусу менен бул инструменттер өсүп келе жаткан муундун өнүгүшүнө жана анын жергиликтүү өз алдынча башкарууга реалдуу катышуусуна кеңири мүмкүнчүлүктөрдү түзө алат.

Бул механизмдерге жана инструменттерге жергиликтүү жамааттын уставдары, жергиликтүү бюджеттен жергиликтүү демилгелерди каржылоо механизми, жаштар иштери боюнча консультациялык кеңештер, муниципалдык деңгээлдеги мамлекеттик социалдык тапшырыктар жана башкалар кирет. Бирок ар кандай себептерден улам иш жүзүндө бул инструменттерди бир аз гана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары колдонушат, бул себептердин катарында эң негизгиси билимдин жана маалыматтын жетишсиздиги.

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жаштар саясатын калыптандырууда, иштеп чыгууда жана ишке ашырууда көндүмдөрүнүн жоктугу.** Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өз аймагындагы калктын стратегиялык топторун жетишээрлик деңгээлде аныкташпайт, жаштардын муктаждыктарын дайыма эле баса белгилешпейт жана жаштар саясатынын максаттуу багыттарын иштеп чыгышпайт.
Механизмдердин өнүкпөгөн көйгөйлөрүнө токтолсок, анын негизги себеби, өздөрүнүн коомчулугунун келечегине көз чаптырып кароодо билимдин жана саясий эрктин жоктугу, ошондой эле муниципалдык кызматкерлердин учурдагы маселелер (жумушчу күчүнүн туруксуздугу) менен ашыкча жүктөлүшү, ЖӨБ органдарынын социалдык өнүгүүнүн бул маселелери боюнча коомчулук алдындагы отчеттуулуктун чабалдыгы.

**Аталган методикалык колдонмонун максаты –** жаштардын жергиликтүү өнүктүрүүгө катышуусу үчүн шарттарды жакшыртууда кызыктар тараптарга төмөнкү кадамдар аркылуу жардам берүү:

- жаштар менен иш алып барууда ЖӨБ органдарынын дараметин жогорулатуу (билимдерди жана көндүмдөрдү жакшыртуу);
- катышуу процесстерине жана өзүн-өзү өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү боюнча демилгелерди ишке ашыруу жаатында жаштардын дараметин жогорулатуу (билимдерин жана көндүмдөрүн жакшыртуу);

Ушул методикалык колдонмо ЖӨБ аткаруу органдарына жана муниципалдык кызматкерлерге, жергиликтүү кеңештердин депутаттарына, жергиликтүү активисттерге, коммерциялык эмес уюмдарга, формалдуу жана бейформал жаштардын топторуна **даректелет.**

**Навигация.** Колдонмо үч бөлүктөн турат. I бөлүк улуттук саясаттын жана жергиликтүү өз алдынча башкарууга жарандардын катышуусунун учурдагы деңгээлинин алкагында жергиликтүү жамааттар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн жергиликтүү өнүгүүгө катышуу эмне үчүн маанилүү деген суроого кеңири жооп берет.
II бөлүктө ЖӨБ органынын жергиликтүү жамааттын деңгээлинде жаштар саясатын калыптандыруу жана ишке ашыруудагы иш-аракеттеринин ырааттуулугу каралып, ЖӨБ органдарына жаштарды жергиликтүү өнүгүүгө кантип тартуу керектиги боюнча практикалык маалымат да берилет. Бөлүмдө өзгөчө көңүл ЖӨБдүн деңгээлинде чечимдерди кабыл алуу процессине жаштардын катышуусунун механизмдерин, ошондой эле жаштарды өнүктүрүү боюнча кызматтарды уюштуруунун кошумча түрлөрүн жана ыкмаларын баяндоого бурулат.

III бөлүк бейөкмөт уюмдар, формалдуу жана формалдуу эмес жаштар топтору тарабынан сунушталган жаштарга багытталган жана жаштардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга кантип «киришиши» боюнча практикалык сунуштарды берет. Колдонмонун бул бөлүгүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин маңызы, алардын ыйгарым укуктарынын чеги, жамааттын аймагында алар укуктуу жана уюштурууга жөндөмдүү кызматтардын тизмеси, ошондой эле аймакты жана жамаатты башкарууну жана өнүктүрүүнү каржылоо булактары жөнөкөй тил менен түшүндүрүлөт.

Бөлүмдө ошондой эле жаштар өз коомунун өнүгүшүнө салым кошо ала тургандыгы жана салым кошууга милдеттүү экендигине  негиздер жана далилдер келтирилет. Бул жаштарга каалаган  карьерасын курууга жана алардын жаш курактык жагынан адилеттүүлүк принциптерин жактоочулугун канааттандырууга жардам берет.
Бул бөлүмдө жаштар чечимдерди кабыл алуу процессине кайсы механизмдер жана жол-жоболор аркылуу катыша ала турганы жана ЖӨБ органдары менен өз ара аракеттенүүдө кадыресе каталарды кантип болтурбоо керектиги жөнүндө маалымат берилет.
Колдонмонун көлөмү боюнча эң кичине, бирок мазмуну боюнча маанилүү бөлүгү IV бөлүк болуп саналат, анда санариптик инструменттердин жана жергиликтүү деңгээлде жаштар саясатын ишке ашыруунун платформаларынын системалуу таблицалык сыпаттамасы берилген.
Колдонмо ар кайсы жылдары жана ар кайсы аймактарда Кыргыз Республикасынын ЖӨБ органдарынын жаштар саясатынын реалдуу мисалдарына бай.
DVV International, «Жаштарды өнүктүрүү институту» КФ жана колдонмонун авторлору бул колдонмо Кыргыз Республикасындагы ар бир жергиликтүү жамааттын келечеги үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана жаштар лидерлерине жана топторуна бири-бири менен натыйжалуу өз ара аракеттенүүнү түзүүгө жардам берерине ишенишет.

# I Бөлүк. Эмне себептен жергиликтүү өнүгүүгө катышуу жергиликтүү жамааттар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн маанилүү?

## 1.1. Жаштар саясатынын улуттук жана эл аралык алкактары

*Жаштардын катышуусу* жаштар саясатынын фундаменталдык принциби катары эсептелет. Жаштардын катышуусунун негизги маңызы – алардын жашоосуна тиешелүү бардык маселелерге таасир этүүчү мүмкүнчүлүктөрдү жаштарга берүү. Мындай таасир этүүнү жаштар чоң адамдар менен биргеликте чечимдерди кабыл алууга катышуу аркылуу, ошондой эле аларды курчап турган жашоо-турмушка таасирин тийгизген өздөрүнүн ишмердүүлүгү аркылуу да ишке ашыра алышат. Шаардын, айылдын, жалпы эле өлкөнүн экономикалык өнүгүү темпи жаштардын коомдук-саясий турмуштагы ээлеген ордуна, келечекке болгон ишенимине, активдүүлүгүнө жараша болот.

Мындай катышуунун натыйжасы болуп жаштардын кызыкчылыктарын эске алган чечимдерди кабыл алуу гана саналбайт. Муну менен биргеликте жаштардын өзүн-өзү барктоосу жана өзүн-өзү сыйлоосу өсөт, жаштардын үнү чоңдор тарабынан кабыл алынып жаткандыгы алардын тажрыйбасына топтолот, жаштарда чечим кабыл алуу жөндөмдөрү калыптанат, бул аларга ар кандай кырдаалдарда чечимдердин кеңири спектри боюнча өз алдынча чечим кабыл алууга мүмкүнчүлүк берет. Жергиликтүү деңгээлдеги көйгөйлөрдү чечүүгө катышуу жана турмуштук тажрыйба топтоо менен, жаштар эртеңки күнү жаратман күч болуп, өздөрүнүн турмуштук акылмандыгын жаңы муундарга өткөрүп берүүсү керек. Ошол себептен жаштар – бул келечектеги чоң адамдар, алар ар бир коомдун баалуу дөөлөтү болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясында (33-берене) ар бир жаран, анын ичинде жаштар мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын катышуусу менен юридикалык жактардын, ошондой эле республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден каржылануучу уюмдардын иши жөнүндө маалымат алууга укуктуу экендигине кепилдик берет. Ар бир адамга мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын карамагындагы маалыматтарга жетүүгө кепилдик берилет.

2020-2030-жылдарга Жаштар саясатынын улуттук концепциясы мамлекеттин стратегиялык ресурсу катары жаштардын потенциалын өнүктүрүүгө багытталган. Негизги максаттарга адамдык капиталды өстүрүү, билим берүүгө, саламаттыкты сактоого жана маданиятка инвестициялоо, активдүү жарандык көз карашын калыптандыруу жана өнүктүрүү, жана ресурстарга бирдей жеткиликтүүлүк үчүн шарттарды түзүү кирет. Концепция ар кандай жаштар топторунун жеке муктаждыктарына басым жасоо менен билим берүү, маданий жана социалдык программаларды колдоону камтыйт.

«Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын негизинде ЖӨБ органдары өз функцияларын ишке ашырууда жергиликтүү жамааттын алдында ачык жана жоопкерчиликтүү. Жарандар, анын ичинде жаштар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын системасы аркылуу, ошондой эле жарандардын чогулуштары (жыйындары), курултайлар жана диалогдун жана катышуунун башка формалары аркылуу өз эркин билдиришет.


Шаарларды жана айылдык аймактарды социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн программаларын иштеп чыгуунун бекитилген Методологиясында (2024-жылдын 9-

апрелинен) жарандардын, анын ичинде жаштардын Социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасын (мындан ары – СЭӨП) иштеп чыгууга катышуусу жумушчу топтун курамына жарандардын, алардын топторунун жана жамааттарынын өкүлдөрүнүн катышуусу менен, ошондой эле аймактарды өнүктүрүүдө муктаждыктарды жана приоритеттерди аныктоо максатында СЭӨП иштеп чыгууга чейин же иштелип жаткан учурда түзүлгөн башка топтордун катышуусу менен камсыз кылынат.

## 1.2. Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкарууга жаштардын катышуусунун деңгээлин баалоо


Жаштардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштерине катышуу деңгээлине алардын жаш курагы таасир этерин көп жылдык изилдөөлөр[1] көрсөтүүдө. Алсак, 2024-жылдагы социологиялык сурамжылоонун натыйжасы жергиликтүү маанидеги жергиликтүү кызматтарга болгон кызыгуу респонденттердин жаш курагына жараша өзгөрөрүн көрсөттү. Орто эсеп менен Кыргызстандын жарандарынын 52% жергиликтүү кызматтар жана ЖӨБ менен кызыгышат, бирок 18 жаштан 25 жашка чейинки жаштар арасында мындай кызыгуунун деңгээли 42% көрсөтөт.

*1-сүрөт. Жергиликтүү кызматтарга жана жергиликтүү маанидеги иштерге кызыгуунун деңгээли, ЖӨБ органынын жетекчиси тууралуу маалым болуу, жаш курактык топтордун алкагында, пайыздар менен, 2024-ж.*




Катышуу деңгээли бир гана кызыгуудан көз каранды эмес. Жергиликтүү өз алдынча башкарууга жана жергиликтүү өнүгүү жаатындагы иштерге тартылуу үчүн жаштарга мүмкүнчүлүктөрдү түзүү маанилүү. Бул жаатта изилдөөнүн натыйжасында алынган маалыматтар көрсөтмөлүү болуп саналат. Бул маалыматтарга таянсак, жаштардын өздөрүнүн шаарын же айылын өнүктүрүүгө катышуу каалоосу толугу менен ишке ашырылбайт. Алсак, 18ден 25ке чейинки жаш курактык топто респонденттердин 30% иш жүзүндө жергиликтүү катышат, бирок алардын 42% мындай иштерге катышууну каалар эле. Башкача айтканда, жаштардын 10%ында мүмкүнчүлүк жок же катышуу укугун кандай жол менен ишке ашырууну билишпейт. 26 жаштан 35 жашка чейинки куракташылардын ичинен чыгарылып салынгандардын саны андан да жогору жана 12%ды түзөт, анткени 43% иш жүзүндө катышат, ал эми катышууну каалаган респонденттердин үлүшү 55% түзөт.

*2-сүрөт. Жергиликтүү кызматтарга жана жергиликтүү маанидеги иштерге кызыгуунун деңгээли, ЖӨБ органынын жетекчиси тууралуу маалым болуу, жаш курактык топтордун алкагында, пайыздар менен, 2024-ж.*




Катышуу формасынын алкагында жаштар чечимдерди кабыл алуунун регулярдуу процесстерине азыраак тартылары байкалууда – жаштар жалпы эле турмуш-тиричилик маселелери чечилип жана маанилүү маалымат таратылуучу чогулуштарга жана жыйындарга; ошондой эле коомчулуктун таасирдүү өкүлдөрү менен ЖОБ органдарынын интенсивдүү кеңешүүлөрү өтүп турган кеңешмелерге; комиссияларга жана демилгелүү топторго азыраак катышат. Бирок жаштар айрым жергиликтүү көйгөйлөрдү чечүү максатында каржылоо алуу үчүн долбоорлорду жаратуу иштерине (иштеп чыгууга) жана коомдук угууларга абдан активдүү тартылат (балким (бирок тастыкталган эмес), катышуунун санариптик формалары аркылуу).

***3-сүрөт. Эң жогорку жаш курактык топ менен салыштырмалуу жаштардын катышуу деңгээли, катышуу формаларынын алкагында, пайыздар менен, 2024-ж.***




Жалпысынан мында келтирилген фактылар жергиликтүү өнүгүүгө жаштардын катышуусу, башка жаш курактык топтор менен салыштырмалуу, кыйла аз, жаштардын буга умтулуусу да аз экендигин көрсөтүп турат. Мындан ЖӨБгө катышуу жаштардын жашоосуна жана өнүгүүсүнө кандай таасир этери тууралуу маалымдап, ошондой эле жаштарды жергиликтүү өнүгүү иштерине тартуучу шарттарды максаттуу түрдө түзүү зарылчылыгы турат деп жыйынтык чыгарса болот.

### 1.3. Жарандардын башкарууга катышуусу жана жарандардын башкарууга катышуусунун принциптерин бузуунун кесепеттери

Жарандардын башкарууга катышуусу деген эмне? Бул башкаруунун маанилүү процесси, анын максаты – жарандар чечимдерди кабыл алуу процесстерине өз таасирин тийгизиши үчүн шарттарды түзүү. Жарандардын башкарууга катышуусу шайлоолорду жана башкаруу

органдарына берилген чечимдерди кабыл алуу боюнча ыйгарым укуктарынын ордун ээлебейт.

Чечимдерди кабыл алуу процессине жарандардын катышуусу ЖӨБ органдарынын жана жарандардын ортосунда муниципалитетти өнүктүрүү үчүн өз ара жоопкерчилик сезимин калыптандыруу, жамааттын керектөөлөрүнө так баа берүүнү камсыз кылуу менен шайланган бийлик органдарынын саясатын түзөтүп турат. Катышуунун масштабы ар кандай болушу мүмкүн. Мисалы, КР Министрлер Кабинетинин сайтында уюштурулган мыйзам долбоорлорун талкуулоого катышуу мыйзам чыгаруучу чечимдерге катышуу мүмкүнчүлүгүн берет. Катышуудан көбүрөөк натыйжаларга жетүү үчүн коомдук пикирди эске алуу керек болгон чөйрөдө белгилүү бир көндүмдөргө жана билимге ээ болушу керек.

Бирок башкарууга катышуунун атайын билимдер талап кылынбаган көптөгөн ыкмалары бар. Мисалы, ошол эле мыйзам долбоорлорун талкуулоого катышуу ар бир жаранга жеткиликтүү, себеби ар бир жаран мындан мыйзамдын таасиринин кесепеттерин сезип, ал тууралуу өзүнүн оюн калыптандырып, жана жарандын ою бийлик органдары тарабынан эсепке алынуусу керек.

Жарандардын башкарууга катышуусунун эң чоң мүмкүнчүлүгү – бул жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуу. Конституцияга (111-беренинин 1-бөлүгү) ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу – жергиликтүү жамааттардын жергиликтүү маанидеги маселелерди өз кызыкчылыктарына жараша жана жоопкерчилик менен өз алдынча чечүүсүнүн Конституция менен кепилденген укугу жана чыныгы мүмкүнчүлүгү деп түшүнүлөт.

Ошол эле учурда жергиликтүү өз алдынча башкаруу жарандардын жергиликтүү жамааттары тарабынан түздөн-түз же жергиликтүү өз алдынча башкаруунун органдары аркылуу жүзөгө ашырылат. “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” КР Мыйзамынын 19-беренесине ылайык, жергиликтүү коомдоштуктун жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашырууга өкүлчүлүктүү катышуусу жергиликтүү кеңештер аркылуу ишке ашырылат, ал эми жергиликтүү коомдоштуктун жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашырууга түздөн-түз катышуусу төмөнкүдөй формада жүзөгө ашырылат:

- коомдук жана мамлекеттик турмуштун маселелерин жана жергиликтүү маанидеги маселелерди жергиликтүү коомдоштуктун мүчөлөрүнүн жыйындарында (чогулуштарында), курултайларда талкуулоо;

- жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо;

- ченем жаратуу демилгесин көтөрүү жана/же жергиликтүү маанидеги өзгөчө маанилүү маселелер боюнча тикелей добуш берүүгө катышуу.

Мамлекеттин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун табиятын коомдук келишимдин натыйжасы катары, алардын кызматтык мүнөзүн эске алуу менен бийлик органдары жарандардын чечимдерди кабыл алуу процессине натыйжалуу катышуусу үчүн шарттарды жана механизмдерди түзүүгө милдеттүү. Мындай кадамды бир эле күндө жана бир эле чечим менен аткарып коюу мүмкүн эмес. Коом жана өкмөт биргелешип иш алып баруу жана чогуу чечим кабыл алуу салттарын калыптандыруу үчүн көп жылдар талап кылынат.

Жарандардын мамлекеттик башкарууга катышуусунун принциптери Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана башка мыйзамдарда бекитилген, бирок бул принциптерди ар бир жаран иш жүзүндө ишке ашыра алышы үчүн дагы бир топ иштерди жүргүзүү зарыл. Ал эми бул жерде башкарууга жана чечимдерди кабыл алуу процессине

катышуу талабын жараткан жарандардын өздөрүнүн укуктук жана саясий маданиятынын деңгээли да өтө маанилүү. Бул контекстте инновациялык өнүгүүнүн кубаттуу фактору болгон, муундар ортосундагы байланышты камсыз кылган, коомчулуктун жана өлкөнүн келечегин түзүүчү жаштарга өзгөчө көңүл буруу талап кылынат. Ал эми чечимдерди кабыл алуу процессинде жаштардын үнү канчалык деңгээлде кабыл алынса – ийгиликтүү келечекке ошончолук көп мүмкүнчүлүк түзүлөт. Бирок, мурунку муундардын тажрыйбасын жокко чыгарууга жол берилбейт, ал эми ЖӨБ органдары ар кайсы муундарды «бириктирип», коомчулукту консолидациялоодо, жаштар менен активдүү өз ара аракеттенип, алардын катышуусу үчүн өзгөчө шарттарды түзүүдө маанилүү роль ойной алат.

Технология – бул катышуунун кошумча инструменти. Маалыматтык жана коммуникациялык технологиялар (МКТ) өз ара аракеттенүү мейкиндигин кеңейтүү жана жоопкерчиликтүү өкмөттөрдүн натыйжалуулуу ишмердүүлүгүн жогорулатуу аркылуу катышуунун жаңы механизмдерин жана инструменттерин сунуш кылышууда.
Ошол эле учурда санариптик чөйрө жаш муун үчүн өтө ыңгайлуу, ошондуктан жаштардын катышуусу санариптик катышуу платформаларын кеңири колдонмоюнча натыйжалуу болбойт.

Коомдук катышуу механизмдеринин кеңири спектри бар, бирок алар жергиликтүү чечимдерди кабыл алууга жарандардын натыйжалуу катышуусун камсыз кылуу үчүн сакталууга тийиш болгон жалпы принциптерге, критерийлерге жана негизги эрежелерге ээ:
- **мыйзамдын натыйжалуулугу жана улуктугу** жарандардын башкаруу жана чечимдер (пландаштырылган жана ишке ашырылган) жөнүндө маалыматты оңой ала аларын билдирет, ал эми санариптештирүү маалыматка жеткиликтүүлүктү тез жана жөнөкөй кылып, эбегейсиз мүмкүнчүлүктөрдү берет;
- **инклюзивдүүлүк же ишке тартылуу** бул коомчулуктун бардык тиешелүү топторунун чечимдерди кабыл алуу процессине камтылгандыгын, ал эми жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өз чечимдеринде бардык топтордун, анын ичинде жаштардын керектөөлөрүн эске алууга умтулуусун билдирет;
- **ийкемдүүлүк** жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жарандык коом жарандардын чечимдерди кабыл алуу процессине катышуусу үчүн инструменттердин жана методдордун мүмкүн болушунча кеңири спектрин колдонуу мүмкүнчүлүгүнө ээ экендигин билдирет, ошол эле учурда санариптик инструменттер камтууну кеңейтет жана чыгымдарды азайтат, мисалы, бюджет боюнча онлайн форматындагы коомдук угуулар;
- **көз карандысыздык** - жарандардын чечимдерди кабыл алуу процессине катышуусуна көмөк көрсөтүү үчүн түзүлгөн уюмдардын көз карандысыз статусуна ээ экендигин билдирет;
- **ачык-айкындуулук** - жарандардын чечимдерди кабыл алуу процессине катышуу укугун ишке ашыруунун эрежелерин, механизмдерин жана институттарын билүүсү.

Жогорудагы принциптер айрым бир деңгээлде өз ара байланыштуу болуп, “минималдык стандарттар” катары каралуусу мүмкүн.
Жарандардын башкарууга катышуусу принцибин этибарга албаган башкаруу системасы тескери пирамидага окшош. Эгерде бийлик башкарууда жарандардын үнүн этибарга албаса, анда башкаруунун натыйжалары үчүн бардык жоопкерчилик автоматтык түрдө өкмөткө жүктөлөт.

“Бирге чечебиз – кесепеттери үчүн чогуу жооп беребиз” деген принциптин ордуна “Мен жалгыз чечем – кесепеттерге мен жалгыз жооп берем” деген принцип кошулат. Чексиз бийликке умтулган саясатчылар көп учурда бул принципти унутуп коюшат. Бул учурда пирамиданын "көңтөрүлгөнү" эбегейсиз көп адамдардын жашоосуна тиешелүү бардык чечимдер үчүн чоң жоопкерчилик "бир адамдын башына" - жогорку башкаруучуга же чиновниктердин чакан тобуна жүктөлөт дегенди билдирет. Адатта, бул жоопкерчилик акыры

өтө эле оор болуп, тең салмактуулук бузулуп, кесепеттери ашып түшүп, пирамида кулап калат.

## II Бөлүк. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жаштарды кантип жергиликтүү өнүктүрүүгө тарта алышат?

*4-сүрөт. Жаштарды жергиликтүү өнүгүүгө тартуу боюнча ЖӨБ органынын иш-аракеттеринин жөнөкөйлөштүрүлгөн ырааттуулугу*




### 2.1. Жаштар саясатын кантип түзүп жана тариздөө керек

#### 2.1.1. Жаштардын муктаждыктарын изилдөө

Жаштардын муктаждыктарын изилдөө – бул социалдык-экономикалык абалга, маданий жана билим берүү факторлоруна жараша өзгөрүп турган жаштардын негизги муктаждыктарын, кызыкчылыктарын жана көйгөйлөрүн талдоо жана аныктоо процесси.

Коомчулуктун муктаждыктарын баалоо деп да белгилүү болгон коомчулуктун муктаждыктарын биргелешип изилдөө – бул белгилүү бир жамааттын актуалдуу көйгөйлөрүн, ресурстарын жана муктаждыктарын аныктоо үчүн бир нече кызыкдар тараптар, анын ичинде жаштар, коомдук уюмдар, өкмөт жана башкалар бириккен процесс.

Маалыматтарды чогултуу үчүн көбүнчө фокус-топтор жана сурамжылоолор колдонулат. Маалыматтар чогултулгандан кийин, биринчи кезекте көңүл бурууну талап кылган негизги муктаждыктар менен көйгөйлөрдү аныктоо үчүн талдоо жүргүзүлөт. Акыркы кадам колдо болгон ресурстарды жана мүмкүнчүлүктөрдү эске алуу менен аныкталган муктаждыктарды канааттандырүү үчүн чечимдерди биргелешип пландаштыруу болуп саналат.

Жаштардын өздөрүнүн катышуусусуз алардын муктаждыктарын жана талаптарын изилдөө мүмкүн эмес. Ошондуктан жаш жарандарга өз пикирин билдирүү үчүн ыңгайлуу жана жеткиликтүү инструменттерди берүү  маанилүү.

Жаштар бул бир тектүү эмес топ экендигин да эске алуу маанилүү: алардын курамында кадыресе колдоого ээ болгон, ошондой эле аялуу категориялар, анын ичинде лидерлер жана

артта калып жаткандар да бар. Бул сегменттердин арасынан бири-бирине дайыма эле дал келе бербеген ар биринин өздөрүнүн уникалдуу муктаждыктары жана артыкчылыктары бар.

*5-сүрөт. Жамааттардагы жаштар топторунун ар түрдүүлүгүнүн далили катары иллюстрация*




Ар бир жамааттын өзгөчөлүгүн эске алуу менен жаштардын сапаттык курамына деталдуу талдоо жүргүзүү биринчи жана эң маанилүү кадам болуп саналат. Жогорудагы сүрөттө жаштар топтору жөнүндө толук маалымат берилбейт, мында топтор ар кандай болушу мүмкүн экенин жана алардын көп болушу мүмкүн экендигин жана бул топтордун муктаждыктары да олуттуу түрдө айырмаланышы мүмкүн экендиги гана көрсөтүлөт.

Жаштар саясаттын субъектиси (башкарылгандар эмес, башкарып жаткандар) катары каралган жаштар саясатынын негизги принцибин эске алуу менен, муктаждыктарды пландаштыруу жана аныктоо процесси “жогорудан” – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчилиги астында, ошондой эле “төмөндөн” - жаштар топторунун жана

КЭУлардын, кеңештердин жана эгер муниципалитетте мындай бирикмелер бар болсо, жаштардын бирикмелеринин башка түрлөрүнүн жетекчилиги астында да уюштурулушу мүмкүн.

Мындан тышкары, жаштарга маалымат чогултууга жана бардык курактагы топторго тиешелүү болгон «чоңдор» көйгөйлөрүн жана муктаждыктарын аныктоого мүмкүнчүлүк берүүнүн мааниси бар. Бул жаштардын активдүүлүгүнө жаратмандык мүнөз берип, чыр-чатактын потенциалын азайтат.

*6-сүрөт. Жаштардын муктаждыктарын изилдөө зарылчылыгынын себептери*

**Жергиликтүү деңгээлде жаштар саясатынын жигердүүлүгүн жогорулатуу**
- жаштардын учурдагы көйгөйлөрүн түшүнүү социалдык-экономикалык өнүгүүнүн эффективдүү программаларын
- жана аларды чечүүгө багытталган демилгелерди түзүүгө мүмкүндүк берет
- жаштар аркылуу келечекке таасир этүү механизми пайда болот

**Жаштардын социалдык чыңалуусунун жана обочолонуу деңгээлин төмөндөтүү**
- муктаждыктарды аныктоо аркылуу жаштардын жашоосунун көңүл бурууну талап кылган аспектилерине - мисалы, эс алуу муниципалдык кызматтар тармактарына так (даректүү) багыттоо мүмкүн

**Социалдык тармакты өнүктүрүү**
- Жаштардын муктаждыктары эске алынганда
- жаштар колдоо жана чечимдерди кабыл алуу процесстерине тартылганын сезишет,
- бул социалдык көйгөйлөрдүн коркунучун азайтат жана коомчулуктун биримдигине өбөлгө түзөт

**Жаштардын коомдук жашоого катышуусун күчөтүү**
- Муктаждыктарды түшүнүү жаштарды түрдүү социалдык жана саясий процесстерге тартууга, демократияны чыңдоого жардам берет

### Жаштардын муктаждыктарын изилдөө ыкмалары

***Фокус-топ.*** Бул маалымат топтоонун эң кеңири таралган ыкмасы. Фокус-топ ачык баарлашуу форматында адамдардын көз карашын, алардын оюн, алардын өздүк конкреттүү тажрыйбасын аныктоого жардам берет. Фокус-топту алып баруучу (модератор) талкуулоонун максаттарына ылайык алдын ала даярдалган сценарий боюнча алып барат. Жаштар менен фокус-топтор өзгөчө жигердүү болуп саналат, себеби көбүнчө жаштар топтун мүчөсү катары дискуссиядагы талкуулоого катышканда өздөрүн ыңгайлуу сезишет. Бул ыкма туура колдонулганда, катышуучулардын ортосундагы талкууларга байкоо жүргүзүү аркылуу да, терең маалымат алуу мүмкүнчүлүгүн жакшыртат. Формат топтун жүрүшүндө каалаган убакта багыттоочу жана тактоочу суроолорду берүүгө мүмкүндүк берет.

**Маанилүү! Фокус-топторду өткөрүүнүн демилгечилери, уюштуруучулары жана модераторлору катары жаштардын өкүлдөрү (активисттер) жана ЖӨБ органдары болушу мүмкүн.**

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы фокус-топторду уюштуруу жана өткөрүү процессине КЭУларды, жаш волонтерлорду жана жергиликтүү жаш активисттерди тарта алат; алар сценарий менен алдын ала таанышып чыгышы керек. Фокус-группаларды өткөрүү жана жаштардын муктаждыктарын изилдөөнүн натыйжалары жөнүндө маалымат берүү үчүн

ЖӨБ органы Facebook, Instagram, Telegram социалдык тармактарын пайдалана алат. Бул тармактар боло турган иш-чара жөнүндө маалыматка ыкчам жетүүнү камсыз кылат жана кеңири аудиторияны тартууга, мамлекеттик органдардын ишинин ачык-айкындуулугун жогорулатууга мүмкүндүк берет. Катышуучуларды фокус-группаларга чакыруу үчүн ЖӨБ органы жана жаштар WhatsApp топторун жана Telegram каналдарын жана башка популярдуу мессенджерлерди колдоно алышат.

Эгерде жаштар өздөрүнүн артыкчылыктарын жана көйгөйлөрүн билдирүүнү каалашса, эгерде муниципалитетте жаш активисттер же жаштар топтору, КЭУлар бар болсо, анда жаштар аудиториясы менен фокус-топторду уюштуруу жана өткөрүү иши аларга жүктөлүшү керек, бирок бул иш жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын тиешелүү адисинин жетекчилиги астында жүргүзүлүшү зарыл. Ийгиликтүү фокус-топту өткөрүү иш-чаранын бардык этаптарын камтыган кылдат иштелип чыккан сценарийди талап кылат. Талкууга белгиленген критерийлер боюнча тандалып алынган адамдар катышат. Талкуу 2 сааттан ашпайт, талкуунун корутундулары жана натыйжалары протоколго алынат. Топко 10-20дан ашпаган адамды кошуу сунушталат: адамдардын азыраак саны жыйынтыктарды чектеп коюшу мүмкүн, ал эми көп сандагы адамдардын талкуусу бул процессти башкарууну кыйындатат.

Мында топтор жынысы, иштеген жери, иш чөйрөсү, жаш категориялары, коомчулуктун аялуу топторуна мүчөлүгү (жакыр үй-бүлөлөрдүн жана мигранттардын үй-бүлөлөрүнүн жаш мүчөлөрү, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү жаштар, турмуштук оор кырдаалдагы үй-бүлөлөрдүн жаш мүчөлөрү, жумушсуз жаш жарандар, улуттук азчылыктардын жаш өкүлдөрү, кыздар ж.б.) жана башка критерийлер боюнча түзүлүшү мүмкүн. Маалыматтын толуктугу үчүн фокус-топторду айыл аймагына кирген ар бир айылдын деңгээлинде өткөрүү сунушталат.

Топтун курамына коюлуучу милдеттүү талап – 100% аялдар түзгөн аялдардын топторун кошпогондо, бир жыныстагы адамдардын саны 30% кем эмес болуусу зарыл. Ар бир жергиликтүү өз алдынча башкаруу органында, өзгөчө, эркектер менен бир иш-чарага катышпай турган динчил кыздардын үлүшү көп болсо, фокус-топторду жалаң кыздар менен өткөрүү максатка ылайыктуу.

Фокус-топтук талкуу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы тарабынан атайын бөлүнгөн бөлмөдө өткөрүлөт. Талкууда модератордун милдеттүү түрдө катышуусу талап кылынат, ал талкууга суроолорду коёт, ой-пикирлерди угат жана жоопторду жалпылайт.

Жаштарга ЖӨБ органдарынын мүмкүнчүлүктөрүнө (ЖӨБ органдарынан эмнени күтүүгө болот жана ЖӨБ органдары эмнелерди чече албайт же кыла албайт) карата багыт алуусуна жардам берүү үчүн фокус-топтун ишин кайсы маселелер жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарына кирери тууралуу кыскача түшүндүрмө берүү менен баштоо керек (ушул колдонмонун 3.1-бөлүмүн караңыз).

Фокус-топтордо төмөнкү маселелерди кароого болот:

- жаштарды кандай маселелер түйшөлтөт?
- каражаттын жетишсиздигинин шартында кайсы жергиликтүү маселелер артыкчылыктуу болуп саналат?
- бул артыкчылыктарды ишке ашыруу үчүн кандай чараларды көрүүгө болот?
- бул артыкчылыктарды ишке ашырууга жаштар кандай салым кошууга даяр?
- мындай иш-чаралардын күтүлгөн натыйжалары жана бул жыйынтыктарга кандай мөөнөттө жетүүгө болот?

Белгиленген көйгөйлөрду жана мүмкүн болгон чечүү жолдорун артыкчылыктуу аныктоо этабында эң маанилүүлөрүн аныктоо үчүн добуш берүүнү уюштуруу маанилүү. Фокус-группа катышуучуларга аткарылган иштин маанилүүлүгүн түшүнүүгө жана жетишилген

натыйжаларды бекуемдөөгө жардам берген жыйынтык жана корутунду менен аяктайт. Мындай ырааттуу жол менен иш-чаранын максималдуу өндүрүмдүүлүгүн жана бардык катышуучулардын катышуусун камсыз кылууга жетишсе болот.

Фокус-топтордун эң маанилүү натыйжасы катары жаштардын муктаждыктарын изилдөөнүн катышуучуларынын курамынын негизинде жаштардын демилгелүү тобун түзүү мүмкүнчүлүгү болуп саналат, ал кийинчерээк коомчулукту өнүктүрүүгө катышат.

Мүмкүн болсо, фокус-топтун жүрүшүндө ЖӨБ органы жаштардын демилгелүү тобунун иштөөсү үчүн кандай шарттарды түзө ала тургандыгы жөнүндө маалымат берүү маанилүү.

***Сурамжылоолор.*** Сурамжылоолор – жергиликтүү коомчулуктагы кандайдыр бир топтун пикирин изилдөөнүн эң популярдуу жана жигердүү ыкмасы. Туура тандалып алынган суроолор керек болгон маалыматты тез арада чогултууга жардам берет, ал эми Google-формалар сыяктуу веб-инструменттердин жардамы менен аз каражат коротуп, респонденттердин чектелбеген санын камтыса болот.

Интернет жана социалдык тармактар дээрлик бардык жаштардын жашоосунда бар экенин эске алсак, алар жашаган жерине карабастан, бул маалымат чогултуу куралы жаштардын артыкчылыктуу маселелери боюнча ой-пикирлердин чогултууну изилдөө үчүн идеалдуу ыкма болуп саналат.

Google-формалар – бул тез арада сурамжылоо жүргүзүүгө жана WhatsApp топтору жана башка мессенджерлер аркылуу шилтеме жөнөтүүгө мүмкүндүк берген эң пайдалуу онлайн куралдардын бири.

Google-формалар бир катар артыкчылыктарга ээ:

– акысыз жеткилик;
– ЖӨБ органынын каалаган кызматкерине жана активистине анкетаны да, анын жыйынтыктарын да түзөтүү жана көрүү мүмкүнчүлүгүн берүүгө болот;
– сурамжылоону почта аркылуу жиберип же социалдык тармактарга жайгаштыруу мүмкүнчүлүгү бар;
– сурамжылоого катышуу үчүн респонденттерге Google аккаунтунун кереги жок;
– сурамжылоого 2 миллионго чейин респонденттер катыша алат.

Google-формалардан тышкары сурамжылоолорду өткөрүү үчүн башка, мисалы, мессенджерлер сыяктуу, акы төлөнүүчү жана акысыз платформалар бар. Сунушталган ресурстардын тизмеги ушул колдонмонун IV Бөлүгүндө келтирилген.

Сурамжылоолор өзгөчө ири муниципалитеттер үчүн актуалдуу, анткени калкы көп болгон учурда жаштардын кээ бир тобунун кызыкчылыктарын этибарга албай коюу коркунучу жогору, ал эми жетиштүү сандагы фокус-топторду уюштуруу убакыттын жана ресурстардын объективдүү чектелгендигинен улам кыйын болушу мүмкүн. Бирок, фокус-топтук сурамжылоолор "жандуу" талкууларды толугу менен алмаштыруу үчүн колдонулбашы керек. “Жандуу” баарлашуу ЖӨБ органдары менен жаштардын ортосундагы ишеним деңгээлин жогорулатат, ошондой эле жаштарга жергиликтүү коомчулукту өнүктүрүүгө андан ары катышуу үчүн кыйла натыйжалуу демилгелүү топторду түзүүгө мүмкүндүк берет.

***ЖӨБ органынын жетекчиси менен жолугушуу (айыл өкмөтүнүн башчысы (мэр), жергиликтүү кеңештин төрагасы).*** Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жаштардын муктаждыктары жана талаптары жөнүндө маалымат алуусунун дагы бир мүмкүнчүлүгү – бул ЖӨБ органынын жетекчилигинин жаштардын өкүлдөрү менен

жолугушуулары. Жергиликтүү деңгээлдеги мындай жолугушуулар салыштырмалуу сейрек кездешет, эгерде алар болуп калса, алар негизинен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчилигинин жаштарга кайрылуусу менен гана чектелет, ал эми катышуучу жаштарга дайыма эле өз пикирин билдирүүгө, муниципалитетти өнүктүрүү боюнча өз пикирин билдирүүгө, алардын муктаждыктарын жана талаптарын айтууга мүмкүнчүлүк берилбейт. Эгерде эки тарап тең диалогго барууга даяр болсо жана жолугушуулар бейформал болсо, анда тараптардын күтүүлөрүн жана мүмкүнчүлүктөрүн талкуулоо мүмкүн болот. Конструктивдүү диалог пайда болот, анын натыйжасында жаштардын муктаждыктарын жана талаптарын канааттандырган чечимдер кабыл алынышы мүмкүн.
Сурамжылоолор, фокус-группалар же жаштар уюмдары жана жергиликтүү жамааттын лидерлери менен жолугушуулар аркылуу жаштардын муктаждыктарын изилдөө процессине жаштарды тартуу жаштардын көйгөйлөрү, кызыкчылыктары жана сунуштары боюнча так маалыматтарды чогултууга жардам берет.

Топтолгон маалыматтардын негизинде жаштардын алдында турган артыкчылыктуу көйгөйлөрдү, мисалы, маалыматка жетүүнүн чектелүүлүгү жана бош убакытты өткөрүү сыяктуу маселелерди чечүү үчүн жергиликтүү программалар жана долбоорлор иштелип чыгат. Ошентип, жаштардын муктаждыктарын изилдөө жергиликтүү саясатты иштеп чыгууда жана ишке ашырууда маанилүү роль ойнойт, алардын жаштар үчүн актуалдуу жана маанилүү маселелерге көңүл буруусун камсыз кылууда.

### 2.1.2. ЖӨБ органынын социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу деңгээлинде өнүгүүнү пландоонун негизги инструменти болуп Социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы (мындан ары – СЭӨП) саналат.

Социалдык-экономикалык өнүктүрүү программалары бийликтин аткаруу органдары тарабынан иштелип чыгат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдары тарабынан бекитилет; программаларда өткөн эки жылдагы өнүгүүнүн иш жүзүндөгү көрсөткүчтөрүн, үстүбүздөгү жылга өнүгүүнүн күтүлүп жаткан жыйынтыктарын жана кийинки үч жылга же беш жылга болжолдорду камтыйт.

СЭӨПтү өнүктүрүү жарандардын бардык топторун тартуу менен, жарандардын, анын ичинде жаштардын жашоо шарттарын жакшыртуу жана өнүктүрүү түрүндөгү акыркы жыйынтыктарга көңүл буруу принцибин камтыган принциптерге негизделген:
- **ачыктык жана айкындуулук, жарандардын катышуусу.** СЭӨПтү иштеп чыгуу, ишке ашыруу жана мониторинг жүргүзүү процесси кызыкдар тараптардын, анын ичинде жарандардын жана алардын бирикмелеринин жана сөзсүз түрдө ар бир жергиликтүү жамааттын белгилүү бир тобу катары жаштардын кеңири катышуусун камтыйт;
- **кызмат көрсөтүүлөрдүн акыркы керектөөчүсүнө** жана пландаштырылган иш-чаралардын жана алардын натыйжаларынын коомдук пайдалуулугуна багытталуу;
- калктын аярлуу категориялары үчүн **инклюзивдүү өнүктүрүүнүн** милдеттүү чаралары.
Ар бир максаттуу топтун, бул учурда жаштардын муктаждыктары жана талаптары жөнүндө маалымат алгандан кийин ЖӨБ органынын тикелей иши башталат.

**Маанилүү! Муктаждыктарды жана керектөөлөрдү аныктоо максатында ЖӨБ органы жаштардын өзүн – анын формалдуу жана бейформал биримелерин; жаштар иштери боюнча Консультативдик кеңештерди; жаштар менен иш алып барган КЭУларды; донордук долбоорлорду ишке тартат. Бирок пландаштыруунун кийинки этаптарын**

**башкаруу боюнча жетекчиликти жана жоопкерчиликти ЖӨБ органы ага жүктөлгөн ыйгарым укуктарды жана ресурстарды эске алуу менен өзүнө алууга тийиш.**

Пландаштыруу процесси салттуу түрдө жумушчу топту түзүү менен башталат, анын курамына бир гана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын ыйгарым укуктуу кызматкерлери эмес, ошондой эле муниципалдык мекемелердин, ишканалардын өкүлдөрү, жергиликтүү кеңештин депутаттары, жаштардын, башка аялуу топтордун, бизнестин өкүлдөрү кириши керек. Жумушчу топтун курамына эксперттер кириши мүмкүн. Дал ушул этапта жумушчу топтун курамына жаштардын өкүлдөрү же жаштардын кызыкчылыктарын билдирген адамдар кириши керек. Жумушчу топтун курамына 30 пайыздан кем эмес бир жыныстагы адамдар жана 50 пайыздан ашык эмес ЖӨБдүн аткаруу органынын өкүлдөрү кирүүгө тийиш. Жумушчу топ буйрукка кол коюлган күндөн тартып эки жылдык мөөнөткө иштейт.

Жумушчу топ социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасын иштеп чыгуу процессинде алгоритм боюнча иш алып барат. Алгоритм – бул жергиликтүү өз алдынча башкарууну социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасынын долбоорун иштеп чыгуу боюнча иштердин мөөнөттөрүн, ыкмаларын, механизмдерин жана натыйжаларын этап-этабы менен деталдуу тизмектөө болуп саналат. Алгоритмде «Санарип Аймак» системасына маалыматтарды киргизүү жана андан электрондук отчетторду алуу аркылуу аймактын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн автоматташтырылган модели менен иштөө каралган. 2024-жылы бекитилген СЭӨПтү иштеп чыгуунун жаңы методикасына ылайык, СЭӨП бир нече бөлүмдөн турушу керек; жаштар маселеси дээрлик ар бир бөлүмдө чагылдырылышы мүмкүн. Бул максатта СЭӨПтү иштеп чыгуу процессинде түзүлгөн жумушчу топ жаштардын керектөөлөрүн изилдөөнүн натыйжаларына таянат жана жаштардын артыкчылыктуу көйгөйлөрүнө жараша көйгөйлөр талданат жана аларды чечүү боюнча чаралар иштелип чыгат.

*1-таблица. **ЖӨБ органынын СЭӨПтү иштеп чыгуунун аналитикалык этабындагы жаштар саясатынын маселелери***

| Бөлүмдүн номери жана аталышы | | Бөлүмдүн мүнөздөмөсү: | Жаштар саясатын чагылдыруу |
|---|---|---|---|
| 1. | Аймактын жалпы мүнөздөмөсү | − географиялык жайгашуусу;<br>− ландшафт жана жаратылыш шарттары;<br>− курамы (калктуу конуштар же административдик райондор);<br>− аянты жана калкы. | Жаш калктын санын чагылдыруу жетишсиз.<br>Көрсөтүлгөн категориялардын ар биринде курактык топтор эске алынууга тийиш.<br>Жаштардын сапаттык курамына деталдуу талдоо жүргүзүү зарыл: жынысы, жаш курагы, аялуулугу (жардылар, майыптар, турмуштук оор кырдаалдагы үй-бүлөлөр, мектепке барбаган улуттук азчылыктар, мигрант үй-бүлөлөрдүн жаш мүчөлөрү ж.б.). |
| 2. | Калк | − туруктуу калктын жалпы саны;<br>− эмгекке жарамдуу калк;<br>− иш менен камсыз болгон жана жумушсуз калк жана иш менен камсыз болуу маселелери;<br>− миграция жана демография маселелери. | |
| 3. | Кызматтар жана жергиликтүү инфраструктура | − жергиликтүү маанидеги маселелер (экономикалык өнүктүрүүдөн башкасы);<br>− Социалдык жана жергиликтүү инфраструктураны өнүктүрүүгө байланышкан бюджеттик инвестициялар. | Калктын сапаттык курамындагы жаштардын үлүшүнө жараша акыркы 3 жылда жаштардын кызыкчылыгы үчүн «иштеген» инфраструктурага инвестиция тартылдыбы же жокпу, талдоо зарыл. |

| Бөлүмдүн номери жана аталышы | | Бөлүмдүн мүнөздөмөсү: | Жаштар саясатын чагылдыруу |
|---|---|---|---|
| 4. | Экономикалык өнүктүрүү | - өндүрүш жана өндүрүштүк фонддор;<br>- тике инвестициялар;<br>- калктын кирешелери;<br>- экономиканы өнүктүрүүгө байланышкан бюджеттик инвестициялар, улуттук долбоорлор;<br>- аймактын экономикалык адистештирилүүсү (аймак ичиндеги, аймактар аралык). | Чоңдор менен жаштардын киреше деңгээлин салыштырып талдоо пайдалуу. |
| 5. | Инклюзивдик өнүгүү | − аялуу топтор, алардын категориялары, курамы жана саны;<br>− категориялар, курамы жана саны боюнча аялуу топтордун потенциалына баа берүү (аялуу абалынан чыгуу мүмкүнчүлүгү);<br>− калктын аялуу катмарын ишке орноштуруу/өз алдынча иш менен камсыз кылуу. | Көрсөтүлгөн категориялардын ар биринде куракттык топтор эске алынууга тийиш.<br><br>Жаш куракттык топтордун алкагында жумуштуулуктун жана жумушсуздуктун деңгээлине салыштырмалуу талдоо жүргүзүү пайдалуу. |
| 6. | Мейкиндик | - аймакты укуктук зоналаштыруу, укуктук зоналардын чегинде пайдаланылган жана пайдаланылбаган мейкиндиктердин балансы;<br>- жер ресурстарын пайдаланууга жаратылышты коргоо жаатындагы чектөөлөр;<br>- мамлекеттик программалардын негизинде мейкиндикти өнүктүрүүнүн чектөөлөрү жана перспективалары. | Жаштардын кызыкчылыктары жана керектөөлөрү укуктук зоналаштырууда чагылдырылганбы, жаштардын эс алуу кызматын көрсөтүү, маданият, спорт, инсандык өнүгүү сыяктуу муктаждыктарын канааттандырган маселелерге жооп берген укуктук зоналар аныкталганбы деген сыяктуу суроолорго жооп берүү зарыл. |
| 7. | Курчап турган чөйрө | − жаратылыш чөйрөсүнүн абалы, экологиялык тобокелдиктер жана коркунучтар;<br>− суу ресурстарынын, мөңгүлөрдүн абалы;<br>− жаратылыш аймактарынын абалы: токойлор, жайыттар жана башка экосистемалар;<br>− жер ресурстарынын абалы;<br>− атмосфералык абанын абалы;<br>− өндүрүштүн жана жеке сектордун энергиялык майнаптуулугу;<br>− катуу тиричилик калдыктарын башкаруу;<br>− жаратылыш ресурстарын башкаруу;<br>− климаттын өзгөрүүсүнө ыңгайлашуу чаралары. | Бул бөлүмдө коомчулуктун жаратылыш ресурстары келечек муундар үчүн жеткиликтүү болобу жана келечек муундардын жашоо шарттарын начарлатышы мүмкүн болгон экологиялык коркунучтар жана кемчиликтер күчөп жатабы деген суроо менен муундар ортосундагы теңчиликти чечүү маанилүү.<br>Бардык маалыматтык иш-чараларда жаштарды өзүнчө максаттуу топ катары, өзгөчө климаттын өзгөрүшүнө жана жашыл экономикага адаптациялоо маселелери боюнча бөлүп көрсөтүү маанилүү. |
| 8. | Жергиликтүү бюджет жана өнүктүрүү бюджети | − жергиликтүү бюджеттин кирешелери;<br>− программанын форматында жергиликтүү бюджеттин чыгашалары;<br>− бюджеттер аралык | Жергиликтүү бюджеттин чыгашалары муундар ортосундагы канчалык деңгээлде адилет бөлүштүрүлгөндүгүн жана бюджеттик ресурстар бардык курактагы топтордун |

| Бөлүмдүн номери жана аталышы | | Бөлүмдүн мүнөздөмөсү: | Жаштар саясатын чагылдыруу |
|---|---|---|---|
| | | трансферттер;<br>− бюджеттин тең салмактуулугу;<br>− муниципалдык карызды башкаруу;<br>− мүмкүн болуучу бюджеттик тобокелдиктерди баалоо;<br>− өнүктүрүү бюджетин түзүү булактары жана муниципалдык бюджеттик инвестициялардын планы. | керектөөлөрүн канааттандырууга багытталып жаткандыгына баа берүү зарыл.<br>Мүмкүн болсо, жаштардын демилгелүү топторуна шарттарды түзүү үчүн жергиликтүү бюджетте айрым каражаттарды, ошондой эле жарандардын катышуу механизмдерин (мисалы, жергиликтүү демилге) каржылоо үчүн каражаттарды кароо зарыл. |

СЭӨПтү пландаштыруу процесси Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин (2024-жылдын 9-апрелиндеги №32) жана ГАМСУМОнун (№ 01-25/114 2024-ж. 9-апрелинен) биргелешкен буйругу менен бекитилген Шаарларды жана айылдык аймактарды социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларын иштеп чыгуу методологиясына баяндалган.

Бул бөлүмдө жаштардын муктаждыктарына жана керектөөлөрүнө байланыштуу пландаштыруу процессинин өзгөчөлүктөрү кененирээк сүрөттөлөт.

### ***Жаштар саясатынын кандай чараларын СЭӨПкө киргизсе болот?***

Жаштарга жардам көрсөтүү үчүн социалдык-экономикалык өнүгүү пландарына чараларды киргизүү каралган. Мисалы, жаңы кесипти тез өздөштүрүүгө жардам бере ала турган кыска мөөнөттүү курстарды уюштуруу. Ошондой эле, жаштар акчаны туура башкарууну билиши үчүн финансылык сабаттуулук боюнча сабактарды өткөрүүгө көмөктөшүү. Кээде ийгиликтүү бизнесмендер жаштар менен тажрыйба бөлүшүп, өздөрүнүн идеяларын өнүктүрүүгө шыктандыруу максатында жолугушууларды уюштурушат. Бул кадамдардын баары жаштар үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү түзүүгө, жумушсуздукту кыскартууга жана адам ресурстарын өз шаарларында жана айылдарында кармоого жардам берет. «Кызмат көрсөтүүлөр жана жергиликтүү инфраструктура» бөлүмүндө жумушчу топ айылды же шаарды өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарын аныктайт. Бул милдеттер адамдардын турмушуна түздөн-түз тиешелүү маселелерге: спортко, маданиятка, саламаттыкты сактоого, билим берүүгө жана башка маанилүү кызматтарга жетишүү маселелерине тиешелүү. Маселен, бала бакчаларда орундун жетишсиздиги бала менен үйдө отурган жаш энелер үчүн чоң көйгөй. Мындан тышкары, бала бакчалардын жетишсиздиги баланын мектепке даярдыгы жок баруусуна алып келиши мүмкүн. Мындай маалыматтардын негизинде жумушчу топ чечүү жолдорун сунуштайт. Бул бала бакчаларды куруу, кошумча билим берүү курстарын ачуу же башка инфраструктуралык объектилерди жакшыртуу болушу мүмкүн. Жаштар борборлорун, спорттук жайларды куруу, коомдук транспортту жана эс алуу жайларын өнүктүрүү сыяктуу программалар жаштардын пикирин эске алуу менен иштелип чыгышы керек. Бул аракеттердин баары айылдагы же шаардагы жашоону ар бир адам үчүн ыңгайлуураак жана адилеттүү кылууга жардам берет.

Төмөнкү таблицада ЖӨБ органдары (бирок жаштардын өздөрүнүн катышуусу менен жаштардын муктаждыктарын изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча) Социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасына киргизе ала турган, жаштардын көйгөйлөрүн чечүүгө багытталган чаралардын мисалдары келтирилген.

*2-таблица.* ***ЖӨБ органынын СЭӨПтү жүзөгө ашыруу боюнча иш-чараларды иштеп чыгуу этабындагы жаштар саясатынын чаралары***

| Бөлүмдүн номери жана аталышы | | Бөлүмдүн мүнөздөмөсү: | Жаштар саясатынын чаралары |
|---|---|---|---|
| 9. | Аймактын жалпы мүнөздөмөсү | − географиялык жайгашуусу;<br>− ландшафт жана жаратылыш шарттары;<br>− курамы (калктуу конуштар же административдик райондор);<br>− аянты жана калкы. | Социалдык паспортторду санариптештирүү жана аларды толук ишке ашыруу, калктын аярлуу катмарын тактоо.<br>Зордук-зомбулуктун алдын алуу боюнча жаштардын катышуусунда окутуу семинарларын, түшүндүрүү иштерин жүргүзүү. |
| 10. | Калк | − туруктуу калктын жалпы саны;<br>− эмгекке жарамдуу калк;<br>− иш менен камсыз болгон жана жумушсуз калк жана иш мененк амсыз болуу маселелери;<br>− миграция жана демография маселелери. | Жаштардын кийинки ишке орношуусу үчүн потенциалын жогорулатуу үчүн кыска мөөнөттүү курстарды уюштурууга көмөк көрсөтүү.<br>Миграциянын алдын алуу жана кесепеттерин азайтуу боюнча жаштардын катышуусу менен жолугушууларды, чогулуштарды уюштуруу. |
| 11. | Кызматтар жана жергиликтүү инфраструктура | − жергиликтүү маанидеги маселелер (экономикалык өнүктүрүүдөн башкасы);<br>− социалдык жана жергиликтүү инфраструктураны өнүктүрүүгө байланышкан бюджеттик инвестициялар. | Балдардын жана жаштардын коопсуздугун камсыз кылуу максатында тротуарларды куруу.<br>Өспүрүмдөрдүн жана жаштардын эс алуусун уюштуруу үчүн парктты көрктөндүрүү жана жашылдандыруу.<br>Кружокторду ачуу жана уюштуруу.<br>Жаштар үчүн ресурстук борборду уюштурууга көмөк көрсөтүү. |
| 12. | Экономикалык өнүгүү | - өндүрүш жана өндүрүштүк фонддор;<br>- тике инвестициялар;<br>- калктын кирешелери;<br>- экономиканы өнүктүрүүгө байланышкан бюджеттик инвестициялар, улуттук долбоорлор;<br>- аймактын экономикалык адистештирилүүсү (аймак ичиндеги, аймактар аралык). | Аялдарга жана жаштарга кол өнөрчүлүктү өнүктүрүү борборлорун уюштурууга көмөк көрсөтүү, ошондой эле көргөзмөлөргө катышууга көмөк көрсөтүү.<br>Туризм тармагында тейлөөнүн сапатын жогорулатуу үчүн тажрыйба алмашууну жана адистештирилген окутууну уюштурууга көмөк көрсөтүү.<br><br>Калктын, анын ичинде жаштардын жана калктын аялуу катмарынын жашылча-жемиштердин жаңы сорттору жөнүндө маалымдуулугун жогорулатуу.<br>Жаштарга жана калктын аялуу катмарына жеткиликтүү ресурстар, анын ичинде муниципалдык менчик жөнүндө маалыматты жайылтуу. |
| 13. | Инклюзивдик өнүгүү | − аялуу топтор, алардын категориялары, курамы жана саны;<br>− категориялар, курамы жана саны боюнча аялуу топтордун потенциалына баа берүү (аялуу абалынан чыгуу мүмкүнчүлүгү);<br>− калктын аялуу катмарын ишке орноштуруу/өз алдынча иш менен камсыз кылуу. | Аялуу топторго, жаштарга жана аялдарга өз бизнесин ачуу боюнча кыска мөөнөттүү курстарды уюштурууга көмөк көрсөтүү.<br>Аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө социалдык контракттарды берүү жана бизнес-пландарды түзүүгө көмөк көрсөтүү.<br>Калктын социалдык жактан аялуу катмары үчүн таштандыларды чогултуу жана чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү субсидиялоо маселелерин кароо.<br>Турак жай курулушунун жана жерди пайдалануунун нормаларын иштеп чыгуу. |

| Бөлүмдүн номери жана аталышы | | Бөлүмдүн мүнөздөмөсү: | Жаштар саясатынын чаралары |
|---|---|---|---|
| | | | Жергиликтүү экономиканы өнүктүрүү үчүн жерлерди бир категориядан экинчи категорияга которуу маселесин кароо. |
| 14. | Мейкиндик | - аймакты укуктук зоналаштыруу, укуктук зоналардын чегинде пайдаланылган жана пайдаланылбаган мейкиндиктердин балансы;<br>- жер ресурстарын пайдаланууга жаратылышты коргоо жаатындагы чектөөлөр;<br>- мамлекеттик программалардын негизинде мейкиндикти өнүктүрүүнүн чектөөлөрү жана перспективалары. | |
| 15. | Курчап турган чөйрө | − жаратылыш чөйрөсүнүн абалы, экологиялык тобокелдиктер жана коркунучтар;<br>− суу ресурстарынын, мөңгүлөрдүн абалы;<br>− жаратылыш аймактарынын абалы: токойлор, жайыттар жана башка экосистемалар;<br>− жер ресурстарынын абалы;<br>− атмосфералык абанын абалы;<br>− өндүрүштүн жана жеке сектордун энергиялык майнаптуулугу;<br>− катуу тиричилик калдыктарын башкаруу;<br>− жаратылыш ресурстарын башкаруу;<br>− климаттын өзгөрүүсүнө ыңгайлашуу чаралары. | Таштанды чогулган полигондорду рекультивациялоо.<br>Жаштар (жана жаштардын аракети менен) жана калк арасында айлана-чөйрөнү коргоо жана айылда тазалыкты сактоо боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү.<br>Жайыттарды калыбына келтирүү боюнча иштерди жаштардын жардамы менен жүргүзүү. |
| 16. | Жергиликтүү бюджет жана өнүгүү бюджети | − жергиликтүү бюджеттин кирешелери;<br>− программанын форматында жергиликтүү бюджеттин чыгашалары;<br>− бюджеттер аралык трансферттер;<br>− бюджеттин тең салмактуулугу;<br>− муниципалдык карызды башкаруу;<br>− мүмкүн болуучу бюджеттик | Жаштарды бюджеттик сабаттуулукка үйрөтүү, жаштар үчүн бюджеттик процесске катышуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалыматтык кампания.<br>Жаштар үчүн ыңгайлуу болгон жолдор менен жергиликтүү бюджет долбоору тууралуу маалымат кампаниясы. |

| Бөлүмдүн номери жана аталышы | | Бөлүмдүн мүнөздөмөсү: | Жаштар саясатынын чаралары |
|---|---|---|---|
| | | тобокелдиктерди баалоо;<br>– өнүктүрүү бюджетин түзүү булактары жана муниципалдык бюджеттик инвестициялардын планы. | |

### 2.1.3. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жаштардын биргелешкен пландары

Пландаштыруунун бардык этаптарын эске алуу менен, ошондой эле СЭӨПны бекитүү кварталына бир жолу өтүүчү жергиликтүү кеңештин кезектеги сессиясында гана мүмкүн болоорун эске алуу менен, СЭӨПны иштеп чыгуу жана жаштардын кызыкчылыктарын эске алуу үч айдан кем эмес убакытты алышы мүмкүн.

Коомчулукта активдүү жаштар топтору жана КЭУлар бар болсо, анда жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын жетекчилиги алар менен биргелешкен иш-чаралардын планын иштеп чыгышы мүмкүн, ал СЭӨПны толуктайт, бирок ошол эле учурда ийкемдүү жана оперативдүү документ болот.

Мындай пландар ЖӨБ органынын жетекчилиги менен жаштардын жолугушуусунун жыйынтыгында, жаштардан түшкөн кайрылуулардын негизинде же жаштардын демилгелерин колдоо максатында түзүлүшү мүмкүн. Маселен, мэр менен шаар жаштарынын жолугушуусунда жаштардын катышуусунда жаштар үчүн кызыктуураак жаңы форматта форум өткөрүү маселеси көтөрүлдү. Ошол эле учурда форматтын өзгөрүшү пландаштырылган каржылоонун мүнөзүнө жана көлөмүнө таасирин тийгизбейт. Мында иш-чаралар планы тараптардын өз ара аракеттенүүсүн чагылдыра алат, анын алкагында мэрия көбүрөөк координациялоочу ролду өзүнө алат.

Биргелешкен иш-аракеттер планын иштеп чыгуу үчүн төмөнкү маалымат булактары пайдаланылышы мүмкүн:

- жаштардын сунуштары талкууланган жаштар менен жолугушуулардын протоколдору;
- расмий каналдар боюнча түшкөн жаштардан жазуу жүзүндө берилген сунуштар;
- жаштардын катышуусу менен ар кандай долбоорлорду биргелешип ишке ашыруунун алкагында же жаштардын кызыкчылыктарында эксперттердин байкоолорунун же долбоордун корутундуларынын негизинде иштелип чыккан сунуштар;
- башкалар.

Жаштардын кызыкчылыгын көздөгөн мындай пландар СЭӨПда белгиленген иш-чаралар планынан да келип чыгышы мүмкүн. Мындай учурларда ЖӨБ органы жаштарды жеке иш-чараларды биргелешип пландаштырууга же жаштардын демилгелерин колдоого тарта алат. Мисалы, эгерде СЭӨПда айыл өкмөтүнүн же мэриянын алдына жаштардын бош убактысын өткөрүүгө көмөктөшүү милдети коюлган болсо, анда ЖӨБ органы жаштар менен биргеликте кабыл алынган чечимдердин негизинде алардын конкреттүү маселе боюнча каалоо-тилектерин эске алуу менен, балким, бул маселе боюнча жаштардын демилгелерин да камтыган иш-чаралардын планын иштеп чыга алат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жана жаштардын биргелешкен пландары бир жылдан ашпаган мөөнөткө түзүлөт жана алар аткарылбай калган учурда кайра каралат[1].

Мэр жана айыл өкмөтүнүн башчысы өнүктүрүү программаларын иштеп чыгууга жана ишке ашырууга жаштарды активдүү түрдө тартуусу зарыл. Мисалга алсак, жаштар аймактарды көрктөндүрүү программаларын түзүү жана ишке ашыруу иштерине, жаштар форумдарын уюштурууга, жаштар саясатын жана муниципалитетти өнүктүрүү стратегияларын иштеп чыгууга катышуусу мүмкүн.

**ПРАКТИКАЛЫК МИСАЛ**[1]

**Жеке жолугушуулардын жыйынтыгында жаштардын сунуштарын жүзөгө ашыруу боюнча Ош шаарынын мэринин иш-чаралар Планы**

Балдардын жана жаштардын ар дайым коомчулуктун, мектептин жана жаштардын өздөрүнүн көйгөйлөрү жөнүндө айта турган сөздөрү бар. Жаштар өз кызыкчылыктарын алдыга жылдыруу үчүн жигердүү позицияны ээлеп, өздөрүнүн инновациялык идеяларын сунуштоо менен шаар бийлигин чара көрүүгө түртүшү керек.

Жаштар калктын кыйла бөлүгүн түзгөн шаарлардын бири – Ош шаары. Калктын 55%га жакыны 0 жаштан 28 жашка чейинки балдар жана жаштар түзөт. Ош шаарынын мэриясы шаардын жаштарынын өсүп-өнүгүшүнө жана келечекте өз шаарын сүйгөн, толук кандуу жарандар болушу үчүн чоң аракеттерди көрүп келет.

Алсак, акыркы жылдары Ош шаарынын мэриясы балдар жана жаштар менен иш алып баруу жаатында белгилүү ийгиликтерге жетишти. Мисалы, жаштардын сунуштарын ишке ашыруу боюнча жылдык Иш-чаралар планын иштеп чыгуу практикага киргизилди. Бул план шаар мэри менен шаар жаштарынын жеке жолугушууларынын негизинде иштелип чыгууда. Жолугушууларга жаштар жана жаштар уюмдарынын өкүлдөрү: мектеп парламенттери, студенттик сенат, шаардык кеңештин жаш депутаттары жана мэр менен өз сунуштарын талкуулоо мүмкүнчүлүгүнө ээ активдүү жаш жарандар катышат. Мындай талкууларга жана иш-чаралардын планын андан ары иштеп чыгууга 70тен ашык шаар лидерлери катышууда.

Пландын маңызы балдар жана жаштар, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жаш жарандар үчүн билим берүү жана өнүктүрүү иш-чараларын уюштуруу, мисалы, билим берүү жана маданият тармагында тренингдерди, форумдарды жана интеллектуалдык иш-чараларды өткөрүү болуп саналат. Планга ошондой эле кыздардын укуктарын коргоо жана өкүлчүлүк кылуу үчүн “кыздар кеңешин” түзүү сыяктуу иш-чаралар камтылган. Планда балдардын жана жаштардын эс алуусун уюштуруу боюнча иш-чаралар, атап айтканда, Таланттуу жаштар клубун уюштуруу, сынактарды уюштуруу аркылуу активдүү жаштарды жигердендирүү жана шыктандыруу, чет тилдерин акысыз окутуу, биринчи медициналык жардам көрсөтүү, спортту өнүктүрүү маселелери, анын ичинде спорттук мелдештерди уюштуруу каралган.

Жаш ишкерлер “Жаш бизнесмендер”, “Бизнес мектеби” жана “Дасыккан кол өнөрчү” клубдарын түзүү маселесин киргизүүнү демилгелешти. Пландар ошондой эле ар түрдүүлүккө толеранттуулукту жогорулатуу жана жаштардын ортосундагы чыңалууну жана зомбулукту азайтуу үчүн жаштардын ортосундагы мамилелерде маданиятты жана сабырдуулукту өнүктүрүү маселелерин эске алат.

Ош шаарынын Жаштар комитетинин төрагасы Изатбек БЕРХМАМАТОВДУН айтымында, мэрия менен биргеликте жаштар менен иштөө планынын түзүлүшү жигердүү жаштардын шаарды башкаруу тармагында өзүнүн дараметин ишке ашырууга жана өнүгүүсүнө көптөгөн мүмкүнчүлүктөрдү түзүүдө.

Ишкерлерди, шаардык кеңештин депутаттарын эсепке албаганда, мэриянын кызматкерлеринин басымдуу бөлүгү буга чейин ар кандай иш-чараларга катышуунун аркасында “чыйралып”, башкарууну үйрөнгөн активдүү шаар жаштарынын өкүлдөрү болгон.

Мэрдин планы да жаштарга өз идеяларын айтып, шаардын көйгөйлөрүн чечүү жолдорун сунуштоого мүмкүнчүлүк берет. Шаар өз алдына койгон маселелерди чечүүдө көп учурда жаштар өздөрү демилгечилер болушат. Бул план мэрия менен жаштардын биргелешкен ишинин бар экендигинин көрсөткүчтөрүнүн бири, ошондой эле мэрдин өзүнүн жаштар менен иш алып барышынын да “индикатору” болуп саналат.

## 2.2. Чечимдерди кабыл алууда жаштарга кантип Как предоставить молодежи голос в процессе принятия решений?

*7-сүрөт. Жаштарды чечимдерди кабыл алуу процессине тартуу үчүн ЖӨБ органынын кадамдарынын жөнөкөйлөтүлгөн ырааттуулугу*

[1] Кыргыз Республикасындагы өз алдынча башкаруунун жаштар саясаты / Практикалык колдонмо. – Бишкек: «Өнүктүрүү саясат институту», коомдук бирикмеси. 2020. – 58 б.





Чечимдерди кабыл алууда жаштарга өз үнүн айтуу мүмкүнчүлүгүн берүү – бул жаштардын келечегине таасир этүүчү чечимдерди иштеп чыгууга, талкуулоого жана ишке ашырууга жигердүү катышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон шарттарды түзүү. Бул жергиликтүү өз алдынча башкаруу деңгээлиндеги бардык коомдук процесстерге жаштардын камтылышы керектигин билдирет.

Жарандардын жергиликтүү деңгээлде чечимдерди кабыл алуу процессине катышуу мүмкүнчүлүктөрү Кыргыз Республикасынын Конституциясында, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинде жана башка ченемдик укуктук актыларда аныкталган.


Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусун камсыз кылуу үчүн ар бир жамаат үчүн колдонулуучу универсалдуу инструмент бар – бул Жергиликтүү жамааттын Типтүү уставы. Мында төмөнкү алкактар белгиленген:

- жарандардын муктаждыктарын изилдөөгө жана артыкчылыктуу көйгөйлөрдү аныктоого катышуусу;
- демилгелүү топторго жана мониторинг жана баалоо топторуна катышуу укугун ишке ашыруу, бул топтордун статусу жана алардын бийлик органдары менен өз ара аракеттенүү тартиби.

*8-сүрөт. Эмне үчүн чечимдерди кабыл алуу процессинде жаштарга өз үнүн айту укугун берүү керек?*




*9-сүрөт. Жаштардын ЖӨБ деңгээлинде чечимдерди кабыл алуу процессине катышуусунун формалары*




### 2.2.1. Жаштар иштери боюнча Консультациялык кеңеш

Жергиликтүү деңгээлдеги жаштар саясатынын субъекттери коомдук бийлик органдары – мамлекеттик органдар жана ЖӨБ органдары, ошондой эле жаштардын өзү – анын формалдуу жана бейформал бирикмелери катары көрсөтүлөт. Жаштар саясатынын натыйжалуулугу көбүнесе жаш жарандар канчалык натыйжалуу биригип, ынтымактуу жана натыйжалуу аракеттене аларынан көз каранды. Бирок ошол эле учурда туура келген жана иштиктүү форманы табуу жана аны реалдуу мазмун менен толтуруу кыйынчылык жаратат. ЖӨБ органдарынын алдындагы жаштар кеңештеринин институту жергиликтүү деңгээлде

кеңири жайылган бойдон калууда, бирок алардын иши тийиштүү деңгээлде талдоого алынган эмес, мүнөздөлүп берилген эмес жана укуктук негизге ээ болгон эмес. 2020-жылы мамлекет бул көйгөйдү чече ала турган бирикменин формасын иштеп чыкты жана сынап көрдү – бул жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын алдында жаштар иштери боюнча консультациялык кеңештер. Шаардын же айылдык аймактын Жаштар иштери боюнча консультациялык кеңеши жөнүндө типтүү жобо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жаштар иштери, дене тарбия жана спорт мамлекеттик агенттигинин (мындан ары – ЖИДТжСМА) (2020-жылдын 28-мартындагы № 82-и) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиктин биргелешкен буйругу менен бекитилген (2020-жылдын 3-майындагы № 01-18/44).

Шаардын, айылдык аймактын Жаштар иштери боюнча консультациялык кеңеши (мындан ары – Кеңеш) жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын алдында түзүлүүчү жана өз ишин коомдук башталышта жүзөгө ашыруучу жаштар саясаты жаатындагы коллегиалдуу, консультациялык-кеңеш берүүчү орган болуп саналат. Кеңештин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы менен өз ара аракеттенүүсү жаштар саясатында өз алдынчалык жана өз ара пайдалуу кызматташуу принциптеринин негизинде ишке ашырылат. Башкача айтканда, Кеңештер өз алдынча орган болуп саналат, бул Кеңешке ЖӨБ органынын алдында өз оюн айтып, жаштардын кызыкчылыктарын алдыга жылдырууга мүмкүндүк берет. Ал эми жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы өз кезегинде Кеңешти жергиликтүү деңгээлде жаштар саясатын калыптандырууда жана ишке ашырууда өнөктөш катары карай алат.

**Кеңештин негизги максаттары:**

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында шаардын/айылдык аймактын жаштарынын кызыкчылыктарынын коргоо;
- шаардын/айылдык аймактын жаштарынын ар тараптуу өнүгүүсүнө көмөктөшүү, алардын потенциалын ачуу жана ишке ашыруу, жаштарды активдүү коомдук, экономикалык жана саясий турмушка катыштыруу;
- шаардын/айылдык аймактын жаштарынын арасында активдүү жарандык позицияны, жергиликтүү жамааттын актуалдуу көйгөйлөрүн чечүүгө катышуу каалоосун, жаштардын көйгөйлөрүн чечүү маселелеринде өз алдынча жана жоопкерчиликтүү болууга калыптандыруу;
- шаардын/айылдык аймактын территориясында жаштардын демилге көтөрүүсүнө жана аны ишке ашырууга шарттарды түзүүгө көмөктөшүү;
- иш-чараларды координациялоо жана жаштардын көйгөйлөрүн чечүүдө шаардын/айылдык аймактын жаштар уюмдарынын жана жаштар формалдуу эмес бирикмелеринин (мектеп парламенттери жана студенттик өз алдынча башкаруунун органдарын кошо) жаштардын көйгөйүн чечүүдө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттенүүсүн координациялоо жана иштөөсүн камсыз кылуу.

**Кеңештин негизги милдеттери:**

– жаштар саясаты чөйрөсүндө жана жаштардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын козгогон маселелер боюнча маалыматтык жана консультативдик ишти жүзөгө ашыруу;
– жаштардын муктаждыктарына мониторинг жүргүзүү жана көйгөйлөрүн талдоо, социалдык иликтөө жүргүзүү;
– жаштардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын ишке ашыруу чөйрөсүндө, ошондой эле жергиликтүү өнүктүрүүнүн стратегияларын иштеп

чыгууда максаттуу жергиликтүү программаларды долбоорлоо боюнча жана долбоорлор боюнча сунуштарды киргизүү;

– жергиклитүү коомчулуктун социалдык, саясий жана экономикалык көйгөйлөрүнүн натыйжалуу чечимдерин издөө боюнча жаштарды активдүү иштөөгө тартуу;
– шаардын/айылдык аймактын жаштары менен дискуссияларды, тегерек столдорду, семинарларды, коомдук саясий лидерлери, мамлекеттик жана жергиликтүү бийлик органдарынын кызмат адамдары менен жолугушууларды өткөрүү;
– жаштар чөйрөсүндө социалдык терс көрүнүштөрдүн пайда болбоосунун алдын алуу;
– жаштардын жарандык-атуулдук өнүгүүсүнө көмөк көрсөтүү, ошондой эле сергек жашоо мүнөзүнө жана кошумча билим алууга жана маданияттуулукка тартуу;
– райондук жана облустардын башка аймактарынын кеңештери, коомдук уюмдары жана кыймылдары менен өз ара аракеттенүү.

*10-сүрөт. Жаштар иштери боюнча Консультациялык кеңештин курамы боюнча сунуштар*




Кеңештер же ушул сыяктуу формалдуу жана формалдуу эмес жаштар бирикмелери жаштардын муктаждыктарын жана керектөөлөрүн аныктоо процессинде активдүү «оюнчулар» боло алышат. Алар жаштардын муктаждыктарын жана керектөөлөрүн аныктоо процессин өз алдынча башташат же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын атынан кандайдыр бир “буюртма” ала алышат.

Ошол эле учурда Кеңеш бул маселеде бир топ эле жигердүү иш алып бара алат, анткени Кеңештин курамына жергиликтүү кеңештердин өкүлдөрү кирет, алар кийинчерээк жаштардын муктаждыктарын жана керектөөлөрүн аныктоонун натыйжасында көтөрүлгөн маселелер боюнча маанилүү стратегиялык чечимдерди кабыл алуу зарыл болсо, жергиликтүү кеңештин алдында жаштардын кызыкчылыктарын илгерилетүүгө көмөктөшөт.

**ПРАКТИКАЛЫК МИСАЛ**
**Жаштар иштери боюнча Консультациялык кеңеш Таш-Көмүр шаарында аялдар футболун өнүктүрүүнүн кыймылдаткыч күчү катары**

Кыргызстан аялдар футболуна карата эч кандай дискриманияга дуушар болбогон өлкөлөрдүн катарына кирет, футболду өнүктүрүү массалык спорттун артыкчылыктуу багыттарынын бири болуп саналат. Бирок массалык футболду өнүктүрүүгө бөлүнгөн жергиликтүү бюджеттин чыгашаларынын басымдуу бөлүгү дагы эле эркектер жана эркек балдар командаларына кетип жатат.

2017-жылы Таш-Көмүр шаарында 15 гана кыз бала футбол ойногон, алар аралаш балдар командаларында гана ойногон. 2020-жылы футболдо 9 жаштан 15 жашка чейинки 60ка жакын кыз ойногон. Өспүрүмдөрдүн кесипкөй юниордук футбол командалары пайда болду, алардын курамы жалаң 13 жана 15 жаштагы кыздардан турган, алар абдан жогорку деңгээлде даярдыгын көрсөтүп, жеңишке жетүү мүмкүнчүлүгүн далилдешти. Мисалы, 2020-жылы футбол боюнча Кыргызстандын аялдар арасындагы чемпионатында Таш-Көмүр шаарынын «U-13» жана «U-15» командалары биринчи жана экинчи орундарды ээлешти.

Аялдар футболунун өнүгүшүнө түрткү болгон күчтөрдүн бири Таш-Көмүр шаарынын жаштар иштери боюнча Консультациялык кеңеши болду. Шаардын Консультациялык кеңешинин курамына көптөгөн активдүү жаштар өкүлдөрү кирди, алар жаштардын кызыкчылыктарына байланышкан ар кандай маселелерди көтөрө башташты.

Бул артыкчылыктуу маселелердин бири аялдар футболун өнүктүрүү болду. Бул маселени шаардык кеңештин алдында коюуну Консультациялык кеңештин мүчөсү, Таш-Көмүр шаардык кеңешинин депутаты, балдардын жана жаштардын сергек жашоо образына, аялдардын укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүнө чын дилинен кам көргөн Эрк ОРОЗБАЕВ колго алды.

Эрк ОРОЗБАЕВ буга чейин эле жаштардын кызыкчылыктарын колдоого алуу тажрыйбасына ээ болуп келген. Алсак, 2019-жылы шаардын мэриясы менен биргеликте иш алып баруунун аркысында, эки мини футбол аянтчасын курууга 2 млн 600 миң сом суммасында акча каражаттары, ошондой эле турнирлердин жеңүүчүлөрүнө каралган байге фондуна, форма жана спорттук инвентарь сатып алууга каражат бөлүнгөн.

Ал эми 2020-жылы Консультактиялык кеңеш ушул эле багытта иш алып барууну улантууну чечип, бирок дал аялдар футболун алдыга тартууну максат койгон.

Жаштар иштери боюнча Консультациялык кеңеш мэрия менен биргеликте ыкчам жана активдүү ишин баштады. Кеңеш мүчөлөрү жаштардын кызыкчылыгына тиешелүү көптөгөн маселелерди көтөрүп чыгышты. Балдардын жана жаштардын, айрыкча кыздардын эс алуусун уюштуруу эң эле маанилүү маселе болуп калды.

Консультативдик кеңеш мэрия менен биргеликте бир нече жыйын өткөрүп, жыйынтыгында мэрия шаардык кеңештин уруксаты менен спорт аянтчаларын курууга жер бөлүп берүүнү уюштурган. Ошондой эле шаардагы жаштар арасында спорттук мелдештерди уюштурууга жана массалык спортту өнүктүрүүгө мэрия тарабынан көмөк көрсөтүлдү.

Бул иш-чаралардын бардыгы балдар жана жаштар менен иштөөнүн бекитилген планына, ошондой эле Консультативдик кеңештин иш планына киргизилген.

Таш-Көмүр шаарынын мэриясынын кызматкери Гүлназ МАДЫЛБЕКОВАнын айтымында, жаштар иштери боюнча консультативдик кеңештин пайда болуусу менен, көп нерсе өзгөрдү: шаар бийлиги балдар жана жаштар менен бир топ жакын болуп калды, жигердүү жаштардын үнү угуларына ишенген жаштар алар өз шаарларынын маанилүү бөлүгү экендигине ишеништи.

Консультациялык кеңеш жергиликтүү саясатты иштеп чыгуу жана ишке киргизүү процессине жаштарды тартуу үчүн реалдуу жол болушу керек. Бул жолдор төмөнкүлөр:

- жаштар, активисттер, коомдук пикир лидерлери жана жаштар уюмдарынын өкүлдөрү менен жолугушууларды жана талкууларды уюштуруу. Бул талкуулар ачык жана регулярдуу түрдө болушу мүмкүн.
- Курамында жаштардын өкүлдөрү бар билим берүү, эмгек, эс алуу жана социалдык саясатка тиешелүү саясатты иштеп чыгуу жана талдоо үчүн жумушчу топторду түзүү. Жаштар сунуштамаларды иштеп чыгуу ишине тартылышы керек, бул сунуштамалар кийин бийликке берилет.

Реалдуу керектөөлөрдү чагылдыруу үчүн консультативдик кеңеш жаштардын көз карашын регулярдуу түрдө чогултуу үчүн натыйжалуу механизмдерди түзүшү керек, анын ичинде төмөнкүлөр бар:

- Сурамжылоолор жана анкеталар. Актуалдуу көйгөйлөрдү жана керектөөлөрдү аныктоо максатында жаштар арасында регулярдуу сурамжылоолорду өткөрүү. Бул онлайн жана оффлайн-анкеталар түрүндө да болушу мүмкүн.
- Онлайн-платформалар жана форумдар. Жаштардын сунуштарын жана пикирлерин топтоо максатында социалдык тармактарды жана атайын платформаларды колдонуу.
- Коомдук угуулар жана консультациялар. Жаштар жергиликтүү саясат долбоору боюнча өздөрүнүн сунуштарын жана сын-пикирлерин түздөн-түз билдирүүсү үчүн коомдук угууларды уюштуруу.

### 2.2.2. Биргелешкен мониторинг жана баалоо топтору

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жаштар саясатын ишке ашырууга биргелешкен мониторинг жана баалоо жүргүзүү жаштарды өнүктүрүүнү башкаруу жана жаштар саясатын ишке ашыруу процессинин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

ЖӨБ органдарынын деңгээлинде мониторинг жүргүзүүнүн жана баалоонун негизги принциби болуп жергиликтүү коомчулукту же анын айрым топторун, анын ичинде жаштарды тартуу болуп саналат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде мониторинг жана баалоо процессин уюштуруунун жалпы талаптары жарандарды жана алардын бирикмелерин тартуу менен жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө ЖӨБ органдарынын ишине биргелешкен мониторинг жана баалоо жүргүзүү жөнүндө типтүү жободо баяндалган.

Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө багытталган мониторингдин жана баалоо объекттеринин ишинин процесси жана натыйжалары биргелешкен мониторингдин жана баалоонун предмети болуп саналат. Аларга айылдык аймактын, шаардын (жаштар программаларын кошо) өнүктүрүү программаларын жана пландарын ишке ашыруу; жергиликтүү жана (же) республикалык бюджеттердин, эл аралык жана башка донордук уюмдардын, демөөрчүлөрдүн каражаттарынан жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен тыюу салынбаган башка булактардан финансылануучу жергиликтүү демилгелерди, долбоорлорду, программаларды ишке ашыруу кирет.

Биргелешкен мониторинг жана баалоо жергиликтүү кеңештин чечими менен түзүлүүчү жарандарды, алардын бирикмелеринин өкүлдөрүн жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүн камтыган биргелешкен мониторинг жана баалоо тобу (мындан ары – БМжБ тобу) тарабынан жүзөгө ашырылат. Жаштарга тиешелүү маселелер боюнча алып карасак, ЖӨБ органы жаштардын өкүлдөрүн жаштардын БМжБ тобуна киргизе алат жана киргизүүгө тийиш.

Жаштарды ЖӨБ органынын ишмердүүлүгүнө тиешелүү бардык маселелерге мониторинг жүргүзүү жана баалоо процессине тартуу зарыл. Биринчиден, жаштарда коомчулуктун турмушуна карата “менчик сезимин” тарбиялайт, эки жыныстагы жаш жарандар жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштерине “тартылат”; экинчиден, жаштар өз дараметин ишке ашырууга шарт түзөт, жергиликтүү кеңештердин жана белгилүү бир ЖӨБ

органынын муниципалдык кызматынын курамын толуктоо үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруунун келечектеги лидерлерин түзөт.

Биргелешкен мониторинг жана баалоо маалыматтык жана телекоммуникациялык системаларды жана технологияларды, анын ичинде Интернетти пайдалануу менен эл алдында жана ачык жүргүзүлүп жаткандыгына байланыштуу, мониторинг жана баалоо жүргүзүүгө жаштарды тартуу өзгөчө маанилүү.

**ПРАКТИКАЛЫК МИСАЛ**

**Google-формалар ЖӨБ органдарынын тапшыруусу боюнча жаштар жана өспүрүмдөр тарабынан жергиликтүү өз алдынча башкаруунун объектилерине жана кызматтарына биргелешкен мониторинг жүргүзүү үчүн ыңгайлуу жана арзан курал катары**

Жаштар командасы Жалал-Абад шаарынын жаштары үчүн веб-сайтты түзгөндөн кийин бул ресурстун жардамы менен жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө ЖӨБ органдарынын ишмердүүлүгүнө баа берүү идеясы пайда болгон. Жаштар командасы Жалал-Абад шаарынын вице-мэри менен жолугушуу уюштуруп, анда биргелешкен мониторинг жана баалоо мүмкүнчүлүктөрүн талкуулашты. Талкуунун алкагында биргелешкен мониторинг жана баалоо жүргүзүү үчүн объект – жакында эле оңдоп-түзөтүүдөн өткөн “Курманбек” спорт стадиону тандалды. ЖӨБ органы үчүн жүргүзүлүп жаткан оңдоо иштеринин сапатына балдардын жана жаштардын баасын билүү жана жаштардын стадионго болгон кызыгуусу жана күтүүлөрү кандай экенин түшүнүү маанилүү болду.

«Мэрия “Курманбек” стадионун жакында реконструкциялоо боюнча шаардык мэриянын ишинин сапатына мониторинг жүргүзүүнү жана баалоону сунуштады, анткени бул стадион шаардын бардык жаштары үчүн жагымдуу жай болуп саналат, стадионго жылына эки жыныстагы 120 миң жаш шаардыктар келет. Мэрия аталган стадионду реконструкциялоо үчүн олуттуу аракеттерди жасады: анын инфраструктурасы толугу менен жаңыланды. Эми негизинен жаштардын эс алуусун камсыз кылууга, спорттун ар кандай түрлөрү менен машыгуусуна багытталган иштин жыйынтыгын жаштар кандай баалап жатканын эми мэрия түшүнүүсү маанилүү болчу. Шаардын эки жыныстагы жаш спортчулары 28 алтын, 31 күмүш жана 36 коло медалга ээ болуп, спорттун ар кандай түрлөрү боюнча 96 байгеге ээ болушту. Ошондуктан мэрия жаштар командасы менен болгон жолугушууда, ЖӨБ органы кийин стадиондун иши боюнча сунуштарды жана сын-пикирлерди эске алуу үчүн, “Курманбек” стадионунун иши боюнча сурамжылоо жүргүзүүнү сунуштады», – деп социалдык маселелер боюнча вице-мэр Руслан АЛТЫМЫШЕВ баяндады.

Жаштар командасы Google-формаларынын жардамы менен электрондук анкета иштеп чыгып, аны өз сайтына жайгаштырышты. Андан соң шаар мэриясы менен биргеликте анкета бар баракчага шилтемени бардык мектептерге таратышты. Буга чейин мектеп директорлоруна окуучулардын WhatsApp-топтору аркылуу шилтемени таратуу сунушталган. Окуучулардан болгону шилтеме боюнча өтүп, смартфон же компьютер аркылуу суроолорго жооп берүү гана талап кылынган. Бир айдын ичинде биз 1000ден ашык жоопторду чогулта алдык.

Исмигүл АРЗУМАТОВА, 17 жашта, Жалал-Абад шаарынын жаштар командасынын мүчөсү, куралдын артыкчылыктары тууралуу кийинкилерди билдирди: “Биз кыска убакыттын ичинде 1060 респонденттин – шаарыбыздын 12 жаштан 22 жашка чейинки жаштарынын жана өспүрүмдөрүнүн пикирин чогулта алдык. Биз санариптик инструменттер менен иштөөгө үйрөнүп жаткан учурда, мен мындай сандагы респонденттерди кантип тарта аларымды элестете алган эмесмин, бирок сурамжылоо учурунда мен бул куралды колдонуу канчалык оңой экенин түшүндүм, анткени Google-формалар менен иштөө MS Word менен иштөөдөн кыйын эмес. Сурамжжылоонуну формасы “облакодо” сакталып, ага каалаган түзмөктөн кирүүгө болот – бул абдан ыңгайлуу, мисалы, телефонуңуз же компьютериңиз жок болсо жана сиз ата-энеңиздин телефондору аркылуу алыстан окуп жатсаңыз. Google-

формалар уюлдук телефонго ылайыкташтырылган. Телефонуңуздан же планшетиңизден формаларды түзүп, көрүп, түзөтүп жана жөнөтө аласыз. Google-формалар жооптор боюнча статистиканы чогултат жана кесипкөй түрдө форматтайт. Алынган маалыматтарды кошумча иштетүүнүн кереги жок, сиз дароо жыйынтыктарды талдай баштасаңыз болот».

Сурамжылоого катышкандардын көбү “Курманбек” стадионунда азыр эч кандай кемчиликтер жок экенин белгилешсе, ошол эле учурда сурамжылангандардын көбү стадиондо балдар аянтчаларын ачууну сунушташкан.

Дагы бир чоң топ душ жана кийим алмаштыруучу бөлмөлөрдү орнотууну сунуштаса, башкалары буюмдарды сактоочу шкафтардын жоктугун белгилеп, башкалары буюмдарды сактоочу шкафтардын жоктугун белгилеп, жогорку деңгээлдеги спорттук иш-чаралар үчүн кесипкөй тренерлер менен клубдарды жана секцияларды сураныштты. Мэрия үчүн бул стадионду келечекте жакшыртуу боюнча чечимдерди кабыл алуу үчүн баалуу маалымат болду.

Ушундай эле биргелешкен мониторинг жана баалоо көптөгөн муниципалитеттерде өттү: Талас районунун Кара-Буура ААда өспүрүмдөр айылдагы балдар аянтчаларынын сапатына жана жеткиликтүүлүгүнө баа беришти, Чүй облусунун Люксембург облусунда жаштар жаңы мини-футбол аянтчаларынын сапатына жана жеткиликтүүлүгүнө баа беришти, Чүй облусунун Юрьевский АА мектебинде мектептин парламенти жолдордогу коопсуздук жана ЖӨБ органдары койгон жол белгилеринин сапаты тууралуу мектеп окуучулары арасында сурамжылоо өткөрүштү.


Бардык топтордун ишинин натыйжасы болуп сурамжылоонун жыйынтыктарын жана сунуштарын презентациялоо жана ЖӨБ органы менен кырдаалды жакшыртуу жана кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жогорулатуу боюнча мындан аркы аракеттерди талкуулоо болду.

### 2.2.3. Бюджеттик процесске катышуу механизмдери

Жергиликтүү бюджеттерди пландаштыруу, иштеп чыгуу, аткаруу жана көзөмөлдөө процессине жарандарды жана уюмдарды, анын ичинде жаштар уюмдарын тартуунун ар кандай формалары жана ыкмалары бюджеттик процесске катышуу механизмдери болуп саналат. Бул мамлекеттик каражаттарды сарптоодо ачык-айкындуулукту камсыз кылат жана калктын реалдуу керектөөлөрүн эске алуу менен ресурстарды адилеттүү бөлүштүрүүгө жардам берет.

Бюджеттик процесске катышуу механизмдери жарандарга (анын ичинде жаштарга) алардын кызыкчылыктарын жана керектөөлөрүн эске алууну камсыз кылуу менен бюджеттик каражаттардын бөлүштүрүлүшүнө таасир этүүгө мүмкүндүк берет.

*11-сүрөт. Жарандардын жергиликтүү деңгээлде бюджеттик процесске катышуу мүмкүнчүлүгүнүн “терезелери”*




Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 126-беренесине ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жарандык бюджетти калкка жеткиликтүү

тилде түзүшөт жана аны ЖӨБ органынын расмий сайттарына, маалыматтык стенддерге ж.б. жайгаштырышат.

Жарандык бюджет Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 15-майындагы № 249 «Кыргыз Республикасынын бюджеттик ачык-айкындуулук чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө» токтому менен бекитилген Методикага ылайык түзүлөт.


Жарандык бюджет салык төлөөчүлөргө - жарандарга, анын ичинде жаштарга - бюджеттик процесс менен таанышууга мүмкүнчүлүк берет, алар жергиликтүү бюджеттин долбоорлорун түзүүгө качан жана кантип катыша алат, жергиликтүү бюджеттин кирешелери кайсы булактардан түзүлөт жана муниципалитет өз каражаттарын кандай милдеттерге багыттайт деген суроолорго жооп берет.

Эмне үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жарандарга мындай укук берилген? Биринчиден, жарандар салык төлөөчүлөр болуп саналат, ал эми мамлекеттик бюджеттин кирешелери салыктардан жана салыктык эмес төлөмдөрдөн түзүлөт. Мамлекеттик бюджет республикалык бюджеттен жана жергиликтүү бюджеттерден турат. Ошондуктан мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары салык төлөп жаткан жарандарга бюджеттик маалыматтарга жеткиликтүүлүктү камсыз кылууга милдеттүү.

Бюджеттик маалыматтын бирдиктүү форматын жайылтуу жана ЖӨБ органдарынын финансы-экономикалык бөлүмдөрүнүн жетекчилеринин ишин автоматташтыруу максатында «Жарандык бюджет» (https://gb.minfin.kg) веб-тиркемеси иштелип чыккан. Бул калкты маалымдоонун ыңгайлуу куралы, анткени анда заманбап технологиялар, инфографика жана диаграммалар колдонулат, бул татаал цифраларды жана таблицаларды жаштарга түшүнүктүү кылат.

Жаштарга бюджетти карап чыгып, онлайн режиминде өз сунуштарын берүүгө мүмкүнчүлүк берилди.

*12-сүрөт. «Жарандык бюджет-онлайн» платформасына скриншот (https://gb.minfin.kg)*[2]




2024-жылы жарандардын бюджеттик процесске катышуусу үчүн санариптик инструменттердин актуалдуулугу жогорулады. Административдик-аймактык реформанын натыйжасында көптөгөн муниципалитеттердин калкы көбөйүп, айрым айылдар чоңойтулган муниципалитеттин борборунан алысыраак болуп калган. Бул маалыматка, анын ичинде бюджеттик маалыматка жетүүнү камсыз кылуунун аралыктан ыкмаларына суроо-талапты жана актуалдуулугун жогорулатты. ЖӨБ органдарынын кызматкерлери баракчаларды таркатуунун жана үймө-үй кыдыруунун ордуна, алардын жана жарандардын убактысын үнөмдөө менен, «Жарандык бюджет» тиркемесинде жарандарга, анын ичинде жаш жарандарга багытталган бюджеттик маалыматтарды жайгаштырса болот.

Ал эми маалыматты жаңыртуу үчүн мессенджерлер аркылуу же социалдык тармактарга кулактандыруу жөнөтүү жетиштүү. Заманбап технологиялар да угууларды онлайн режиминде өткөрүүгө мүмкүндүк берет.

**ПРАКТИКАЛЫК МИСАЛ**
**Бюджет боюнча онлайн-форматтагы коомдук угуулар**

Учурда жарандардын, анын ичинде жаштардын бюджеттик процесске катышууда авктивдүүлүгүнүн төмөндүгүнүн эске алуу менен, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2022-жылдын 14-майындагы №84-П буйругу менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын жергиликтүү бюджеттери боюнча коомдук бюджеттик угууларды уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикасынын” (мындан ары – Методика) жоболорун эске алуу менен, 2024-жылдын июль айында Ысык-Көл районунун Шайыбек-Ата жана Тору-

[2] ЖӨБ органынын бюджеттик маалыматтарын көрүү үчүн тизмеден анын аталышын гана эмес, бюджеттин түрүн (бюджеттин аткарылышы, бюджеттин долбоору, бекитилген бюджет), ошондой эле кызыктырган жылды да тандоо керек.

Айгыр-Тамчы муниципалитеттери Google Meet (Google компаниясы тарабынан иштелип чыккан видео-телефон байланыш жана видеоконференция сервиси) аркылуу онлайн-катышууну ийгиликтүү апробациялашты.

Бул курал Шайыбек-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы Уланбек АБДЫРАХМАНОВ менен ФЭОнун башчысы Жаңыл ҮЧКЕМПИРОВАнын айтымында, аймактын тургундарынын мүмкүн болушунча көбүрөөк катышуусун камсыздоодо айыл өкмөт кызматкерлеринин ишин бир топ жеңилдетти. Ошентип, ар кандай себептерден улам угууларга катыша албаган тургундар онлайн-режимде катышышты (Методиканын 6-главасы, 16, 18-пункттары, 8-глава, § 2, п. 47, 48). Мындай формат угуулар өткөрүлүүчү мезгилди эске алуу менен өзгөчө актуалдуу болуп калат – мисалы, жай айларында, көптөгөн айыл тургундары айыл чарба жана курорттук жумуштар менен алек болгон учурда, ошондой эле жаштар убактылуу жумушка кетүүдө, ден соолугуна байланыштуу чектөөлөргө дуушар болгон, эмгек өргүүсүнө чыккан кырдаалдарда ж.б.

Google Meet (угууларды түз трансляциялоо) аркылуу угуулар учурунда аймактын жашоочуларына ыңгайлуу болушу үчүн “Жергиликтүү коомчулуктун жарандык бюджети” (https://gb.minfin.kg) адистештирилген интернет-тиркемеси да колдонулду, ал аркылуу тургундар келерки жылдын жергиликтүү бюджетинин долбоору жана жергиликтүү бюджеттин отчету менен тааныша алышты.

Жаңы технологиялар бюджет боюнча коомдук угуулар менен жарандардын камтылышын жогорулатууга мүмкүндүк берди. Алсак, Шайыбек-Ата АӨ боюнча онлайн угууларга кошумча 70ке жакын адам, Тору-Айгыр-Тамчы АӨ боюнча 60ка жакын катышуучу кошулду. Бул уникалдуу практика иш-чарага келе албаган коомдук угууларга катышууга биринчи мүмкүнчүлүк түздү. Онлайн-режимде берилген бюджеттин долбоору боюнча сунуштар жана суроолор башка сунуштар менен бирге иш-чаралардын протоколунда чагылдырылды.

Практика көрсөткөндөй, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары бир гана коомдук бюджеттик угууларды эмес, айыл аймагынын көйгөйлөрүн, социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасын талкуулоо жана айылдык кеңештердин сессияларын талкуулоо үчүн айылда жыйындарды өткөрүүдө заманбап санариптик технологиялардын мүмкүнчүлүктөрүн кыйла ийгиликтүү пайдалана алышат.

Заманбап санариптик технологиялар кызмат көрсөтүү ыкмаларын гана өзгөртпөстөн, жарандык укуктарды ишке ашыруу, маалымат алмашуу жана коомдук пикирди изилдөө үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү жаратууда.

### 2.3. Өспүрүмдөрдү жана жаштарды өнүктүрүү үчүн кызматтарды уюштуруу түрлөрү жана жолдору

ЖӨБ органдарынын карамагында турган жергиликтүү маанидеги маселелердин арасынан дээрлик бардыгы кандайдыр бир жол менен жаштардын кызыкчылыктары жана керектөөлөрүнө тийиштүү. Ушул колдонмонун контекстинде кызматтарды шарттуу түрдө үч категорияга бөлүп караса болот:

- бүткүл калк үчүн маанилүү болгон, бирок жаштарга өзгөчө таасир тийгизиши мүмкүн болгон инфраструктуралык кызмат көрсөтүүлөр (мисалы, үйдө суунун жоктугу үй-бүлөнүн жаш мүчөлөрүнө таасир этет, алар чака менен суу ташууга убакыт жана күч жумшашат);
- өнүктүрүү кызматтары[3] – маданият, эс алуу, спорт, китепкана, кружоктук ишмердүүлүк;
- коомдук мейкиндик – жамааттагы ар кандай топтордун социалдык алакалашуусу жана өздүк өнүгүүсүнө арналган жайлар.

[3] Мыйзамда жана адабиятта “өнүктүрүү кызматтары” аталыштагы аныктама жок, бул аныктама ушул колдонмонун максаттарын көздөө үчүн киргизилүүдө.

Инфраструктуралык кызматтар, аларды уюштуруу жана көрсөтүү тиешелүү ченемдик укуктук актыларда жана колдонмолордо жакшы жана кылдат баяндалган. Жаштар саясаты үчүн дагы эки категория чоң мааниге ээ: өнүктүрүү кызматтары жана коомдук мейкиндиктер. Өспүрүмдөрдү жана жаштарды өнүктүрүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде кошумча билимге, кесиптик өсүүгө, маданий, спорттук жана социалдык ресурстарга, иш-чараларга жеткиликтүүлүктү камсыз кылууга багытталган жергиликтүү маанидеги маселелер болуп саналат.

Бул кызматтарга маданий-агартуу жана жаштар борборлорунун иши, тренингдерди, мастер-класстартарды өткөрүү, маданий жана спорттук иш-чаралар, ошондой эле жаштарды жергиликтүү коомдук турмушка тартууга көмөктөшүүчү долбоорлорду ишке ашыруу кирет.

Мындай кызматтарды уюштуруу «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен жөнгө салынат, анда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жаштардын кызыкчылыгында программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу укуктары каралган.

Мындан тышкары, «Жаштар саясаты жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы жаштарды колдоонун мамлекеттик принциптерин аныктайт, ал эми жергиликтүү кеңештердин жергиликтүү регламенттери аймактык деңгээлде ишке ашырылып жаткан конкреттүү иш-чараларды жана программаларды тактайт.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде жаштарды өнүктүрүү кызматын уюштуруу бир катар негизги милдеттерди чечүүгө мүмкүндүк берет. Бул жаштардын билим деңгээлин жана кесиптик даярдыгын жогорулатууга, жумушсуздукту, өзгөчө айыл жеринде минималдаштырууга, коомдук биримдикти чыңдоого жана жаштар арасындагы укук бузуулардын деңгээлин төмөндөтүүгө өбөлгө түзөт. Кызматтар ошондой эле жергиликтүү коомчулуктун өнүгүшүнө салым кошууга жөндөмдүү активдүү жана аң-сезимдүү жаш муундарды калыптандырууда жардам берет. Жаштар үчүн кызмат көрсөтүүлөрдү алардын муктаждыктарына жараша түзүү керек.

Ошондой эле жаштардын демилгелерин жана социалдык стартаптарды колдоо программаларын иштеп чыгуу менен, аларга бизнес жана эл аралык уюмдар менен өнөктөштүк мамилелерди түзүүдө да колдоо көрсөтүү зарыл.

Муниципалитеттин аймагында жаштардын муктаждыктарына багытталган коомдук жайларды – жаштар борборлорун, клубдарды, спорттук комплекстерди, коворкингдерди түзүү билим берүү, консультациялык жана оюн-зоок кызматтарын көрсөтүү үчүн натыйжалуу аянтча болуп калат.

**ПРАКТИКАЛЫК МИСАЛ**

**Тепе-Коргон айылындагы жаштардын инновациялык борбору**

2022-жылы Ош облусунун Тепе-Коргон айыл аймагында ошол кезде жаштардын өнүгүүсү жана эс алуусу үчүн түзүлгөн аймактагы жалгыз жер болуп саналган “Демилге” Инновациялык жаштар борбору ачылган.



Аталган борбор аймактагы жумушсуз жаштардын көбөйүшүнө, эрте никеге туруугa жана көп сандаган үй-бүлөлүк чыр-чатактарга жооп болду. Аярлуу катмардагы жаштар, анын ичинде аялдардын 60%ы, обочолонуп, өз жамаатына начар интеграцияланып, таандыктык сезими жок, чечим кабыл алуу процесстерине катышпайт жана натыйжада радикалдык көз караштарга кабылышы мүмкүн.

Жаштар борборунун ачылышы “Жаш-Ниет”



коомдук бирикмеси айыл өкмөтү менен биргеликте (“Ынтымактуу Жашоо” долбоорунун колдоосу менен) ишке ашырып жаткан “Демге дем” демилгесинин максаты.

Борбор жаштарга билим берүү, медициналык, психологиялык жана социалдык кызматтарды алууда колдоо көрсөтөт, толук жабдылган компьютер бөлмөсү, тигүү цехи, ден соолук бурчу, ошондой эле астроном, химик бурчтары уюштурулган – бул билимдерди мектептен алууга мүмкүнчүлүгү жок бардык айыл аймактарынын окуучуларынын экскурсиялары кызыгуу менен келип көрүшөт.



Борбордун алдында алгачкы жардам көрсөтүү, бычуу жана тигүүжана IT акысыз курстары уюштурулган: «Учурда ар бир кружокто 15-20 адам окуп жатат, негизинен кыздар – биз ошондой эле жардамга муктаж болгон кыздар менен да иш алып барабыз: булардын катарында ишке муктаж болгон турмушунан ажырашып кеткен кыздар, зордук-зомбулукка кабылган кыздар бар. Айыл өкмөтү менен биргеликте Борбордун ишин улантууну каалайбыз, ошондуктан Борбордун жана тренерлердин ишмердүүлүгүн колдоо максатында курстарга жок дегенде минималдуу акыны киргизүүнү пландаштыруудабыз. Биздин максат – биздин окуучуларды өз эмгеги менен акча табууга үйрөтүү, өздөрүнө иштөөдө керек болгон негизги көндүмдөргө үйрөтүү», – деп “Демге дем” долбоорунун жетекчиси Нургүл КАРАЕВА айтып берди.

Борбордун базасында жаш активисттер кыздар жана аялдар үчүн компьютердик сабаттуулук тармагында тренинг өткөрдү – катышуучуларды компьютерди, видеобайланышты жана интернетти колдонуунун негиздерине үйрөттү.



**ПРАКТИКАЛЫК МИСАЛ**

**Аялдар жана кыздар үчүн фитнес-зал**

Аялдардын физикалык жана эмоционалдык саламаттыгына байланыштуу маселелер көбүнчө коом тарабынан каралбай келет. Мындай көрүнүш Нарын

облусунун Кочкор районуна караштуу Кара-Суу айыл өкмөтүндө да болгон, анда аялдардын дене тарбия жана спорт менен машыгууга шарты жана мүмкүнчүлүгү эч качан болгон эмес.

2024-жылдын январь айынан баштап Кара-Суу айыл аймагы Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырып жаткан USAIDдин «Ийгиликтүү аймак-2" долбоору менен активдүү кызматташууну баштады. Долбоор жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жергиликтүү деңгээлдеги кызматтардын сапатын жакшыртуу жана жергиликтүү бийлик менен тургундардын ортосундагы диалогду өнүктүрүү аркылуу калктын бакубатчылыгын жогорулатууга көмөгүн көрсөтөт.

Жазгүл ЖУМАЛИЕВА, жергиликтүү кеңештин депутаты жана мектеп мугалими, бул демилгеде өзүнө жетектөөчү ролду алды. Айыл өкмөтү жергиликтүү деңгээлде кызматтарды уюштуруунун планын иштеп чыгып, ал планга артыкчылыктуу маселелер катары фитнес кызматы кирди. Ошондой эле айыл өкмөтү кызматтарды аткаруучулардын иш шарттарын аныктап, ачык конкурстук тандоо уюштурган, мында Жазгүл катышып утуп алган.

Жазгүл айыл өкмөттүн адистерине Кочкор райондук өнүктүрүү фондунун талаптарына ылайык өтүнмө даярдоого жардам берди. Ийгиликтүү толтурулган өтүнмөнүн аркасында Өнүктүрүү фондунан айыл өкмөткө спорттук жабдууларды жана инвентарларды сатып алууга 705 миң сом акча каражаты бөлүнгөн. Өз кезегинде жергиликтүү кеңеш демилгени колдоп, дагы 100 миң сом бөлүп берип, фитнес секциясына арнап жергиликтүү коомдук борбордун имаратынан кенен бөлмө берди.

Аялдардын фитнес-борбору расмий түрдө 2024-жылдын 15-апрелинде ачылды. Биринчи күнү 75 аял келип, кийинчерээк үч жаш курактык топко бөлүнүштү: 60тан жогору, 40тан 60 жашка чейин жана 18 жаштан 40 жашка чейин. Сабактар жумасына үч жолу эки сменада өтөт, бул ар кандай графиктерди эске алууга мүмкүнчүлүк берет.

Бүгүнкү күндө фитнес-борбор ар кандай курактагы айылдагы 70 аялдын ден соолугун чыңдоого, туура тамактануу боюнча билимге ээ болууга жана баарлашууда жардам берген сүйүктүү жана пайдалуу жай болуп саналат. Бул демилге Кара-Суудагы аялдардын бакубатчылыгын бир топ жакшыртып, жергиликтүү жетекчиликтин жана жамааттын колдоосунун таасирин көрсөттү.

Фитнес-борборго үзгүлтүксүз барган аялдар өздөрүн активдүү жана дени сак сезишет. Алардын көбү спорт менен алектенүү жана баарлашуу үчүн мындай жайга ээ болгондугу үчүн ыраазычылыгын билдиришти.

### 2.3.1. Өспүрүмдөрдү жана жаштарды биргелешип маалымдоо

Өспүрүмдөрдү жана жаштарды биргелешип маалымдоо – бул алардын өнүгүүсү, коомдук турмушка катышуусу жана чечимдерди кабыл алуусу үчүн зарыл болгон маалыматка жетүүнү уюштуруу процесси. Изилдөөлөр (ушул колдонмонун 1.2-бөлүмүн караңыз) көрсөткөндөй, Кыргыз Республикасынын ар бир бешинчи жаш жараны өзүнүн шаарын же айылын көрктөндүрүү иштерине катышууну каалайт, бирок көпчүлүк учурда маалыматтын жетишсиздигинен улам катышпайт.

**Натыйжалуу маалымдоо ЖӨБ органы менен жаштар топторунун ортосундагы эки тараптуу байланышты камтыйт, анын жүрүшүндө жаштар маалымат гана албастан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз сунуштарын жана сын пикирлерин бөлүшөт.**

Жаштарды маалымдоо мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында турган "Маалыматка жетүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен жөнгө салынат, ал мамлекеттик органдарды ачык-айкын жана жеткиликтүү болууга милдеттендирет.

"Жаштар саясаты жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында да жаштарды маалымат алмашуу процесстерине тартууну камсыз кылуучу механизмдерди түзүү зарылчылыгы белгиленген. Мындан тышкары, жергиликтүү жамааттын уставдарында

жаштар менен маалыматтык ишти камсыз кылуу боюнча конкреттүү чаралар камтылышы мүмкүн.

Биргелешкен маалымат бизге өзүнүн укуктарын, мүмкүнчүлүктөрүн жана милдеттерин түшүнгөн, маалымдалган жана активдүү жаш муундарды калыптандырууга мүмкүнчүлүк берет. Бул жумушсуздук же коомго каршы иш-аракеттерге катышуу сыяктуу социалдык тобокелдиктерди азайтып, коомдун туруктуулугуна салым кошот. Маалымат аркылуу жаштар өздөрүн жергиликтүү коомчулуктун бир бөлүгү катары сезүүгө жардам берет, бул алардын жергиликтүү бийликке болгон ишенимин бекемдейт.

Жергиликтүү саясатта жаштардын муктаждыктарын эске алуу үчүн жаш муун үчүн ыңгайлуу жана жеткиликтүү байланыш каналдарын өнүктүрүү зарыл. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары маалыматты жайылтуу максаттары  үчүн социалдык тармактарды, мессенджерлерди, веб-сайттарды жана мобилдик тиркемелерди колдоно алышат. Жаштар менен түздөн-түз байланышты камсыз кылууда дайыма жолугушууларды, форумдарды жана семинарларды өткөрүү да маанилүү.

Айыл өкмөтүнүн веб-сайттарында жергиликтүү бийлик органдарынын ишмердүүлүгү тууралуу маалыматтар, жаңылыктар, кулактандыруулар, иш кагаздары жайгаштырылган. Веб-сайттар жергиликтүү администрацияга онлайн режиминде кайрылууларды жана суроолорду жөнөтүү мүмкүнчүлүгүн берет.

Буга кошумча, жаштардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн жайылтууга багытталган маалыматтык кампанияларды өткөрүү, анын ичинде өнүктүрүү программаларына, окуу курстарына, гранттарга жана сынактарга катышуу маанилүү. Биргелешкен маалымдоонун натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн ЖӨБ органдары жаштар уюмдары, коммерциялык эмес уюмдар жана окуу жайлары менен кызматташа алат.

Биргелешкен маалымдоону жергиликтүү саясатка интеграциялоо коммуникация инфраструктурасын өнүктүрүүгө финансылык ресурстарды бөлүүнү, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлерин жаштар менен иштөөнүн заманбап ыкмаларына үйрөтүүнү, көрсөтүлүүчү кызматтарды жакшыртуу үчүн пикирлерди үзгүлтүксүз талдоону камтыйт.

Мындай ыкма жаштардын өнүгүүсүнө жана алардын коомдук турмушка активдүү катышуусуна көмөктөшүүчү туруктуу маалыматтык чөйрөнү түзөт.

### 2.3.2. Жергиликтүү демилге (жергиликтүү бюджет, республикалык бюджет)

Кыргызстандын жергиликтүү жамааттары ар дайым жигердүү болуп, коомдук иштерден четте калбай, айылдын жана шаардын жашоо шартын жакшыртуу жаатында биргелешкен аракеттердин натыйжасында көп ийгиликтерге жетишти. Мындай активдүүлүк ар кандай формада болуп келген, алардын эң байыркысы ашар деп аталат. Донорлор тарабынан каржыланган инфраструктуралык долбоорлорго салым кошуу үчүн жарандардан акча чогултуу практикасы бар. Жарандар жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө айыл өкмөттөрү, мэриялар менен биригишип, иш-чараларга, ишембиликтерге, майрамдарга катышып келишкен. Эл жергиликтүү бийликтен көп нерсени талап кылып, бирок ошол эле учурда өз күчү менен да көп нерсени жасоого даяр болчу. Бирок жакынкы убакка чейин ЖӨБ органдары тарабынан жарандардын демилгелерин каржылоо мүмкүнчүлүктөрү чектелүү болчу, анткени бул өз ара аракеттенүүнү мыйзамдардын алкагына «батыруу» кыйын болгон.

Чечим 2019-жылдын сентябрь айында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиги (мындан ары – ГАМСУМО) “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы тарабынан жергиликтүү демилгелерди тандоонун жана каржылоонун тартиби жөнүндө”[4] типтүү жобону (мындан ары – ЖД жөнүндө жобо) бекиткенде табылган.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жергиликтүү демилгелерди колдоо жергиликтүү демилгелерди каржылоо жолу менен жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн, алардын бирикмелеринин, башка жеке жана юридикалык жактардын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө активдүү катышуусуна дем берүү максатында жүзөгө ашырылат.

Жергиликтүү демилге жөнүндө жободо жергиликтүү демилгелер деп жергиликтүү маанидеги бир же бир нече маселелерди чечүүгө багытталган жана жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү, алардын бирикмелери, башка жеке жана юридикалык жактар тарабынан демилгеленген долбоор, идея жана башка демилгелер түшүнүлөт.

Жергиликтүү демилгелерди каржылоо булактары болуп жергиликтүү бюджеттин жергиликтүү демилгелерин каржылоого бөлүнгөн каражаттар, эл аралык жана башка уюмдардын каражаттары, жеке жана юридикалык жактардын ыктыярдуу кайрымдуулук каражаттары, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка каражаттар саналат.

Жергиликтүү демилге (ЖД) жөнүндө типтүү жобо механизмдин негиздерин жана форматын аныктайт, бирок ар бир жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы типтүү жобонун негизинде ЖД жөнүндө өзүнүн жобосун иштеп чыгып, кабыл алышы керек.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын практикасында механизмди ишке ашыруунун, анын ичинде эс алууну уюштуруу чөйрөсүндө жаштар саясатын ишке ашыруунун бир катар мисалдары бар.

**ПРАКТИКАЛЫК МИСАЛ**

**Аламүдүн айыл аймагы калктын эс алуусун уюштуруу боюнча тургундардын демилгесин колдоп, каржылап берди**

Жергиликтүү демилге (ЖД) жөнүндө жобону ишке ашыруу айыл өкмөтү тарабынан деталдуу ишке ашыруу планын иштеп чыгуудан башталып, жергиликтүү кеңеш өзүнүн токтому менен “Аламүдүн районунун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы тарабынан жергиликтүү демилгелерди тандоонун жана каржылоонун тартиби жөнүндө” жобону бекиткен. Кийинки этап – учурдагы кырдаалга талдоо жүргүзүү жана жергиликтүү маанидеги маселелерди аныктоо, бул маселелер боюнча жергиликтүү демилге сынагын жарыялоо пландаштырылган. Анализдин жыйынтыгында төмөнкү багыттар аныкталды: элдик көркөм өнөр чыгармачылыгынын өнүгүшүнө шарт түзүү; эс алууну уюштуруу үчүн шарттарды түзүү; дене тарбияны жана массалык спортту өнүктүрүү үчүн шарттарды камсыз кылуу. Андан соң ЖӨБ органы тарабынан жергиликтүү демилгелердин конкурсун өткөрүүгө 78,0 миң сом өлчөмүндө каржылоонун көлөмү аныкталган. Конкурстун жеңүүчүлөрү “Жаңы жылдык иш-чараларды уюштуруу” (жетекчилери Тамара ИСАКУНОВА жана Айнура МОЛДОЖАПАРОВА); “Маданий-эл алуу иш-чараларын уюштуруу” (Наталья БУБНОВАнын жетекчилиги астында) демилгелери. ЖӨБ органы конкурстун ар бир жеңүүчүсү мене жергиликтүү демилгени ишке ашыруу боюнча келишим түзгөн.

“Жаңы жылдык иш-чараларды уюштуруу” жергиликтүү демилгесине жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы тарабынан 39 миң сом бөлүнгөн. Тамара ИСАКУНОВА менен Айнура МОЛДОЖАПАРОВА өз тегерегине 20 пикирлешин, анын ичинде айылдын музыкант жана таланттуу жаштарын чогултту.

Жаңы жылдык кеченин сценарийин чогуу иштеп чыгышты. Жергиликтүү бюджеттен бөлүнгөн каражатка кошумча жергиликтүү ишкерлерден 40 миң сомго жакын колдоо чогултулду. Анын бир бөлүгу акча түрүндө, бир бөлүгү товар түрүндө болгон, мисалы ишкерлердин бири улуттук костюмдарды тигип берген.

Үн күчөткүч аркылуу активисттер жаңы жылы менен куттуктап, жаңы жылдык куттуктоолор жазылган баннер менен коздолгон “Портер” жүк ташуучу унаасы менен Аламүдүн айылынын көчөлөрүн аралап, оюн-зоокторго чакырышты. Бардыгы болуп 1650 адамга,

анын ичинен 360 эркек, 690 аял жана 600 балага жомок каармандары, ыр-бийлер жана жаңы жылдык белектер менен коштолгон костюмдалган жети оюн-зоок көрсөтүлдү.

Тамара ИСАКУНОВА оз ою менен бөлүштү: «Биздин түркүн түстүү улуттук кийимдерибиз жана элечектерибиз, жомок каармандарыбыз, театралдашкан оюн-зоокторубуз элдин эсинде көпкө чейин сакталат. Балдар өзгөчө сүйүнүп, биздин спектаклдерди суктануу менен көрүштү, алар үчүн бул чоң окуя жана чыныгы ачылыш болуп калды, анткени алар өз айылында биринчи жолу чыныгы майрамдык костюмдардын көргөзмөсүн көрүштү, анда чоңдор менен чогуу бактылуу болушту. Ата-энелер сезимдерин жашыра албай, бул майрам балдарды гаджеттеринен аз да болсо алаксытканын айтышты. Көптөгөн айылдыктар дал ушул тапта балдардын жана ата-энелеринин максималдуу катышуусу менен мүмкүн болушунча көбүрөөк ушуга окшош иш-чараларды өткөрүү зарыл экенин, бул ар улуттун өкүлдөрүн бириктирүүгө, ар кандай элдердин маданиятын бириктирүүгө жана ачып берүүгө жардам берерин айтышты.

Мындай иш-чараларды өткөрүү менен биз элибиздин каада-салттарын, үрп-адатын көрсөтө алдык, бул азыркы жашоо шартына байланыштуу улуттук маданиятыбызды бара-бара унутуп бараткан жаш муундарды тарбиялоого көмөктөшөт».

### 2.3.3. Мамлекеттик социалдык заказ


Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн жаштар менен биргелешкен долбоорлорду ишке ашыруу бөлүгүндө пайдалуу инструмент болуп мамлекеттик социалдык заказ (мындан ары – МСЗ) эсептелет. Бул республикалык жана/же жергиликтүү бюджеттен каржылоо менен камсыздалган, келишимдик мамилелерге негизделген, жүзөгө ашырууда юридикалык жактарды жана жеке ишкерлерди тартуу жолу менен калкка социалдык кызматтарды көрсөтүүгө же башка коомдук пайдалуу максаттарга жетүүгө багытталган республикалык, тармактык, региондук же муниципалдык социалдык программалардын бөлүгүн ишке ашыруу механизми.

**Маанилүү! МСЗ – бул башкаруу инструменти, анын жардамы менен ЖӨБ органынын атынан кардар мамлекеттик эмес аткаруучуга тармактардагы ар кандай иштердин аткарылуусуна буйрутма берет.**


МСЗ – бул өлкөдөгү социалдык көйгөйлөрдү чечүүнүн жаңы жолу. Эгерде мурда мамлекет социалдык көйгөйлөрдү салттуу түрдө – мамлекеттик мекемелерди (өзүнүн персоналы, тийиштүү имарат жайы бар болгон, мамлекеттик бюджеттен туруктуу каржылоо алган ж.б.) түзүү жолу менен гана чечүүгө аракет кылган болсо, анда мамлекеттик социалдык заказ системасынын механизми киргизилгенден кийин мамлекет социалдык көйгөйлөрдү альтернативалуу жол менен – туруктуу мекемелерди түзбөстөн – КЭУларга конкурстук негизде гранттарды берүү же мамлекеттик эмес жеткирүүчүлөрдөн социалдык кызматтарды сатып алуу аркылуу чечүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болду. Мамлекеттик социалдык заказдын алкагында мамлекет коом үчүн эң актуалдуу социалдык көйгөйлөрдү аныктайт жана бул көйгөйлөрдү чечүүгө каражат бөлөт. Эгерде мамлекеттик заказчы мамлекеттик кызмат көрсөтүү долбоорлорунун формаларынын бирин – коомдук пайдалуу долбоорлорду каржылоону тандаса, анда ал аймактык тескөөчүлөрдүн арасында конкурс жарыялайт, алар өз кезегинде аталган социалдык көйгөйлөрдү чечүү үчүн өздөрүнүн долбоордук сунуштарын түзүп, конкурстук комиссияга жиберишет.
Конкурстун жеңүүчүлөрүн аныктоодо конкурстук программанын максаттарына жетүүнүн сунушталган жолдорунун натыйжалуулугу, аймактык тескөөчүлөрдүн өзүнүн сунушталган долбоорун ишке ашыруу мүмкүнчүлүгү жана башка факторлор чечүүчү ролду ойнойт[5]. Көп

учурда, МСЗ алкагында ишке ашырылган кызматтар жана долбоорлор ыктыярчыларды тартуу жана КЭУлардын биргелешип каржылоосу менен бир топ натыйжалуу болот[6].

*13-сүрөт. МСЗ механизминин экономикалык жактан эффектидүүлүгүнүн факторлору*




*14-сүрөт. Мамлекеттик социалдык заказдын алкагында 2019-жылы ишке ашырылган долбоорлорду муниципалдык деңгээлде кошумча каржылоо, бенефициарлардын категориялары боюнча бөлүү, пайыздар менен*




Мамлекеттик социалдык заказ социалдык өнүгүүнүн кеңири киришине – системага “жоголгон” топторду киргизүүгө, жаңы топторду аныктоого мүмкүндүк берет. Ошентип, социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн даректүүлүгү жогорулады, анткени коомдук пайдалуу долбоорлордун аткаруучулары болгон КЭУлар  мамлекеттик заказчынын «колу жете албаган» алыскы жерлерге социалдык кызматтарды көрсөтө алышат. Мамлекеттик

социалдык заказ кызматынын бул мүнөзү ГАМФКСтын МСЗ программасынын мисалында айкын көрүнүп турат. Бүтүндөй Кыргыз Республикасында жаштар саясаты жана спортту өнүктүрүү саясаты үчүн жооптуу агенттиктин бул өнүгүүнү башкаруу боюнча инструменттери өтө чектелген. Мамлекеттик социалдык заказ агенттикке айыл жергесиндеги аялдарды жана кыздарды массалык спортко тартуу жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жаштардын физикалык активдүүлүккө катышуусун жогорулатуу маселелерин чечүүгө мүмкүндүк берет. Мындан тышкары, коомдук пайдалуу долбоорлор артыкчылыктуу багыт катары алыскы райондордо жана чек ара аймактарында колдоого алынган. Бул алыскы аймактарда жашаган жарандардын муктаж категорияларына социалдык кызмат көрсөтүү маселесин чечүүдө өзгөчө маанилүү. Майыптуулугу бар балдар жөнүндө сөз кыла турган болсок, алар жөн гана менталитеттин айынан социалдык коргоо системасынан четке чыгарылып калышы мүмкүн.

Тилекке каршы, Кыргызстандын айрым айыл аймактарында дагы эле ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар бар, алардын жөн гана кошуналарына көрсөтүшпөйт, алардын бүт өмүрү ата-энесинин үйү, короосу менен чектелет. Мамлекеттик социалдык заказ кызматынын аткаруучулары болгон коммерциялык эмес уюмдар мындай ондогон балдарды аныктап, аларды социалдык өнүгүү процессине киргизип, ата-энелерге керектүү документтерди тариздөөгө, жардам жана кызматтарды алууга көмөктөшкөн учурлар бар. Бирок адегенде ата-энелерди мындай аракеттер мүмкүн жана пайдалуу экенине ынандырыш керек болгон. Бул ата-энесинин камкордугусуз калган, акча табуу үчүн ата энеси мигрант болуп кеткен балдардын көйгөйүнө байланыштуу да актуалдуу. Туугандарынын колунда калган бул балдарды коргоонун расмий системасы “көрбөй” калышы мүмкүн, ал эми ЖӨБ органында аларды өз убагында аныктоого ресурс жетишсиз. Мындай учурларды өз алдынча же ыктыярчылардын жардамы менен аныктап, Мамлекеттик социалдык заказдын аткаруучулары болуп саналган КЭУлар жардамга келишет.

МСЗ жаңы социалдык кызматтарды түзүүгө, иштеп жаткан кызматтардын тизмегин кеңейтүүгө мүмкүндүк берет, анткени КЭУлар муктаждыктарга ыкчам жооп беришет жана натыйжада коомдук пайдалуу долбоорлордун тизмегинде мурда болбогон, бирок кыйла зарыл болгон жаңы кызмат пайда болушу мүмкүн.

Муниципалдык деңгээлде мамлекеттик социалдык заказдын тизмегиндеги социалдык кызматтарды көрсөтүүнүн эффективдүүлүгүнүн жогорулашы 11 муниципалитетте конкреттүү кызмат көрсөтүүгө муктаж болгон эки жарым миңден ашык жарандар (балдар жана ата-энелер, жаштар жана карылар, мугалимдер жана тарбиячылар) аны күтүлгөн сапатта жана көлөмдө[5] алышкан, ал эми мамлекеттик социалдык заказ кызматынын жок болгон учурунда аталган кызмат жеткиликтүү болгон эмес экендигинен көрүнүп турат.

Дагы бир мисал, 2019-жылы Ленин айылдык аймагында МСЗ жайгаштыруу тажрыйбасынан келип чыккан, ал жерде МСЗнын жардамы менен өспүрүмдөр үчүн өзүн-өзү өнүктүрүү курстары уюштурулган, анткени мурда айылдык өспүрүмдөрдүн көбү, экономикалык себептерден улам, бул кызматка акы төлөй алышпагандыгынан, бул кызматка жетүү акы төлөнүүчү тил курстары менен гана чектелип келген.

**ПРАКТИКАЛЫК МИСАЛ**

**Кара-Балта мамлекеттик социалдык заказ аркылуу үй-бүлөлөргө жардам берүүдө**

Кара-Балта шаары ыкчам түрдө чечүүнү талап кылган бир катар социалдык көйгөйлөргө туш келди. Эффективдүү инструменттерди издеп жатып, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мамлекеттик социалдык заказ (МСЗ) механизмине

кайрылышкан. Мындай ыкма 2019-2023-жылдарга шаарды Социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасынын (СЭӨП) бир бөлүгү болуп калды.

Мамлекеттик социалдык заказды ишке ашыруу шаар тургундарын, анын ичинде жаштарды жана шаардын аялуу катмарын тынчсыздандырган негизги көйгөйлөрдү аныктоо жана изилдөөдөн башталды. Калктын муктаждыктарын изилдөөнүн негизинде жарандардын беш жыйыны уюштурулуп, ага 150 адам катышты. Бул иш-чаралар жарандардын көңүл бурууну талап кылган муктаждыктары жөнүндө кеңири маалыматтарды чогултууга жана мындан аркы иш-аракеттерге багыт алууга негиз түзүп берди.

Андан соң коомдук угуулар өткөрүлүп, анда шаарды өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттары, анын ичинде МСЗнын иштелип чыккан программасы талкууланды. Талкууга Кара-Балта шаарынын 350 тургуну катышты. Атайын даярдалган бланктарда катышуучулар 100гө жакын суроо жана сунуштарын ташташты. Бул процесске ачык-айкындуулукту камсыздап, адамдарга чындап эле маанилүү болгон демилгелерди программанын мазмунуна кошууга мүмкүндүк берди.

Мамлекеттик социалдык заказды жүзөгө ашыруунун негизги этаптарынын бири болуп шаардык бюджеттен каржылоонун көлөмүн аныктоо болду. 800 миң сом бөлүнүп, бул каражат артыкчылыктуу багыттарга бөлүштүрүлдү. Негизги көңүл чордону калктын аярлуу катмарын колдоо, жаштар арасында психоактивдүү заттарды колдонуунун алдын алуу, ошондой эле зордук-зомбулукка кабылган аялдарга жана майып балдарга жардам көрсөтүүгө бурулду.

Сынакка эки КЭУдан өтүнмө келип түштү. Алардын ар бири жарандардын аярлуу катмарын, анын ичинде жеке камкордукка муктаж болгон улгайган адамдарды колдоо темасында долбоорлорду сунушташты. Тендердик комиссия эң ылайыктуу аткаруучуну тандоо үчүн сунуштарга деталдуу баа берди.

“Өзүңө ишен” коомдук фонду “Экспресс-жардам” долбоорун ийгиликтүү ишке ашырды. Бул долбоор шаардын социалдык чакырыктарына жооп болуп, турмуштук оор кырдаалга туш болгон көптөгөн тургундарга жардам берди: жардам сурап кайрылган ар бир үй-бүлөгө, алардын көйгөйлөрүнүн мүнөзүнө жараша, жекече жардам көрсөтүлдү.

Жалпы жонунан 320 үй-бүлөдөн 1172 адам жардам алды, алардын ичинен 637 адам чоңдор, ал эми 535 – балдар. Долбоордун катышуучуларынын арасынан үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккен 19 жаштагы кыз эң жаш бенефициарлардын бири болду.

«Экспресс-жардам» коомдук уюмдардын, мэриянын жана социалдык кызматтардын координацияланган аракеттери кризистик кырдаалдарга кантип натыйжалуу туруштук бере аларынын үлгүсү болуп калды. Бул долбоор Кара-Балта шаарынын жүздөгөн тургундарына жардам берип гана тим болбостон, калктын мамлекеттик социалдык заказ системасына болгон ишенимин бекемдеп, адамдарга болгон чыныгы камкордукту көрсөттү.

Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик социалдык заказ “Мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө” КР Мыйзамы аркылуу жөнгө салынат. Аталган мыйзам мамлекеттик социалдык заказды түзүүнүн, жайгаштыруунун жана ишке ашыруунун укуктук, уюштуруучулук жана каржылык негиздерин белгилейт.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлиндеги мамлекеттик социалдык заказ, ресурстарды натыйжалуу пайдаланууга жана учурдагы көйгөйлөргө даректүү жооп берүүгө мүмкүндүк берүү менен, жаштардын муктаждыктарын чечүүнүн маанилүү куралы болуп калышы мүмкүн. Бул механизм, жаштардын өнүгүүсү жана ыңгайлашуусу үчүн шарттарды түзүү менен, өсүп келе жаткан муундун өзгөчөлүктөрүн жана керектөөлөрүн эске алган программаларды жана долбоорлорду түзүү мүмкүнчүлүгүн берет.

Биринчиден, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы жаштардын өздөрүнүн, алардын ата-энелеринин, билим берүү мекемелеринин жана коомдук уюмдардын катышуусунда изилдөөлөрдү жана консультацияларды жүргүзүү аркылуу жаштардын актуалдуу көйгөйлөрүн изилдөөнү демилгелей алат. Бул сапаттуу билимге жетүү, жумушка орношуу, эс алуу жана социалдык турмушка аралашуу сыяктуу негизги муктаждыктарды аныктоого мүмкүндүк берет.

Алынган маалыматтардын негизинде аныкталган көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган мамлекеттик социалдык заказ программасын иштеп чыгууга болот. Мисалы, жумушка орношууда кыйналган жаштар үчүн санариптик платформаларды колдонуу менен талап кылынган көндүмдөрдү алууга жана жумуш табууга жардам берүү үчүн окутуу жана насаатчылык долбоорлорун уюштурууга болот. Психологиялык кыйынчылыктарга же, мисалы, психоактивдүү заттарды колдонуу сыяктуу социалдык коркунучтарга дуушар болгон жаштарды колдоо үчүн, психологдор менен иштөө, тренингдер жана маалымат кампаниялары сыяктуу алдын алуу программалары ишке ашырылышы мүмкүн.

Жаштар арасында суроо-талапка ээ болгон инфраструктураны түзүү же жакшыртуу үчүн ЖӨБ органдары ошондой эле мамлекеттик социалдык заказды колдоно алышат. Буга жаштар борборлорун, маданий жайларды ачуу, билим берүү жана эс алуу иш-чараларын уюштуруу кирет.

Мындай долбоорлор бош убактыларын иш менен камсыз кылуу маселесин чечип тим болбостон, жаштардын социалдык жактан биригүүсүнө да салым кошот. Ийгиликтин негизги аспектиси – бул долбоорлорду иштеп чыгууга жана ишке ашырууга жаштардын өздөрүн тартуу. Бул алардын идеяларын эске алууга, өз келечеги үчүн жоопкерчилигин жогорулатууга жана жамаатка таандык болуу сезимин жаратууга жардам берет.

Ошентип, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде мамлекеттик социалдык заказ жаштардын көйгөйлөрүнүн кеңири спектрин чечүүнүн ийкемдүү жана натыйжалуу куралы боло алат. Бул алардын учурдагы керектөөлөрүн канааттандырууга гана жардам бербестен, жаштарды активдүү коомдук турмушка тартуу, аларды социалдык-экономикалык прогресстин толук кандуу катышуучуларына айландыруу менен биргеликте, узак мөөнөттүү өнүгүүгө шарт түзөт.

# III Бөлүк. Канткенде жаштар жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштерине тартыла алат?

## 3.1. Мэрия жана айыл өкмөтү жергиликтүү жамааттын кандай кызматтары, маселелери жана көйгөйлөрү менен алек?

### 3.1.1. Маселелерди жергиликтүү жана мамлекеттик деп ажыратуу принциби

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу – эгерде анын компетенциясына эмнелер кириши керек экенин түшүнсүңүз, бул түшүнүктүү система. Кеп жергиликтүү маанидеги маселелер жөнүндө болуп жатат – көптөгөн өлкөлөрдө ЖӨБ органдарынын ыйгарым укуктары ушундай деп аталат. Коомдук кызыкчылык туудурган ар бир маселе же бүтүндөй коомго, же анын белгилүү бир бөлүгүнө тиешелүү. Демек, бир конкреттүү жергиликтүү жамааттын тургундарына гана тиешелүү суроолор жергиликтүү маанидеги маселелер болуп саналат. Мисалы, Бишкектин тургунун анын үйүнүн же кеңсесинин айланасындагы таштандылар тазаланып жатабы деген суроо тынчсыздандырат. Мисалы, Ноокатта таштандылар жыйналып жатабы деген маселе аны дегеле тынчсыздандырбайт. Бирок, эгерде улуттук курама команданын Олимпиададагы көрсөткүчү жөнүндө сөз кыла турган болсок, анда бул суроо жашаган жерине карабастан Кыргызстандын ар бир жаранын дээрлик бирдей тынчсыздандырат. Ошол себептен таштанды – бул жергиликтүү маанидеги маселе, ал эми олимпиадалык кыймылга катышуу – мамлекеттик маанидеги маселе. Мына ушинтип коомдук башкаруунун бардык маселелерин жергиликтүү жана мамлекеттик деп бөлүүгө болот. Бирок бул жерде чоң тузак бар – ал кызматтарга жетүү укуктарын коргоо аспектилери. Мисалы, оорулуу адам өзүнүн шаарында же айылында медициналык жардам же социалдык жөлөкпул ала аламбы деп тынчсызданышы мүмкүн, ал эми өлкөнүн калган бөлүгү бул тууралуу азыраак, керек болсо такыр эле ойлонбошу мүмкүн. Бирок бардык муниципалитеттердин өздөрүнүн финансылык жана экономикалык потенциалы ар башка жана мындай кызматтарга бирдей жеткиликтүүлүктү өз алдынча камсыздай алышпайт.

Демек, Конституцияда кепилденген адам укуктарына жана кызмат көрсөтүүлөргө жетүүгө байланышкан көптөгөн социалдык жана башка кепилдиктер жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын компетенциясына өткөрүлүп берилиши мүмкүн эмес жана аларды камсыз кылууну мамлекет өз мойнуна алынат. Бул принциптерди түшүнүү менен акылдуу жана натыйжалуу башкаруу системасын курууга болот деп көрүнгөндөй болот. Бирок иш жүзүндө татаал, комплекстүү көйгөйлөргө туш болгондо, аларды жергиликтүү жана мамлекеттик деп ажыратуу биз ойлогондой оңой эмес. Мисалы, зооэпидемиялардан коргонуу. Жаныбарлардан жугуучу ылаңдардын коркунучу жөнүндө кайсы бир аймактын тургундары гана тынчсызданышы керек деп ойлойбуз. Бирок оору же вирус административдик чек араны ылгабайт, ал башка аймакка оңой эле өтүп кетиши мүмкүн! Ошондуктан коопсуздук маселелери – биологиялык, саясий, азык-түлүк коопсуздугу болобу – дагы мамлекеттик маанидеги маселелер болуп саналат.

Кыргыз Республикасында маселелер Конституцияга жана мыйзамдарга, анын ичинде «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамына ылайык, жергиликтүү жана мамлекеттик болуп бөлүнөт. Бул принцип натыйжалуу башкарууну жана чечимдерди кабыл алууну камсыз кылган мамлекеттик бийлик органдары менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу (ЖӨБ) органдарынын ортосундагы ыйгарым укуктарды чектөөгө негизделген. Мындай чектөө

социалдык, экономикалык жана административдик маселелерди эффективдүү башкаруу жана чечүүнү камсыз кылат.

Мамлекеттик маселелер мамлекеттик маанидеги жана мамлекеттик бийлик органдары тарабынан жөнгө салынуучу тармактарды камтыйт. Аларга улуттук деңгээлде коргоо, улуттук коопсуздук, тышкы саясат, сот адилеттиги, салык системасы, мамлекеттик финансы, экономиканы жөнгө салуу жана айлана-чөйрөнү коргоо кирет. Бул функцияларды мамлекеттик органдар, алардын аймактык бөлүмдөрү жана агенттиктери аткарышат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу – бул мамлекеттик системанын атайын бөлүмү.

ЖӨБдүн негизги принциптери болуп төмөнкүлөр саналат:

1) маселелерди өз алдынча чечүү;
2) реалдуу мүмкүнчүлүк;
3) калктын алдында турган маселелерди өз кызыкчылыктарынын жана жоопкерчилигинин алдында чечүү.

Өз алдынчалык калктын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарын түзүүгө катышуусун (жергиликтүү кеңештерге депутаттарды шайлайт) жана анын жетекчилерин көзөмөлдөрүн (ЖӨБ органдары жергиликтүү жамааттын алдында отчет берет) билдирет. ЖӨБ органдарынын кызмат адамдары жергиликтүү жамааттагы иштердин абалы үчүн жергиликтүү жамааттын алдында жооп беришет.

Реалдуу мүмкүнчүлүк жергиликтүү маанидеги маселелерди иштиктүү жана натыйжалуу чечүү үчүн финансылык, материалдык жана эмгек ресурстарынын болушун талап кылат.

КР Конституциясы "жергиликтүү өз алдынча башкаруу – жергиликтүү жамааттардын жергиликтүү маанидеги маселелерди өз кызыкчылыктарына жараша жана жоопкерчилик менен өз алдынча чечүүсүнүн Конституция менен кепилденген укугу жана чыныгы мүмкүнчүлүгү" деп белгилейт (2021-ж. 5-май. КР Конституциясынын 111-б.)

Жергиликтүү маселелер жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын компетенциясына кирет жана муниципалитеттердин тиричилигин камсыз кылуу менен байланышкан. Аларга коммуналдык чарбаны башкаруу, жашылдандыруу, суу менен камсыздоо, жергиликтүү транспорт жана аймактарды өнүктүрүү кирет. Мында ЖӨБ органдары өз аймагында мамлекеттик программаларды ишке ашырууга катыша алышат, бирок алардын негизги милдеттери жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө багытталган. Мындай ажыратуу ар бир аймактын өзгөчөлүгүн эске алууга жана ресурстарды мамлекет менен муниципалитеттердин ортосунда натыйжалуураак бөлүштүрүүгө мүмкүндүк берет.

### 3.1.2. Жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмеги

Аймактын тиричилигин, аны өнүктүрүүнү жана калкка зарыл социалдык-маданий кызматтарды көрсөтүүнү камсыз кылуу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары шарттуу түрдө категорияларга топтоого боло турган жергиликтүү маанидеги бир катар негизги маселелерди чечет.

***15-сүрөт.** Жергиликтүү маанидеги маселелер – ЖӨБ органдарынын ыйгарым укуктарынын чөйрөсү (мыйзамдарга ылайык маселелердин нумерациясы сакталган)*

**Жамааттын тиричилигин башкаруу**

- 1) тийиштүү аймактын экономикалык өнүгүүсүн камсыздоо, ошондой эле инвестицияларды жана гранттарды тартуу;
- 2) жеке менчикти башкаруу;
- 3) жергиликтүү бюджетти калыптандыруу, бекитүү жана аткаруу;
- 13) жергиликтүү маанидеги тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу тармагында көзөмөл;
- 15) жерди пайдалануу эрежелерин белгилөө жана шаар куруу жана архитектуралык нормаларды жана эрежелерди сактоону камсыз кылуу;
- 23) эркиндигинен ажыратуу менен байланышпаган жазаларды жана соттолгондорду кайра социалдаштырууга багытталган жазык-укуктук таасир этүүнүн мажбурлоо чараларын жана жазык-аткаруу мыйзамдарына ылайык аларга социалдык жардам көрсөтүүнү уюштуруу жана аткаруу;
- 24) ветеринардык-санитардык жана карантиндик жана чектөөчү иш-чаралардын өз убагында аткарылышын камсыз кылууга көмөк көрсөтүү;
- 25) аскердик эсепти жүргүзүү, аскердик кызматка чакырууну, запастык түзүлүштөрдү, ыктыярдуу запастык бөлүктөрдү жана мобилизациялык даярдыкты уюштурууга көмөк көрсөтүү;

**Инфраструктураны кароо жана өнүктүрүү жана тиричилик кызматтарын уюштуруу**

- 4) калкты ичүүчү суу менен камсыз кылуу;
- 5) калктуу аймактарда канализация системаларын жана тазалоочу курулмалардын ишин камсыз кылуу;
- 6) калктуу конуштарда муниципалдык жолдордун иште болуусун камсыздоо;
- 7) коомдук жайларда жарыктандырууну уюштуруу;
- 8) көрүстөндөрдүн ишин камсыздоо жана ритуалдык кызматтарды көрсөтүү;
- 9) коомдук пайдаланылуучу жайларды көрктөндүрүү жана жашылдандыруу;
- 10) парктар, спорттук курулмалар жана эл алуу жайларынын иштөөсүн камсыздоо, эс алууну уюштуруу үчүн шарттарды түзүү;
- 11) турмуш-тиричилик калдыктарын жыйноону, ташып чыгарууну жана утилизациялоону уюштуруу;
- 12) муниципалдык транспорттун иштөөсүн камсыздоо жана калктуу конуштардын чектеринде коомдук транспорттун ишин жөнгө салуу;
- 26) тийиштүү аймактарда жылуулук берүүнү уюштуруу жана камсыздоо;

**Адамды жана жамаатты өнүктүрүү**

- 14) жергиликтүү маанидеги китепканаларды уюштуруу жана ишин камсыз кылуу;
- 16) тийиштүү калктуу конушта жарнамаларды мыйзамда каралган тартипке ылайык жайгаштыруу;
- 17) коомдук тартиптин сакталышына көмөктөшүү;
- 18) көркөм эл өнөрчүлүгүнүн өнүгүүсүнө шарттарды түзүү;
- 19) балдар жана жаштарга арналган иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү;
- 20) дене тарбия жана массалык спортту өнүктүрүү үчүн шарттарды камсыздоо;
- 21) өзгөчө кырдаалдардын алдын алууга жана кесепеттерин жоюуга көмөктөшүү;
- 22) мыйзамда белгиленген тартипте үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо боюнча чаралардын комплексин ишке ашырууга көмөктөшүү.

Бул функциялар аймакты комплекстүү өнүктүрүүгө, калктын жашоо сапатын жакшыртууга жана туруктуу социалдык-экономикалык чөйрөнү түзүүгө багытталган.

### 3.1.3. ЖӨБ органдары жаштар үчүн уюштура ала турган кызматтардын тизмеги

Жергиликтүү жамаат жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына калктын бардык катмарына кызмат көрсөтүүнү уюштуруу милдетин жүктөдү. Бул кызмат көрсөтүүлөр жергиликтүү бюджет тарабынан алынуучу салыктар жана жыйымдар аркылуу же аткаруучуларга түз төлөмдөрдүн эсебинен каржыланат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин натыйжалуулугу алардын колдо болгон ресурстардын чегинде кызмат көрсөтүүнү эң мыкты уюштуруу жөндөмдүүлүгү менен аныкталат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде көрсөтүлүүчү кызматтардын көбү «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамдын 27-беренесинде аныкталган жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмесине киргизилген (жогорку бөлүмдү караңыз). Бул кызматтарды уюштуруу ЖӨБ органдарынын милдети болуп саналат, бирок мыйзамга ылайык, алардын бардыгы эле «муниципалдык кызмат» статусуна ээ эмес. Мисалы, коммуналдык кызматтар жарандык же тармактык мыйзамдар менен жөнгө салынат.

Кыргызстандагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жаштар үчүн алардын өнүгүүсүнө, социалдык интеграцияланышына жана өз дараметин ишке ашыруусуна көмөктөшүүчү кызматтардын кеңири спектрин уюштура алат. Жаштарга өз таланттарын ачууга жана маданий турмушка активдүү катышууга мүмкүндүк берген түрдүү иш-чараларды, анын ичинде чыгармачылык сынактарды, концерттерди, көргөзмөлөрдү жана фестивалдарды өткөрүү маанилүү багыт болуп саналат.

Спорт менен алектенүү да маанилүү роль ойнойт. Бул максатта спорттук секциялар уюштурулуп, колдоого алынып, заманбап аянтчалар курулуп, турнирлер, мелдештер өткөрүлүп, ден соолукту чыңдоого жана активдүү жашоо образын жайылтууга салым кошулууда.

Дагы бир маанилүү аспект – жаштардын пайдалуу билимге ээ болушуна жана эмгек рыногунун заманбап талаптарына жакшы ыңгайлашуусуна жардам берген финансылык сабаттуулук, IT көндүмдөрү, ишкердик, лидерлик жана башка суроо-талапка ээ болгон багыттар боюнча тренингдерди уюштуруу.

Айрыкча калктын аярлуу катмарындагы жаштарга, анын ичинде жетим балдарга, мигранттардын балдарына, аз камсыз болгондорго жана майыптыгы бар жарандарга өзгөчө көңүл бурулат. Алар үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөргө жана социалдык колдоого көмөктөшүүчү билим берүү жана коомго интеграциялоо программалары түзүлөт.

Ошондой эле жаштар коомдук пайдалуу долбоорлорду ишке ашырууга, экологиялык акцияларды өткөрүүгө жана карыларга жардам көрсөтүүгө багытталган ыктыярдуу кыймылдарга катыша алышат, бул жарандык активдүүлүктү жана жоопкерчиликти күчөтөт.

Интернетке кирүү мүмкүнчүлүгү бар китепканаларда заманбап жаштар мейкиндигин түзүү, билим берүү программалары жана мастер-класстар өзүн-өзү өнүктүрүү жана баарлашуу үчүн ыңгайлуу шарттарды түзөт.

Жумушка орношууга көмөк көрсөтүү үчүн бош орундардын жарманкелери, стажировка программалары, кесиптик курстар жана кеңештер уюштурулат, бул өз кезегинде жаштарга карьераны ийгиликтүү курууга жардам берет.

Маданий мурастарды сактап, жаңы муундарга өткөрүп берүүчү улуттук көркөм өнөр, музыка жана бий курстары аркылуу элдик көркөм кол өнөрчүлүктү өнүктүрүү дагы маанилүү.

Жаштарды чечим кабыл алуу процессине тартуу үчүн консультациялык кеңештер түзүлөт, анда жаштар идеяларын сунуштап, өздөрүнүн аймактарын өнүктүрүү стратегиясын иштеп чыгууга катыша алышат.

Бул чаралардын бардыгы жаштарды колдоого, жаңы мүмкүнчүлүктөрдү түзүүгө, аларды коомдук турмушка тартууга жана потенциалын ачууга багытталган.

### 3.1.4. Каржылоо булактары жана алардын чектелүүлүгү

Жергиликтүү коомчулук ар кандай булактардан каражат алат. Акыркы жылдары каржы агымы көбөйдү. ЖӨБ органдарына каржылоону, өзгөчө конкурстук негизде бөлүштүрүлгөн ресурстарды алууга көмөк көрсөтүү маанилүү, анткени мындай конкурстар, эреже катары, жарандардын катышуусун, кээде жарандардын материалдык салымын да талап кылат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин каржылоо булактары катары республикалык бюджет, жергиликтүү бюджет, мамлекеттик инвестициялык программа, дем берүүчү гранттар, региондук өнүктүрүү фонддору, жеке инвестициялар жана өнүктүрүү долбоорлорунун инвестициялары (донорлор) болушу мүмкүн.

*16-сүрөт. Жергиликтүү жамаатты өнүктүрүүнү каржылоо булактарынын түзүмү*




Республикалык бюджет – мамлекеттик органдардын жана аларга баш ийген бюджеттик мекемелердин милдеттерин жана функцияларын финансылык жактан камсыз кылууга арналган акча каражаттарынын жыйындысы. Республикалык бюджет жыл сайын Кыргыз Республикасынын мыйзамы менен бекитилет. Республикалык бюджеттен билим берүү жана саламаттыкты сактоо сыяктуу жергиликтүү коомчулукта мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр каржыланат. ЖӨБ органдары бул кызматтарга жана аларды каржылоого түздөн-түз таасир бере албайт. Ошондой эле республикалык бюджеттен капиталдык салымдар – объекттерди куруу жана капиталдык оңдоо да республикалык бюджеттен каржыланат. Капиталдык салымдарды пландаштыруу жана ишке ашыруу тиешелүү мамлекеттик органдар – министрликтер тарабынан жүзөгө ашырылат.

Жергиликтүү бюджет – бул айыл аймагынын жана шаардын жергиликтүү жамаатынын бюджети, аны түзүү, бекитүү, аткаруу жана көзөмөлдөө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жүзөгө ашырылат. Жергиликтүү бюджеттер жергиликтүү кеңештердин ченемдик укуктук актылары менен бекитилет. Жергиликтүү бюджет жергиликтүү

кызматтарды каржылайт, алар жогорудагы бөлүмдө баяндалат. Бул маселелерге байланыштуу ЖӨБ органдары менен байланышып, катышуунун ар кандай механизмдери аркылуу бул маселелерди чечүүгө катышууга умтулуу маанилүү.

Дем берүүчү (үлүштүк) гранттар – конкурстук негизде жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарына республикалык бюджеттен берилүүчү акча каражаты.
Ошол эле учурда жергиликтүү бюджеттерден, калктын төгүмдөрүнөн, жеке инвестициялардан же донорлордун төгүмдөрүнөн биргелешип каржылоо зарыл. ЖӨБ органдары долбоорду ишке ашыруунун толуктугу жана натыйжалуулугу жана каражаттардын максаттуу пайдаланылышы үчүн жоопкерчилик тартат, ошондой эле мамлекетке долбоордун аткарылышы жөнүндө отчет берет. Көптөгөн муниципалитеттер дем берүүчү гранттарды пайдалануу менен инфраструктуралык объектилерди: бала бакчаларды, спорттук имараттарды, суу менен камсыздоо системаларын, жолдорду жакшыртууга жетишти. Бирок мындай грантты алуу оңой эмес жана ЖӨБ башкаруу органына көп учурда өтүнмөнү даярдоодо жардам берүү талап кылынат.

Республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджеттерге берилүүчү гранттын дагы бир түрү – теңдөөчү гранттар. Бул каражаттар өз функцияларын толук аткаруу жана кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу үчүн жергиликтүү салыктардан түшкөн өздүк кирешеси жетишсиз болгон ЖӨБ органдарына берилет (финансылык тил менен айтканда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын милдеттери чыгаша ыйгарым укуктар деп аталат). Теңдештирүүчү гранттарды алган ЖӨБ органдарын (аларды “дотациялык” деп да аташат) “бай” жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын “мойнунда отурган” “бекерпоздор” же “аз айлык алгандар” катары кабыл албаш керек. Мындай “аныктамаларды” башкаруу органдарына карата пайдалануу туура эмес, анткени алардын аракеттери мыйзамдар менен чектелет; алар аймагынын экономикалык дарамети жөндөмдүү болгон чегинде киреше алышат. Аймактар, саясатчылардын эркине карабастан, ар кандай мүмкүнчүлүктөргө ээ. Өндүрүш жана соода жанданган өрөөндөр, экономикасы дээрлик жок тоолуу аймактар бар. Саясатчылардын эркине карабастан, аймактар ар кандай мүмкүнчүлүктөргө ээ. Өндүрүш жана соода жанданган өрөөндөр, экономикасы дээрлик жок тоолуу аймактар бар. Бирок бул аймактарда жашаган жарандар мүмкүнчүлүктөр жана кызматтарга жеткиликтүүлүк жагынан бирдей укуктарга ээ болушу керек. Ошондуктан мамлекет жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына трансферттерди (теңдештирүүчү гранттар) берүү жолу менен теңдештирүү жүргүзүүгө аргасыз.

Донордук долбоорлордон жеке инвестициялар жана салымдар да бар. Жеке инвестициялар жагынан жагымдуу инвестициялык климатты – инвесторлор үчүн жакшы шарттарды түзүүдө жаштардын салымы маанилүү. Мисалы, жаштар айылдагы коомдук тартипти өз ыктыяры менен камсыздоону, бейбаштыкка, майда укук бузууларга жол бербөөнү камсыздай алышат. Көбүнчө жаштар талаш-тартыштарга жана инвесторлор менен тирешүүгө аралашат. Мындай талаш-тартыш болгон учурда ушак-айыңдарга берилбей, аны таркатпоо үчүн ишенимдүү маалыматты алуу жана жайылтуу маанилүү. Эреже катары, жергиликтүү бийлик инвестор менен диалогду, сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө аракет кылат – бул процессте жаштар маанилүү жана адекваттуу маалыматты жайылтууга көмөктөшүп, жарандардан сунуштарды чогултуп жана өз идеяларын сунуштоо менен салым кошо алышат.

Донордук долбоорлор тууралуу айтсак, мындай каржылоону алууда дээрлик дайыма жарандардын же жергиликтүү бюджеттин салымы талап кылынарын билүү маанилүү. Жаштар өз мекендештерин долбоорду ишке ашырууга катышууга ынандыруу менен салымдарды тартуу процессинин “локомотиви” боло алышат.
Донордук каржылоо эки түргө же учурларга бөлүнөт. Биринчи учурда грант жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына берилет, бул ЖӨБ органы долбоордун натыйжаларынын туруктуулугу үчүн жоопкерчилик тартат дегенди билдирет. Экинчи учурда, каражат

жарандарга жана алардын демилгелүү топторуна, анын ичинде жаштар топторуна берилет. Жаштар көп учурда перспективдүү жана креативдүү долбоордук идеяларды ойлоп табышат, бирок алар мындай долбоордун жыйынтыгынын орто жана узак мөөнөттүү туруктуулугун дайыма эле түшүнө беришпейт. Ошондуктан жаштар топтору өз долбоорлорун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын катышуусу менен иштеп чыгып, төмөнкү маселелерди кылдаттык менен карап чыгышы керек:

- донордук каржылоо аяктагандан кийин натыйжаларды кармап туруу үчүн долбоор чыгашаларды талап кылабы?
- эгерде кийинки чыгымдар талап кылынса, аларды ким көтөрөт?
- жергиликтүү бюджеттин мындан аркы салымы керекпи? Жергиликтүү бийлик бул салымды кошууга макулбу жана долбоордун идеясы, маңызы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын компетенциясына киреби?
- донордук каржылоо аяктагандан кийин чыгымдарды жабуу үчүн жергиликтүү бюджетте жетиштүү каражат барбы?

Жергиликтүү деңгээлдеги долбоорлорду ишке ашыруунун көптөгөн тажрыйбалары жогорудагы маселелер кылдаттык менен иштелип чыкпаса, мындай долбоорлордун натыйжалары туруксуз экенин көрсөттү. Жаштардын топтору ар кандай долбоорду иштеп чыгуунун баштапкы этабында финансылык туруктуулуктун аспектилерин эсепке алуусу зарыл.

## 3.2. Жаштардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусунун максаты эмнеде? Социалдык адилеттүүлүк жана өнүктүрүү жаатындагы кандай маселелер жаштардын көңүл буруусун талап кылат?

### 3.2.1. КРдагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасынын түзүлүшүн түшүнүү жана келечектеги карьера

Кыргыз Республикасындагы жаштары үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасынын түзүмүн так түшүнүү маанилүү, анткени бул аларга өз муниципалитеттеринин өнүгүшүнө таасир этүүгө жана алардын жашоосуна түздөн-түз таасир этүүчү чечимдерди кабыл алуу процессине катышууга мүмкүнчүлүк берет. Бул жергиликтүү деңгээлде ар кандай мамлекеттик кызматтарды уюштуруу жана көрсөтүү: эс алуу мүмкүнчүлүгү, спорттук инфраструктураны жана маданий иш-чараларды өнүктүрүү сыяктуу маселелерге таасир этүүгө мүмкүндүк берет. Жаштар өздөрүнүн муктаждыктарын билдирип гана тим болбостон, өз аймагындагы жашоо шарттарын жакшыртуу боюнча натыйжалуу чечимдерди сунуштай алышат. Мындай катышуу ошондой эле лидерлик сапаттарды өнүктүрүүгө, чечим кабыл алууга, командада иштөөгө жана жарандык жоопкерчиликти күчөтүүгө жардам берет. Чечимдерди кабыл алуу процесстерине жаштар канчалык көп тартылса, бул чечимдерде алардын кызыкчылыктары жана муктаждыктары эске алынарынын мүмкүндүгү ошончолук жогору болот.

Мындан тышкары, жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуу жаштарга өздөрүнүн жаңы идеяларын жана инновациялык ыкмаларын кошууга мүмкүнчүлүк берет, бул социалдык жана экономикалык маселелерди чечүүдө абдан маанилүү. Бул ошондой эле жаштардын жакшы жашоо издеп миграцияга кетүүсүнө жол бербөөгө жардам берет, анткени жаш жарандар жеринде өнүгүүнүн реалдуу мүмкүнчүлүктөрүн көрүп, өздөрү өзгөрүүгө шарт түзө алышат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун түзүмүн жакшы түшүнгөн жаштар үчүн ар кандай карьералык мүмкүнчүлүктөр ачылат. Бул ар бир карьераны өнүктүрүүдө кийинчерээк зарыл болгон фундаменталдык билимди түзөт. Бир караганда, жергиликтүү өз алдынча

башкаруу системасын түшүнүү өзүнүн келечегин мамлекеттик же муниципалдык кызмат менен байланыштырган жаштар үчүн гана пайдалуу болуп жаткандай. Бирок бул андай эмес.

Бул жерде ийгиликке жетүү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жана мамлекеттик башкаруунун негиздерин түшүнүү жана билүү зарыл болгон адистиктердин кыска жана толук эмес тизмеси: саясатчылар (депутаттар, президенттер); мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер; ишкерлер; укук коргоо органдарынын кызматкерлери; министрден жана мектеп директорунан баштап аптека башчысына чейинки менчиктин бардык түрүндөгү уюмдардын жетекчилери; окумуштуулар (социалдык, саясий, экономикалык илимдер, анын ичинде тарыхчылар, этнографтар, маданият таануучулар); куруучулар жана архитекторлор ж.б.

*17-сүрөт. Ийгиликке жетүү үчүн ЖӨБ жана мамлекеттик системаны билүү талап кылынган карьера түрлөрүнүн тизмеси (толук эмес)*




Жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасын түшүнүү күч органдарында – милицияда, чалгындоодо иштөөнү каалагандар үчүн зарыл. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын жана жергиликтүү жамааттарды билүү, алардын өз ара аракеттенүү түзүмүн түшүнүү бизге аймактагы негизги адамдарды жакшыраак аныктоого жана алар менен так иштөөгө мүмкүндүк берет.

ЖӨБ системасын түшүнүү бизнес менен алектене тургандар үчүн зарыл. Өнүгүүнүн кайсы маселесине кайсы бийлик деңгээли жооптуу экенин, бул маселелерди ким аркылуу жана кантип чечүү керек экенин билүү ар бир ишкер үчүн маанилүү.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасын түшүнүү социалдык жана экономикалык илимдерди үйрөнүүнү пландап жаткандар үчүн өтө зарыл – реалдуу жашоо жана реалдуу экономика жергиликтүү жамааттардын деңгээлинде жүрүп жаткан

процесстер, кандай гана илимий теория болбосун, жамааттын деңгээлинде жана бийликтин биринчи жана эң жакын деңгээли болгон жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын колунда иштейт же иштебейт.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу тууралуу билимдер мамлекеттик кызматта карьера жасагысы келген жаштар үчүн өзгөчө баалуу болот – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына көмөк көрсөтүү тажрыйбасы келечекте мындай карьеранын өнүгүшүнө өбөлгө түзөт.

Жаштар менен жергиликтүү кеңештердин өз ара аракеттенүүсү да карьералык өсүш үчүн жакшы старт болуп калышы мүмкүн. Жаш жарандар депутаттардын жардамчысы, консультанттары, адистери болуп иштей алышат, ошондой эле социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын жана долбоорлорун иштеп чыгууга катыша алышат. Кеңештерде иштөө үчүн жергиликтүү көйгөйлөрдү билүү жана аларды чечүүнүн жолдорун таба билүү керек, бул келечектеги ар бир жетекчиге керек болот.

### 3.2.2. Адилеттүүлүктүн түрлөрү – социалдык, муундар ортосундагы

Адилеттүүлүктүн көптөгөн түрлөрү бар. Философтор жана укук таануучулар бул түшүнүктү өз нугуна ылайыктап классификациялашат, бирок ар бир адам өзүнүн күнүмдүк турмушунда адилеттүүлүк менен адилетсиздиктин фактыларын көрүп, эреже катары, адилетсиздик көрүнүштөрүн курч сезет.

**МААНИЛҮҮ! «Адль» (араб. عدل — адилеттүүлүк, адептүүлүк) же «Адиль» — ислам термини, кеңири мааниде адилеттикти жана чынчылдыкты туюнткан, инсанды адеп-ахлактык баалоо категориясын билдирет. Ислам теологу жана философу Абу Хамид аль-Газали (1058—1111) бул терминди ихсан (“ыклас”, “абийир”) түшүнүгү менен бирге колдонгон.**

Адилеттик менен адилетсиздикти кабыл алуу да жаш куракка байланыштуу. Көпчүлүк жаштардын адилеттүүлүк сезими күчтүүрөөк жана улгайган адамдарга караганда көбүрөөк байкалат.

Жаш жарандар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара аракеттенүүсүнүн контекстинде социалдык адилеттүүлүк жана муундар ортосундагы адилеттүүлүк өзгөчө мааниге ээ. Жаштар үчүн социалдык адилеттүүлүк жана муундар ортосундагы адилеттүүлүк түшүнүктөрү өзгөчө мааниге ээ, анткени бул принциптер алардын жашоо сапатына жана келечектеги мүмкүнчүлүктөрүнө түздөн-түз таасир этет.

Адилеттүүлүктүн бул түрлөрү жаштардын жашоосунда кандайча көрүнөөрүн конкреттүү мисалдар менен карап көрөлү.

*18-сүрөт. «Социалдык адилеттүүлүк» жана «муундар ортосундагы адилеттүүлүк» түшүнүктөрүнүн шарттуу мүнөздөмөлөрү*

| Социалдык адилеттүүлүк | Муундар ортосундагы адилеттүүлүк |
| --- | --- |
| Аймактын бардык жашоочуларына кызматтарга бирдей жеткилик | Таза айлана-чөйрөгө муундардын бирдей укутары |
| Жмуш орундарына бирдей жеткилик, эмгек дискриминациясынын жок болуусу | Муундардын жерге жана калктуу конуштарды кеңейтүүгө болгон бирдей укуктары |
| Билимге жана өнүгүү кызматтарына бирдей жеткилик | Муундардын жаратылыш ресурстарына болгон бирдей укуктары |
| Адилеттүүлүккө бирдей жеткилик | Лидерликке жана жетектөөгө бирдей укуктар |

Жаштар үчүн социалдык адилеттүүлүктүн негизги элементи кызмат көрсөтүүлөргө бирдей жеткиликтүүлүк болуп саналат. Мисалы, эгерде өлкөнүн бир чөлкөмүндө же аймагында каржылоонун аздыгынан улам кошумча билимге (курстарга) жетүүгө чектөөлөр коюлса, бул аймактардын жаштары ыңгайсыз абалга кабылып, мүмкүнчүлүктөрүнүн чектелүүсүнө туш келет. Социалдык адилеттүүлүк бардык жаштардын социалдык статусуна же географиялык жайгашуусуна карабастан кызматтарды алууда бирдей мүмкүнчүлүккө ээ болушу керек дегенди билдирет.

Жаштар жумушка орношууда көбүнчө жашына же жынысына карата дискриминация көйгөйүнө туш болушат. Мисалы, жаш адам өзүнүн жетишсиз тажрыйбасы же жашы тууралуу стереотиптерден улам жумуш табууда кыйынчылыктарга туш болушу мүмкүн. Социалдык адилеттүүлүк бардык жаштардын социалдык абалына, жынысына жана башка факторлоруна карабастан, ишке орношуу, карьера куруу жана кесиптик өсүү үчүн бирдей мүмкүнчүлүккө ээ болушун талап кылат. Жаштар дагы медициналык кызматтарга жана социалдык коргоого бирдей мүмкүнчүлүккө ээ болушу керек. Мисалы, студенттер же аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдөн чыккан жаштар сапаттуу медициналык жардам алууда кыйынчылыктарга дуушар болушу мүмкүн, бул аларды ар кандай оорулардын алдында алсыз кылып коюшу мүмкүн. Социалдык адилеттүүлүк ар бир жаш адамдын экономикалык абалына карабастан медициналык тейлөөгө жана социалдык колдоого жеткиликтүү болушун талап кылат.

Экологиялык көйгөйлөр жана климаттын өзгөрүүсү жаштар үчүн өзгөчө маанилүү, анткени алар экологиялык көйгөйлөрдү чечүү узак мөөнөттүү кесепеттерге алып келе турган дүйнөдө жашашат. Мисалы, азыркы муун ресурстарды активдүү пайдаланып, жаратылышты булгаса, анда келечек муун, анын ичинде жаштар экологиялык абалдын начарлашынын шарттарында жашоого аргасыз болушат. Муундар ортосундагы адилеттүүлүк жаштардын таза жана дени сак айлана-чөйрөгө укугу бар экенин жана азыркы муундар келечек муундар үчүн айлана-чөйрөнү сактап калуу үчүн чараларды көрүшү керек дегенди билдирет.

Жаштар жашап жаткан экономикалык кырдаал азыркы муундар кабыл алган чечимдерден көз каранды. Эгерде азыркы муундар узак мөөнөттүү кесепеттерин эске албай, ресурстарды сарптаса, бул келечекте жаштарга экономикалык кыйынчылыктарды алып келиши мүмкүн. Мисалы, эгерде өкмөт мамлекеттик карызды кыскартуу боюнча чараларды кабыл албаса же туруктуу өнүгүүгө инвестиция салбаса, бул келечек муундар үчүн экономикалык көйгөйлөрдү жаратышы мүмкүн, азыркы каталар үчүн келечекте алар төлөшү керек болуп калат.

**Муниципалдык менчик жана муундар ортосундагы адилеттүүлүк**

Жерге жана ресурстарга болгон укук да муундар ортосундагы адилеттүүлүктү чагылдырат. Бош жерлер азайып баратат жана келечектеги муундардын жерге болгон укуктары ансыз да чектелүү. Өнүккөн жергиликтүү өз алдынча башкаруу кыймылсыз мүлктү жана жерди кошкондо, муниципалдык менчиктин чоң көлөмүнө ээ. Европа өлкөлөрүндө булар маданий мурастар, коруктар жана парктар болушу мүмкүн. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасы кадыресе калыптанган КМШ өлкөлөрүндө булар калктуу конуштардагы, көбүнчө борбордогу кымбат баалуу жерлер. Бул объектилерге карата саясат кандай болушу керек? Экономикалык көз караштан алганда, бул мүлктөрдү сатуу жана капиталды киреше алып келүүчү инструменттерге салуу чечими абдан жагымдуу көрүнөт. Бирок маселенин социалдык же руханий жагы бар. Бул мүлк азыр жашап жаткандарга гана эмес, кийинки муундарга да таандык. Ошондуктан ЖӨБ органдары көбүнчө урпактарга мурасты сактап, кыймылсыз мүлктүн жана жердин “алтын фондун” түзүшөт. “Алтын фонд” калктуу конуштарды өнүктүрүүнүн перспективалары жагынан да маанилүү. 50 жыл алдыга көз чаптыруу кыйын, бирок ошол келечекте муниципалитеттерге кандай жер жана канча көлөмдө керек болорун түшүнүү зарыл.

Муундар ортосундагы адилеттүүлүк улуу муундардын катачылыктарынын кесепетинен пайда болгон экономикалык жүктүн жаштардын мойна илинбөөсүн талап кылат. Жаштар өз кезегинде өсүү жана өзүн-өзү ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүнө укуктуу. Мисалы, улуу муун саясатта же бизнесте чечүүчү кызматтарды ээлеп, жаштарга карьералык өсүүгө шарт түзбөсө, бул муундар ортосундагы адилеттүүлүк принцибин бузат. Жаштар лидерлик кызматтарды ээлеп, алардын үнү эсепке алынуусуна жана мурунку муундар тарабынан түзүлгөн тоскоолдуктарга туш болбостон өнүгүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керек.

Жаштар азыркы учурдун социалдык жана экологиялык көйгөйлөрү менен келечек муундардын ортосундагы маанилүү байланыштыруучу звено болуп саналат. Мисалы, социалдык адилеттүүлүк жаштар үчүн билим жана сергек жашоо образы жеткиликтүү болушун талап кылат, ал эми муундар ортосундагы адилеттүүлүк бул ресурстардын келечектеги муундар үчүн түгөнүп калбасын жана бузулбасын камсыздайт.

Жаштар алар мурастап кала турган экологиялык жана экономикалык көйгөйлөрдү чечүүгө даяр болушу жана туруктуу келечекти түзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керек. Мындай чараларга саясатка катышуу, жаратылыш ресурстарын жоопкерчилик менен пайдалануу, социалдык адилеттүүлүк маселелерине активдүү катышуу кирет.

Бийликтин учурдагы муундары жаштардын тең укуктуулугу жана бирдей мүмкүнчүлүктөрү үчүн шарттарды түзүүнүн, ошондой эле келечек муундар экологиялык жана экономикалык кризисти мурастап албоосунун камын көрүүсү маанилүү.

### 3.2.3. Жаштардын салымы

Жаштар өз муундарына да, жалпы коомго да таасирин тийгизген ар кандай социалдык жана экологиялык көйгөйлөрдү чечүүдө негизги ролду ойношот. Бул жерде жаштар активдүү иш алып бара ала турган көйгөйлөрдүн бир нече мисалдары жана алардын ар бири эмне үчүн маанилүү экендигинин жүйөлөрү келтирилген.

Дүйнө жүзү боюнча аялдар жана кыздар гендердик теңсиздикке, дискриминацияга, зомбулукка жана укуктарынын чектелүүсүнө туш болушат. Бул эмгек чөйрөсүндө, билим берүүдө, үй-бүлөлүк мамилелерде, ресурстарга жана мүмкүнчүлүктөргө жеткиликтен көрүнөт.

Жаштар – кыздар да, балдар да – гендердик дискриминация жөнүндө маалымдуулукту жогорулатуу, аялдардын укуктарын коргоо жаатында кампанияларды

жүргүзүү жана билим алууда жана ишке орношууда бирдей жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу үстүндө иш алып бара алышат. Гендердик теңчилик – адилеттүү коомду куруунун негизи. Билимдүү жана зомбулуктан жапа чекпеген аял экономиканын, маданияттын жана саясаттын өнүгүшүнө чоң салым кошо алат, бул өз кезегинде бүтүндөй өлкөгө оң таасирин тийгизет.

Майыптыгы бар адамдар көбүнчө билим алууда, ишке орношууда жана социалдык жашоодо тоскоолдуктарга туш болушат. Жаштар инклюзивдик билим берүү жана иш чөйрөсүн түзүү, майыптар үчүн инфраструктураны жакшыртуу жана майыптардыгн көйгөйлөрү боюнча коомчулуктун маалымдуулугун жогорулатуу жаатында иштей алышат.
Зордук-зомбулук, өзгөчө үй-бүлөлүк зомбулук, жеке адамдын жана бүтүндөй коомдун өнүгүшүнө тоскоол болгон олуттуу көйгөйлөрдүн бири бойдон калууда. Жаштар коопсуз мейкиндиктерди түзүү, жаштарды сыйлоо маданиятына үйрөтүү жана чыр-чатактарды зомбулуксуз чечүү аркылуу зомбулукка каршы күрөштүн активдүү катышуучулары боло алышат.

Таштандыларды жана калдыктарды туура эмес утилизациялоо сыяктуу айлана-чөйрөнүн булгануу көйгөйлөрү барган сайын маанилүү болуп баратат. Жаштар аймактарды тазалоого, таштандыларды жок кылуу, кайра иштетүү жана жаратылышты коргоо зарылдыгы тууралуу маалымдуулукту жогорулатууга багытталган экологиялык акциялардын демилгечилери боло алышат.

Жаштар коомдук жайларды жакшыртуу, парктарды, скверлерди, спорттук жана маданий жайларды түзүү боюнча долбоорлорго активдүү катыша алышат. Бул жашылдандыруу, жөө жүргүнчүлөр үчүн ыңгайлуу жана коопсуз аймактарды түзүү жана мамлекеттик кызматтарды жакшыртуу боюнча ыктыярдуу долбоорлорду камтыйт.
Көптөгөн жаштар, айрыкча кичи шаарларда жана айыл жерлеринде, спорт менен машыгуу, хобби менен алектенүү же маданий иш-чараларды уюштуруу үчүн жерлердин жетишсиздигине дуушар болушат. Жаштар спорт аянтчаларын, маданият борборлорун, жаштар клубдарын ж.б. түзүү маселесинин үстүнөн иш алып барса болот.
Жамааттардын ичиндеги жана ар кандай социалдык топтордун ортосундагы чыр-чатактар коом үчүн кыйратуучу кесепеттерге алып келиши мүмкүн. Жаштар чыр-чатакты жөнгө салууда, медиация программаларын иштеп чыгууда жана өз жамааттарында мыйзамдуулукту жана тартипти жакшыртууда маанилүү роль ойной алат. Чыр-чатактарды тынчтык жолу менен чечүү социалдык стабилдүүлүккө өбөлгө түзөт жана зомбулуктун деңгээлин төмөндөтөт. Мыйзам үстөмдүгүнүн жана талаш-тартыштарды тынчтык жолу менен чечүүнүн маанилүүлүгүн түшүнгөн жаштар коопсуз жана адилеттүү социалдык чөйрөгө салым кошушат.

Жаштар башкаруунун санариптик жана маалыматтык инструменттерди, атап айтканда муниципалдык веб-сайттарды жана мессенджерлерде муниципалдык каналдарды өнүктүрүүгө чоң салым кошо алышат. Көбүнчө ЖӨБ органдары веб-сайттарды түзүшөт, бирок аларда маалыматты жаңыртуу жана веб-сайттарды актуалдуу жана кызыктуу кылуу үчүн көндүмдөр жана убакыт жетишпейт. Жаштар топтору муниципалдык веб-сайттарды өнүктүрүүгө ыктыярдуу түрдө салым кошо алат, бул боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен макулдашып алса болот – ушундай жол менен жаштар башкарууга инновацияларды алып келүү, жоопкерчиликти алуу жана бир нерсени башкаруу жөндөмдүүлүгүн көрсөтө алышат.

**ПРАКТИКАЛЫК МИСАЛ**

**Чек арага жакын аймактарда тынчтыкты куруу аракеттерин өнүктүрүү: социалдык тармактардан толеранттуулук боюнча сабактарга чейин**

Бирлик айыл аймагы толугу менен Кыргызстандын аймагы менен курчалган Өзбекстан Республикасынын өз алдынча административдик-аймактык бирдиги болгон Сох анклавы менен чектешет. Бирликте чек ара чыр-чатактары, анын ичинде аймактык, ресурстук жана социалдык чыр-чатактар көп болуп келет. Мындай чыр-чатактарды чечүүдө ЖӨБ органдары чоң роль ойноп, негизги акторлору катары жаштар чыгат. Бирок ЖӨБ органдары ар кандай топтордун ортосундагы диалогду курууда жана коомчулукту маалымдоодо колдоого муктаж.

"Чек ара жаштар тармагы" коомдук бирикмесинин "Ынтымактуу жаштар" демилгеси жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы менен жаштардын ортосундагы байланышты жакшыртууга, ошондой эле Бирлик айыл аймагынын 13 айылында жаштардын тынчтыкты орнотуу, сабырдуулук жана ЖӨБ органдарынын жаштар менен маалымат алмашуусун күчөтүү жаатындагы дараметин жогорулатуу аркылуу социалдык ынтымакты өнүктүрүүгө салым кошуп келет.

Жаштардын туруктуу өнүгүүсүн камсыздоо үчүн демилге Сох жана Бирлик жаштарынын маданий фестивалын жана Жаштар борборунун салтанаттуу ачылышын камтыган. Анын негизги максаты жаштарга аларды өнүктүрүү жаатындагы иш-чараларды: жолугушууларды, тегерек столдорду, конференцияларды, белгилүү инсандар менен жолугушууларды, мастер-класстарды жана башка иш-чараларды өткөрүүгө шарттарды түзүү болмокчу.

**Социалдык тармактар – жаштар менен ЖӨБ органдарынын ортосундагы алакаларды жакшыртуу үчүн эң сонун көпүрө**

Бул демилгенин бир бөлүгү катары Бирлик айылындагы 13 мектепте "Этностор аралык толеранттуулукту жана тынчтыкты орнотуу" жана "Жергиликтүү деңгээлде чечимдерди кабыл алуу процесстерине жаштардын катышуусу" темаларында ачык сабактар өткөрүлдү.

Тренингдин активдүү катышуучуларынын бири, 10-класстын окуучусу Жумагүл АСАНОВА тренингдерге катышып, айыл өкмөтүнө эл менен болгон байланышты жакшыртуу идеясын сунуштады: "Бирликте жарандык активист болуу үчүн эмне кылсам болот деп ойлонуп, соцтармактан "Бирлик" деген сөздү издедим, бирок эч нерсе тапкан жокмун. Дал ошол тапта жаштар менен айыл өкмөтүнүн ортосундагы мамилени жакшыртуу үчүн биринчи кезекте маалымат алмашуу керектигин түшүнүп, Фейсбуктан Бирлик айыл өкмөтүнүн жаштары үчүн баракча ачтым. Ошол күндөн тартып айыл өкмөттө долбоордун алкагында өтүп жаткан иш-чараларды ушул баракчага чыгара баштадым. Баса, мен сизди да бизге жазылууга чакырам", - деп ал өзүнүн биринчи публикациясын ушундайча эскерди.

Жумагүл Жаштар борборунда Бирлик айыл өкмөтүнүн жаштары менен жолугуп, ар кандай иш-чараларды өткөрүп, Бирликтеги жетишкендиктери менен социалдык тармактагы баракчасы аркылуу бөлүшүүнү пландоодо. Ал топту өнүктүрүүнүн үстүндө иштеп келет, ЖӨБ органдарына жаштардын көйгөйлөрү тууралуу маалыматты жеткирүү үчүн ишти көзөмөлдөп турат.

Айыл өкмөт башчысы, Жеенбек МАКАНБАЕВ да «Бирлик" жаштар уюмунун мүчөсү жана бул демилгени колдоорун билдирди. Анын айтымында, «айыл өкмөттөрүндө жумуштун көптүгүнөн жана жаштар менен иштеген адистердин жетишсиздигинен жаштардын көйгөйлөрүнүн көбү эске алынбай, жаштардын үнү угулбай келет. Ошондуктан бул тайпадагы жаштардын сунуштарын көзөмөлгө алып, жаштарыбыздын үнү угулса деп үмүттөнүп, ишти көзөмөлгө алабыз».

**Мектептен райондук деңгээлге чейин тынчтыкты куруу иштери**

Лазатхан ЖААНОВА Баткен облусунун Кадамжай районундагы №54 "Эшме" орто мектебинде башталгыч класс мугалими болуп эмгектенет. 2022-жылдын февралында ал "Этностор аралык толеранттуулук жана тынчтыкты орнотуу" боюнча тренерлер үчүн үч күндүк тренингге катышып, анын жүрүшүндө катышуучулар мектеп окуучулары үчүн ушул темада сабактарды иштеп чыгышкан.

«Мен улуттар аралык толеранттуулк боюнча сабактар бир нече улуттар жашаган аймактарда гана өтүлүшү керек деп ойлогом, ал эми бизде бир улуттуу (моноэтникалык) айыл бар. Бирок мен мектептеги окуучуларыма, мугалимдерге бул сабактарды өткөрө баштаганда, негизинен бир улуттун өкүлдөрү жашаган айылда жашаганыбызга карабастан,

жашообузда башка этникалык топтор менен байланыштар көп экенин түшүндүм. Биз чек арага жакын аймакта жашайбыз, жана мен Өзбекстандын жарандары жана коңшу Айдаркен шаарындагы башка улуттар менен дайыма коңшулашмын. Бул тарбия иштери боюнча директордун орун басары катары мен үчүн өзгөчө пайдалуу тажрыйба болду", - деп Лазатхан айтып берди.

Лазатхан "Улуттар аралык толеранттуулук жана тынчтыкты орнотуу" темасындагы ар бир ачык сабакты социалдык тармактарга жарыялап, бир күнү Кадамжай райондук билим берүү бөлүмүнө чакырылган. Алгач ал кабатыр болгон: анын айтымында, көбүнчө райондук билим берүү бөлүмү окуучулар бир балээ кылганда чакырчу эле.

Бирок алар социалдык тармактардан анын ачык сабактарын көрүп, жакшы демилгени колдоого даяр экендиктерин айтышты. Ага райондук деңгээлде "Улуттар аралык достук" деген темада семинар өткөрүү сунушталган – Лазатхан мурда ойлогондой, мындай семинарлар мурда ар кайсы улуттун өкүлдөрү жашаган айылдарда гана өткөрүлүп келген. Социалдык тармактардагы ачык сабактарынын аркасында Лазатхан райондук билим берүү бөлүмүнүн, ИИБнын өкүлдөрүнө, директордун тарбия иштери боюнча орун басарларына жана бүтүндөй Кадамжай районунун ата-энелерине "Улуттар аралык достук" темасында семинар уюштура алды.

«Эми ушундай сабактарды облустун деңгээлинде өткөрүүнү пландап жатам. Баткен облусу эки мамлекет менен чектешет, бизде бир нече анклавдар, ошондой эле көптөгөн улуттар жашаган айылдар бар. Баарыбыздын ынтымакта, достук мамиледе жашашыбызды каалайм, буга мен колумдан келишинче мугалим катары салымымды кошом», – деп Лазатхан ЖААНОВА баяндап берди.

**Алай районунун Ленин айыл аймагындагы жаштардын ыктыярчылык борбору**

Борбор элдердин достугун жана улуттар аралык ынтымакты чыңдоо фестивалын өткөрүүгө ыктыярчыларды тартат, ага жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары колдоо көрсөттү. Ыктыярчылар фестивалдын концепциясын түзүүгө көмөктөшүп, окуучулар арасында маалымат кампаниясын жүргүзүп, фестивалды өткөрүүгө көмөктөштү. Жалпысынан фестивалга 450 адам катышты, аларга окуучулар муниципалитеттин аймагында жашаган этникалык топтордун музыка искусствосунун мисалдарын көрсөтүшүп, квест, дебат жана симуляциялык оюндарга катышты.

## 3.3. Жаштардын көйгөйлөрүн чечүүдө мэрия, айыл өкмөтү жана жергиликтүү кеңеш кандай ыкмаларга ээ?

Жаштардын бейөкмөт уюмдарына, формалдуу жана формалдуу эмес жаштар топторуна жаштардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусунун укуктук чөйрөсүндө бар жана Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан практикада колдонулуп жаткан укуктук механизмдери жана инструменттери жөнүндө толук түшүнүк алуу үчүн ушул колдонмонун биринчи бөлүгүн окуу сунушталат.

### 3.3.1. Пландаштырууга катышуу

Пландаштырууга катышуу – бул жарандарды, анын ичинде жаштарды өз муниципалитетинин өнүгүшүнө байланыштуу чечимдерди кабыл алуу процессине тартуу процесси. Бул көрктөндүрүү, социалдык-экономикалык өнүктүрүү, билим берүү, экология жана жергиликтүү коомчулуктун жашоосуна таасир этүүчү башка тармактарга тиешелүү болушу мүмкүн.

Жарандардын пландаштырууга катышуусу ар кандай мыйзамдык жана ченемдик укуктук актылар менен жөнгө салынат: Кыргыз Республикасынын Конституциясы, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзам, алар жарандар менен мамлекеттик органдардын өз ара аракеттенүү механизмдерин аныктайт.

Кыргызстандын мамлекеттик жана муниципалдык органдарынын порталдары маалыматтардын ачыктыгын жана айкындыгын кепилдеген “Маалыматка жетүү укугу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, жарандарга маалыматка жетүүнү камсыздайт. Негизги ресурстарга president.kg жана kenesh.kg сыяктуу расмий сайттар, министрликтердин жана ведомстволордун веб-сайттары, ошондой эле ведомстволор аралык өз ара р=аракеттенүү үчүн “Түндүк” системасы кирет.

Технологиялык чечимдер жарандардын бардык категориялары, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар үчүн маалыматтын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылат. Мындан тышкары, мамлекеттик жана муниципалдык бийлик органдары жарандарды маалымдоо жана агартууда пресс-релиздерге жана башка актуалдуу маалыматтарга ыкчам жетүүнү камсыз кылган жана кеңири аудиторияга жетүүгө, мамлекеттик ишмердүүлүктүн айкындуулугун жана ачыктыгын жогорулатууга мүмкүндүк берген Facebook, Instagram жана YouTube каналдарын активдүү колдонушат. YouTube каналдары жарандарга мамлекеттик ишмердүүлүккө байланыштуу укуктук маселелерди жана жол-жоболорду жакшыраак түшүнүүгө, ошондой эле жаңы мамлекеттик кызматтар жөнүндө билүүгө жана аларды пайдалануу боюнча санариптик көндүмдөрдү өнүктүрүүгө жардам берген билим берүүчү видеолор үчүн платформа катары кызмат кылат. Бул байланыш каналдары калк менен натыйжалуу өз ара аракеттенүүнү шарттайт.

Жаштардын айыл өкмөт, мэрия, жергиликтүү кеңеш аркылуу катышуунун ар кандай жолдору бар. Биринчиден, өнүктүрүү программаларын иштеп чыгууда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өткөрүүчү коомдук угууларга жана талкууларга катышуу мүмкүнчүлүгү бар. Жаштар мындан тышкары өз сунуштарын, демилгелерин көтөрүп чыкса болот, ал сунуштар айыл өкмөтүнүн же мэриянын иш пландарына киргизилиши мүмкүн.

Экинчиден, жергиликтүү кеңештерде туруктуу комиссиялар бар, алардын отурумдарында жаштар катышып, идеяларды сунуштап, жаштар программасына бөлүнгөн бюджеттик каражаттарды бөлүштүрүүгө таасир эте алышат.

Дагы бир жолу – айыл өкмөтү же мэрия тарабынан колдоого алынган “Жергиликтүү демилге” сынактарына катышуу. Көптөгөн муниципалитеттер жаштардын эс алуу, спорт жана маданият тармагындагы долбоорлорун каржылоону камсыздайт, ал эми активдүү жаштар өтүнмө жиберип, өз идеяларын ишке ашыра алышат.

Мындан тышкары, мамлекеттик бийлик органдары менен кызматташкан түрдүү коомдук уюмдар жана жаштар кыймылдары бар. Мындай уюмдар аркылуу жаштар ыктыярчылык долбоорлоруна, социалдык кампанияларга жана жергиликтүү коомчулукту өнүктүрүүгө багытталган демилгелерге катыша алышат.

Биргелешкен пландаштыруунун натыйжалуу жолу болуп ЖӨБ органдарынын жетекчилиги менен үзгүлтүксүз жолугушуулар саналат. Мындай жолугушуулардын демилгечилери жергиликтүү бийлик органдары же жаштардын өздөрү болушу мүмкүн.

Жолугушууну жаштар демилгелеп жатса, анда жаш активисттер көйгөйдү изилдеп, алдын ала иш алып барышы керек. Ошондой эле ЖӨБ органдарынын компетенцияларын түшүнүү пайдалуу болмок – көтөрүлүп жаткан көйгөйдү чечүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары иш алып барган жергиликтүү маанидеги маселелердин курамына киреби же жокпу деген суроого жоопту билүү маанилүү.

Жолугушууда жаштар айтып жаткан көйгөйлөр аргументтер менен бекемделсе туура болот. Бул изилдөөгө шилтеме (фокус-группа же сурамжылоо) көйгөйдүн бар экендигинин далили болушу мүмкүн. Мындан тышкары, коомчулуктун көпчүлүк бөлүгү тарабынан көйгөйдү чечүүнүн актуалдуулугун жана талабын көрсөтүү маанилүү. Мындай учурда диалогдун конструктивдүү багытта жүрүшүнө көбүрөөк мүмкүнчүлүк бар.

Жаштар жолугушууга сурамды түрдүү байланыш каналдары, анын ичинде расмий эмес каналдар, мисалы, социалдык тармактардагы шаардык же облустук баракчалар аркылуу

WhatsApp жана Telegram каналдары аркылуу жөнөтө алышат. Бирок ЖӨБ органына кайрылуунун эң ишенимдүү каналы болуп мэриянын же айыл өкмөтүнүн жалпы бөлүмүндө тиешелүү түрдө кабыл алынган аймактын башчысынын же мэрдин атына жазылган кат саналат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы мындай катка 14 күндүн ичинде жооп бериши керек. Ал эми баш тарткан учурда ЖӨБ органы баш тартуусун негиздөөгө милдеттүү.

Ошентип, жаштардын өз аймагын пландаштырууга жана өнүктүрүүгө катышууга жетиштүү мүмкүнчүлүктөрү бар. Эң негизгиси – демилгени көрсөтүү, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен активдүү өз ара аракеттенүү жана ишке тартылуунун болгон механизмдерин колдонуу.

**ПРАКТИКАЛЫК МИСАЛ**

**Жаштар таза шаар үчүн**

Жаштардын демилгелүү тобу “Жаштар таза шаар үчүн!” кичи долбоорун иштеп чыгышып, ишке ашырышты. Кичи долбоордун максаты Нарын шаарынын жаш тургундарынын көңүлүн тазалоо жана таштанды чыгаруу көйгөйлөрүнө, тазалыкты сактоо зарылчылыгына, көчөлөрдө маданияттуу жүрүм-турумуна буруу болуп саналат. Бул шаардагы таштандылар көп чогулган эң кир жерлерге арналган фото-видео сынак аркылуу ишке ашты. Уюштуруучулардын алдында “таштанды” көйгөйүн чечүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу, аны чечүүгө жаштарды тартуу, жаштарды жөн эле байкоочу эмес, Нарын шаарынын коомдук жашоосуна активдүү катышуучу кылуу милдети да турду. Андан соң жаштарга шаарды толтурган таштандылар боюнча шаар тургундарына кыйрылуу жазып, кайрылуунун текстин шаар тургундарына таратуу сунушталды. Кичи долбоордун негизги иш-чарасы 2011-жылдын 17-декабрында В.П. Чкалов атындагы мектепте болуп өттү. Катышууга беш мектеп парламенти өтүнмө берди. Калыстар тобунун курамына вице-мэр, Нарын шаардык кеңешинин вице-президенти, КР Жаштар министрлигинин Нарын облусу боюнча секторунун башчысы, Нарын облустук мамлекеттик телекөрсөтүүсүнүн башкы редактору жана башка жооптуу адамдар кирди.

Катышуучулар калыстар тобуна кызыктуу эмгектерин тартуулашып, В.П. Чкалов атындагы мектептин командасы сынактын жеңүүчүсү деп табылды. Экинчи орунга Э. Ибраев атындагы мектеп ээ болду, 3-орун М. Сыдыков атындагы мектепке берилди.

Мектеп командалары баалуу сыйлыктарга ээ болушту. Окуучулар бийлик өкүлдөрүнө баалуу кеңештерин жана ой жүгүртүү үчүн идея да сунуштады. Иш-чаранын аягында бардык катышуучуларга кызыл шарлар берилип, ар ким өз тандоосун жасашы керек болду: таштандыга карата мамилени өзгөртүү – бул шарды челекке ыргытуу дегенди билдирет; шаарды булгай берүүнү улантууну каалагандар – аны каалаган жерине ыргыта берсе болорун билдирет.

### 3.3.2. Чечимдерди иштеп чыгууга катышуу, өз чечимдерин сунуштоо мүмкүнчүлүктөрү

Биргелешип чечимдерди иштеп чыгууга катышуу – бул жарандар, анын ичинде жаштар өз идеяларын сунуштай ала турган, коомдук маселелерди талкуулай ала турган жана жергиликтүү бийлик органдары тарабынан чечимдерди кабыл алууга таасир эте ала турган процесс. Бул түрдүү программаларды жана демилгелерди иштеп чыгууда жана ишке ашырууда калктын кызыкчылыктарын эске алууга мүмкүндүк берүүчү маанилүү демократиялык механизм.

Жаштар үчүн айыл өкмөтү, мэрия, жергиликтүү кеңеш аркылуу өз чечимдерин сунуштап, чечим кабыл алууга катышуунун бир нече жолдору бар. Негизги механизмдердин

бири – маанилүү чечимдер кабыл алынганга чейин өткөрүлүүчү коомдук угууларга жана талкууларга катышуу. Бул жолугушууларда жаштар өз сунуштарын айтып, бийлик өкүлдөрү менен актуалдуу маселелерди талкуулай алышат.

Дагы бир жолу – расмий кайрылууларды жана демилгелерди жиберүү. Жаштар жамааттык же жекече айыл өкмөтүнө же жергиликтүү кеңешке өздөрүнүн жашаган жериндеги социалдык, экономикалык же экологиялык абалды жакшыртуу боюнча конкреттүү идеяларын же чечимдерин камтыган жазуу жүзүндөгү сунушун даярдай алышат. Мындай кайрылуулар белгиленген тартипте расмий түрдө каралууга тийиш.

Ошондой эле жаштардын кызыкчылыктарын коргоп, алардын атынан сунуш киргизе ала турган жаштар кеңештери, коомдук бирикмелер жана бейформал демилгелүү топтор бар. Мындай структураларга катышуу жаштарга коомдук турмушка активдүү катышууга жана бийлик менен диалог аркылуу өз демилгелерин ишке ашырууга жетишүүгө мүмкүндүк берет.

Мындан тышкары, жаштар айыл өкмөтү, мэрия же эл аралык уюмдар тарабынан каржыланган гранттык программаларга жана долбоорлорго катыша алышат. Бул өз идеясын ишке ашыруу үчүн гана эмес, ошондой эле аны ишке ашыруу үчүн колдоо алуу үчүн эң сонун жол.

Ошентип, жаштар чечимдерди кабыл алууга катышууга көптөгөн мүмкүнчүлүктөргө ээ. Эң негизгиси – демилгени көрсөтүп, бийлик менен болгон өз ара аракеттенүүнүн механизмдерин жигердүү пайдалануу жана конструктивдүү диалогго даяр болуу керек.

**ПРАКТИКАЛЫК МИСАЛ**

**Жоопкерчиликтүү жүргүнчүгө – сапаттуу маршрут!**

"Лидерлик" ыктыярдуу жаштар уюмунун активисттери Каракол шаарындагы коомдук транспорттун сапатын жакшыртуу маселесин колго алууну чечишти. Ишти муниципалдык бийлик – мэрия жана жүргүнчүлөрдү ташуучу автобаза менен өнөктөштүк түзүүдөн баштоону чечишти. Жаштар уюмунун өтүнүчү боюнча мэрия кичи автобустардын жүрүү графиги берип, жаштар лидерлери бул графиктин аткарылышы боюнча өз алдынча мониторинг жүргүзүштү. "Лидерликтин" ыктыярчылары иш жүзүндөгү маалыматтарды чогултуу боюнча маанилүү иштерди аткарышты – алар ар кандай маршруткаларга түшүп, шаардагы иш жүзүндө токтолуулардын санын жана токтогон убактысын эсептөө максатында коомдук транспорттун негизги багыттары боюнча жүрүштү. Маршруттарды жана жүрүү убактысын тактап, ыктыярчылар расписание жазылган такталарды жасашып, алар кийин беш аялдамага – экиден борбордо, "Кашка-Суу" кичи районунда, автобекетте жана аймактык оорукананын аймагында орнотулду. Жүргүнчүлөргө жагымдуу маанай тартуулоо максатында күлкүлүү сөздөр жазылган стикерлерди бустарга жайгаштыруу идеясы да активисттер тарабынан пайда болгон. «Кээде автобуска өз көйгөйүң менен киресиң, анан бирөө бутуңду басып алат, туруп орун бошотуп бериш керек болот. А тургуң келбейт да... Ал эми биздин наклейкалар маанайыңызды көтөрүп, жылмаюуга аргасыз кылат, маршрутканын эшигин катуу жапкың да келбей калат, ызырынбай да каласың!» – долбоордун негизги аткаруучуларынын бири Анастация Стыценко өз идеясын ушундайча түшүндүрөт.

Андан кийин "Аялдамадан старт алабыз!" акциясы болуп өттү.шаардын көчөлөрүндө бир күн кечке ыктыярчылардын патрулу нөөмөттө турду. Алардын ар биринде светофордун түсүнө ылайык (кызыл, сары жана жашыл) ленталардан жасалган байлам лентасы болгон. Ыктыярчылар жүргүнчүлөрдү транспортко аялдамалардан түшүү жакшы экенине ынандырышты – бул салондо отурган жүргүнчүлөрдүн бардыгынын убакытын үнөмдөп, транспорт мөөнөтүнөн мурда бузулуп калуусунан сактайт. Бардыгы болуп Караколдун 60 жашоочусуна бул тууралуу баяндалып берди.

«Биз баарлашкандардын баарына "Шаарымды сүйөм – аялдамадан отуруп кетем!", "Аялдамадан старт алабыз!", Жолугушуу жери – аялдама!" деген орус жана кыргыз тилиндеги жазуулары бар значокторду бердик. Бул жазуулардын арасынан эң таасирдүүсү

болуп “Жоопкерчиликтүү жүргүнчү!” слоганы эсептелди. Көптөрү биздин келгенибизге таң калышты, бирок көпчүлүгү коомдук тийиштүү эмес жерлерге, кадам сайын токтоодо жараткан көйгөйлөрдүн маанилүүлүгүн түшүнгөн. Ошол күнү айдоочулар аргасыз токтоолордун аз болгонуна абдан кубанычта болушту деп үмүттөнөбүз, себеби биздин кысымыбыз алдында жүргүнчүлөр аялдамаларга топтолгонго аракет кылышты», - деп Анастасия оз сөзүн улантты.

Караколдун жаш лидерлери иш-чараларды өткөрүү менен эле чектелип калышкан жок. Алар көйгөйдү жана аны чечүүнүн жолдорун терең ойлонушту. Коомдук транспорттун кыймылына өздөрүнүн мониторингин колдонуп, активисттер бир нече маанилүү жыйынтыкка келишкен:

- Каракол шаарында калк арасында популярдуу болгон стационардык аялдамалар бар, ал жерде маршруттук таксилердин жүрүү графиги менен белгилерди орнотуу жана жаңыртуу керек;
- каттамдарда расмий аялдамаларды жасоо зарыл болгон жерлер бар, анткени көп баруучу объекттер жакын жерде жайгашкан жана жүргүнчүлөр дагы элу бул жерлерде транспортту тоутотууга ыкташат;
- коомдук транспорт менен байланышкан көйгөйлөр үчүн маршруттук каттам жана кыймылды уюштуруучулар гана эмес, жол эрежесин бузуп токтоону талап кылган жүргүнчүлөр өздөрү да күнөөлүү.

Жүргүнчүлөрдүн жоопкерчилиги жөнүндө акыркы тыянак активисттерди жоопкерчиликтүү жүргүнчүнүн төмөнкү Алтын эрежелерин иштеп чыгууга түрттү.

***Жоопкерчиликтүү жүргүнчү транспортко дайыма аялдамадан – бардыгы эле отурчу жерден отурат!***

***Жоопкерчиликтүү жүргүнчү эшикти аста жаап, жол киресин дароо төлөйт!***

***Жоопкерчиликтүү жүргүнчү улууларга жана балдары бар жүргүнчүлөргө дайыма орун бошотуп берет!***

***Жоопкерчиликтүү жүргүнчү чыгарын алдын ала так айтат!***

***Жоопкерчиликтүү жүргүнчү дайыма тийиштүү жерден – бир гана аялдамалардан түшөт!***

### 3.3.3. Бюджеттик процесске катышуу

Бюджеттик процесске катышуу – бул жергиликтүү бюджеттин чыгымдалышын талкуулоого, пландаштырууга, бөлүштүрүүгө жана көзөмөлгө алууга жарандарды, анын ичинде жаштарды тартуу. Бул жергиликтүү тургундарга финансылык чечимдерге таасир этүүгө жана бюджеттик каражаттарды пайдаланууда айкындуулукту камсыздоого мүмкүндүк берүүчү демократиялык башкаруунун маанилүү куралы.

Жаштар бюджеттик процесске бир нече жол менен катыша алышат. Алардын бири – бюджеттин долбоорун коомдук талкуулоого катышуу. Айыл өкмөттөрү жана жергиликтүү кеңештер угууларды өткөрүүгө милдеттүү, анда алар бюджеттин долбоорун сунуштап, тургундардын сунуштарын кабыл алышат. Жаштар бул механизмди билим берүү, спорт, маданий жана социалдык программаларды каржылоо идеяларын сунуштоо үчүн колдоно алышат.

Дагы бир ыкмасы – расмий демилгелерди берүү. Жаштар уюмдары, активдүү жарандар же демилгелүү топтор бюджеттик каражаттарды бөлүштүрүү боюнча өз сунуштарын айыл өкмөтүнө же жергиликтүү кеңешке жөнөтө алышат. Мисалы, спорт аянтчаларын, жаштар борборлорун түзүүгө акча бөлүүнү сунушташы мүмкүн.

Мындан тышкары, катышуунун маанилүү элементи болуп бюджеттин аткарылышына мониторинг жана көзөмөл саналат. Жаш активисттер чыгашалардын коомдук мониторингине катыша алышат, бюджет боюнча отчетторду сурай алышат жана жергиликтүү деңгээлде акча канчалык эффективдүү колдонулуп жатканын талдай алышат.

Ошентип, жаштардын бюджеттик процесске катышуусу финансылык ресурстарды бөлүштүрүүгө гана таасир этпестен, жергиликтүү бийлик органдарынын ачык-айкындуулугу жана отчеттуулугу маданиятын өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Эң башкысы – демилгени колго алып, талкууларга катышып, конкреттүү чечимдерди сунуштоо.

Акыркы жылдары Кыргызстанда жарандардын бюджеттик процесске катышуусунун санариптик формалары өнүгүп жатат. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин https://gb.minfin.kg сайтында "Жарандык бюджет онлайн" ресурсу ачылды. Бул ресурс бюджеттик маалыматты алуу жана изилдөө боюнча атайын билими жана көндүмдөрү жок жарандарга арналган. Онлайн-платформаны түзүү айылдардын жана шаарлардын көптөгөн тургундарынын бюджеттик маалыматка жеткиликтүүлүгүн кыйла кеңейтти.


Мындай тиркемеде жайгаштырылган бюджеттик маалымат деталдуу болуп саналат жана бир гана үстүбүздөгү жылдын бюджети жөнүндө эмес, ошондой эле бюджеттин кирешелери жана мурунку мезгилдеги (1-2 жыл) чыгашалары жөнүндө маалыматтарды камтыйт. Ресурс бюджетти үч түрдө же версияда көрүү мүмкүнчүлүгүн берет – бюджеттин долбоору, аны изилдеп чыккандан кийин сиз өз сунуштарын киргизсе болот; жарандарга үстүбүздөгү жыл үчүн финансылык планда багыт алуусун камсыз кылган бекитилген бюджет; ошондой эле бюджеттин аткарылышы, башкача айтканда, бюджеттик каражаттардын иш жүзүндө кандайча жумшалганы жөнүндө маалымат.

Жаран каалаган убакта (каалаган учурда) бюджеттик процесске катыша албастыгын түшүнүү зарыл. Жергиликтүү бюджетти түзүүнүн жана аткаруунун бюджеттик процесси үзгүлтүксүз жүрүп жатканына карабастан, жарандарды бул процесске катышууга чакырган белгилүү этаптар жана учурлар дагы эле бар. Сиздин үнүңүз угулушу үчүн, бюджеттик календарды кармануу керек.

*3-таблица. Бюджеттик календарь (жергиликтүү бюджет)*

| Иш-чаралар | Мөөнөтү |
|---|---|
| Жергиликтүү бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчеттун долбоору боюнча коомдук угууларга жарандардын катышуусу | Январь-февраль |
| Социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасынын (СЭӨП) долбоору боюнча коомдук угууларга жарандардын катышуусу | Март-май |
| Жергиликтүү бюджеттин долбоору боюнча коомдук угууларга жарандардын катышуусу. Жергиликтүү бюджеттин долбоору СЭӨПнын негизинде калыптанат | Июнь - август |
| Жергиликтүү кеңештин сессиясында жергиликтүү бюджетти бекитүү | Ноябрь-декабрь |

*19-сүрөт. Садовский айыл аймагынын 2024-жылга бюджетинин долбоору боюнча маалыматтын скриншоту "Жарандык бюджет-онлайн" платформасында (https://gb.minfin.kg)*



Кырг / Рус

Гражданский бюджет местного сообщества

## Садовский айылный аймак

Тип бюджета: Выберите тип...
Год: Выберите год...
Показать

### Проект бюджета (2024 год)

Просмотр информации | Вопросы и предложения

**Уважаемый житель!**

Представляем вашему вниманию Гражданский бюджет местного сообщества на 2024 год, разработанный для обеспечения прозрачности местного бюджета. Гражданский бюджет на доступном языке рассказывает о том, из каких источников формируется местный бюджет и на какие цели он расходуется. Прозрачность бюджетного процесса и участие в нем всех заинтересованных лиц помогают гражданскому обществу и органам местного самоуправления совместно и более эффективно определять приоритетные направления развития местного сообщества. Гражданский бюджет предназначен для широкой общественности, каждый может пользоваться этим понятным, коротким и информативным документом, касающимся формирования, распределения и использования бюджетных средств.

**Мэр/глава: Раимкулов Денизбек Самарбекович**


Чтобы детально узнать о местном бюджете, обращайтесь к руководителю финансового отдела по адресу: село Садовое улица Советская 202, 0313152335, e-mail: sadovoe202@mail.ru, web-site:

**Общая информация**

| | | |
|---|---|---|
| Количество населения | --- | чел. |
| Из них женщин | --- | чел. |
| Общие доходы | 21246.1 | тыс. сом |
| Налоговые доходы | 12863 | тыс. сом |
| Неналоговые доходы | 8383.1 | тыс. сом |
| Выравнивающий грант | --- | тыс. сом |
| Целевые трансферты | --- | тыс. сом |
| Общие доходы на душу населения | 21246.1 | тыс. сом |
| Заработная плата мун.служащего | --- | сом |
| Доходы от мун. собств. | 60 | тыс. сом |
| Количество муниципальных объектов | --- | шт |
| Размер гос. фонда сельхоз. угодий ГФСУ | --- | га |
| Размер приусадебного земельного участка | --- | га |
| Размер сельскохозяйственных угодий | --- | га |
| Размер несельскохозяйственных угодий | --- | га |
| Количество автотранспорта | --- | шт |
| Количество торговых точек | --- | шт |
| **Остаток на начало года** | --- | тыс.сом |

| **Приоритетные вопросы программы социально-экономического развития на 2024 год** |
|---|
| Управление муниципальной собственностью |
| Снабжение питьевой водой населения |
| Обеспечение функционирования муниципальных дорог |
| Организация освещения мест общего пользования |
| Обеспечение функционирования кладбищ и предоставление ритуальных услуг |
| Благоустройство и озеленение мест общественного пользования |
| Обеспечение функционирования парков, спортивных сооружений и мест отдыха, создание условий для организации досуга |
| Организация сбора, вывоза и утилизации бытовых отходов |
| Контроль в области охраны и использования историко-культурного наследия |
| Содействие охране общественного порядка |

*20-сүрөт. "Жарандык бюджет онлайн" платформасында жарандардын суроолоруна жана сунуштарына ЖӨБ органдарынын реакциясынын скриншоту (https://gb.minfin.kg)*




Ресурс өнүгүп жатат жана коронавирустук пандемиядан кийин платформада жарандар менен баарлашуу функциясы пайда болду. Эми онлайн-платформада каалаган адам суроо берип же сунушун киргизе алат. Ал эми жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы буга жооп берүүгө милдеттүү.

### 3.3.4. Өздүк долбоорлорду жана демилгелерди ишке ашыруу мүмкүнчүлүктөрү

Өспүрүмдөрдүн жана жаштардын муктаждыктарын жана талаптарын аныктоону алардын демилгеси боюнча же “төмөндөн өйдө” принциби боюнча уюштурууда, бул үчүн ЖӨБ органына пландаштырылган иш-чаралар жөнүндө алдын ала маалымат берүү зарыл.

Фокус-группалардын жыйынтыгы жаштар топторунун лидерлери тарабынан чыгарылат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына жеткиликтүү каналдар аркылуу (мисалы, электрондук почта, WhatsApp аркылуу) муниципалитеттин жооптуу адисине жана жергиликтүү кеңешке протокол түрүндө берилет.

Ошондой эле ЖӨБ органына жергиликтүү бюджеттен жергиликтүү демилгелерди каржылоону, ошондой эле мамлекеттик социалдык заказдын алкагында гранттык программаны киргизүүнү сунуштоо пайдалуу (механизмдер боюнча кененирээк маалыматты жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн бөлүмүн караңыз).

**ПРАКТИКАЛЫК МИСАЛ**

**Биз таза Каракол үчүн!**

Бул долбоор жаштардын демилгесин ишке ашыруунун ийгиликтүү мисалы гана болбостон, бир нече уюмдардын күч-аракетин бириктирүү жакшы натыйжаларды бере турган тезистин иллюстрациясы болуп калды.

Долбоорду ишке ашыруу үчүн демилгелүү жаштар тобу түзүлүп, анын курамына жергиликтүү жарандык коом уюмдарынын 27 өкүлү: “Репродуктивдүү ден соолук альянсы”, “Лидерство” жаштар волонтерлук уюму, “Форвард” коомдук бирикмеси, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жаштар, эмгек жана иш менен камсыз кылуу министрлигинин Ысык-Көл аймактык бөлүмүнүн ыктыярчылары кирген.

Долбоордун иш жүзүндөгү ишке ашырылышы телевидение жана радиодогу маалымат кампаниясынан башталып, анын жүрүшүндө активисттер шаар тургундарынан кайсыл аймактарды таштанды боюнча эң көйгөйлүү деп эсептей тургандыктарын, ошондой эле бул көйгөйдү жоюу үчүн коомчулук кандай чараларды көрүшү керектигин билишкен. Жаштардын чакырыгына шаар тургундары жооп кайтарып, жардамын берип, эң эле булганган жерлерди аташкан. Активисттер шаардагы эл көп чогулган жерлерде – банктардын жана акча алмаштыруучу жайлардын жанында акциялар тууралуу маалымат жазылган плакаттарды илип коюшкан; борбордук дүкөндөрдүн жана калк жыш жайгашкан аймактардын жанында; популярдуу кафелердин жана маршруттук таксилердин эшигинде акциялар тууралуу маалымат жазылган постерлерди илип коюшкан.

Андан соң Туманова жана Гагарин көчөлөрүнүн кесилишиндеги калктуу конуштарда, “Кашка-Суу” кичи районунда жана шаардык пляжда таштандыларды тазалоо акциясынын этаптары өттү. Акциянын эң активдүү катышуучуларына футболка белекке берилди. Тилекке каршы, шаардын пляжында акциянын катышуучуларына бир нече эс алуучулар кошулганы менен, акция өтүп жаткан үйлөрдүн жашоочулары активисттерди негизинен моралдык жактан гана колдошкон.

Аталган топ Каракол шаарынын мэриясы жана шаардык кызматтары менен тыгыз иш алып барышып, активисттерди таштанды чыгаруучу инвентарь жана техника, үн күчөткүч менен камсыздап, иш-чараларга өздөрү да катышты.

**Бөлүштүр да, саламатта бол!!**

Мындай өзгөчө аталышты Чолпон-Ата шаарынын жаш активисттери ойлоп табышты. Ад эми долбоор кайрадан таштандылар жөнүндө, тагыраагы, аны өзүнчө чогултуу жөнүндө болду. Долбоордун алкагында тамак-аш (органикалык), кагаз, картон жана башка таштандыларды өзүнчө чогултуу үчүн үч контейнер орнотулду. Контейнерлер шаардын коммуналдык кызматтарынын колдоосу менен орнотулду. Калк арасында жүргүзүлүп жаткан түшүндүрүү иштери жаштардын негизги салымы болду. Анын жүрүшүндө актьивисттер шаар тургундарынын таштандыларды өзүнчө чогултууга позитивдүү мамилесин калыптандырууга аракет кылышты. Шаарда таштандыларды өзүнчө чогултуу иш жүзүндө гүлдөп жаткандыктан, шаардыктарды мындай иштин пайдасын канчалык зор экендигине ынандыруу кыйын болгон жок. Жаш активисттер жарандарды катуу таштанды төгүлүүчү жайларга ташылган таштандылардын көлөмүн азайтуу максатында таштандыларды өзүнчө чогултууну уюштурууга; таштанды полигондору менен

байланышкан көптөгөн экологиялык көйгөйлөрдүн курчушуна жол бербөөгө; экономикалык пайда алып келүүгө чакырышты.

Жалпысынан долбоордун демилгечилери таштандыларды өзүнчө чогултуу норма жана маданияттын белгиси болгон өлкөлөрдөн Ысык-Көлдүн жээгине келген туристтердин арасында Чолпон-Ата шаарынын позитивдүү имиджин түзүүгө жардам берет деп үмүттөнүшөт.

## 3.4. Жаштар топтору жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен өз ара аракеттенүү процессинде кеңири таралган каталардан канткенде кача алышат?

Жаштар топтору жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттенүүдө алардын демилгелерин ишке ашырууга тоскоол боло турган белгилүү бир кыйынчылыктарга туш болушат. Жалпы каталарды болтурбоо үчүн, бир нече негизги принциптерди эске алуу маанилүү.

### 3.4.1. Сындасаң – сунуш кыл!

Ар бир диалогдо кеңири таралган каталардын бири – конструктивдүү сунуштар жок, бир гана сынчыл мамиле. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары белгилүү бир ресурстардын жана эрежелердин чегинде иш алып барарын түшүнүү керек, андыктан кемчиликтерди айтып коюу жетишсиз. Жаштар топтору колдо болгон мүмкүнчүлүктөрдү эске алуу менен көйгөйлөрдү конкреттүү, реалдуу чечүү боюнча сунуштарын билдириши керек.

Мисалы, бир жерде спорт аянтчалары жетишсиз болсо, жөнөкөй даттануунун ордуна, сиз эсептөөлөр, мүмкүн болуучу каржылоо булактары жана башка аймактардагы ийгиликтүү аналогдордун мисалдары менен деталдуу долбоорду сунуштай аласыз. Бул колдоо мүмкүнчүлүгүн жогорулатат.

**Жигерсиз (пассивдүү) күтүүдөн качуу керек.** Кээ бир жаштар уюмдары бул демилгени айыл өкмөтү же жергиликтүү кеңеш өздөрү сунуштап, ишке ашырат деп күтүшөт. Бирок жергиликтүү бийлик дайыма эле жаштардын бардык муктаждыктарын эске ала албайт, ошондуктан активдүү болуу зарыл: угууларга катышуу, жазуу жүзүндөгү өтүнүчтөрдү жиберүү, өнөктөштөрдү издөө.

**Мыйзамдарды жана процедураларды билүү керек.** Кеңири таралган жаңылыштык – бул жергиликтүү бийлик кантип иштээрин жана мыйзамдуу жол-жоболорду түшүнбөгөндүк. Жаштар тобу кандайдыр бир долбоорду сунуш кылгысы келсе же өзгөртүү демилгесин көтөргүсү келсе, бул процесс кайсы мыйзамдар менен жөнгө салынат, кайсы бийлик чечим кабыл алат жана кандай кадамдар жасалышы керек экенин алдын ала изилдөө керек. Бул формалдуулукту сактабагандыктын себебинен демилге жоголуп кеткен жагдайлардан кутулууга жардам берет.

**Байланыш стратегиясын туура эмес тандоо, бийлик менен байланышта айыптоочу же агрессивдүү тон** түшүнбөстүктөргө жана конфликттерге алып келиши мүмкүн. Фактылар жана изилдөөлөр менен тастыкталган жүйөлүү аргументтерди сунуштоо менен кызматташуу принциптеринде диалог куруу алда канча натыйжалуу. Жаштардын демилгеси жөн гана талап эмес, мамлекеттик бийлик органдары менен биргелешип иштөөгө болгон каалоо экенин көрсөтүү маанилүү.

**Жергиликтүү коомчулук тарабынан колдоонун жоктугу** жаштардын демилгесинин ишке ашпай калышына алып келет. Жаштардын демилгеси бүтүндөй калктын кызыкчылыгын эске албаса, аны ишке ашыруу кыйын болот. Долбоорду сунуш кылуудан мурун жергиликтүү тургундардын колдоосуна ээ болуу, сурамжылоо жүргүзүү жана талкууларды уюштуруу маанилүү. Канчалык көп эл демилгени колдосо, жергиликтүү бийлик ошончолук оң жооп кайтарат.

**Өжөрлүктүн жоктугу ишке зыянын келтирет.** Биринчи аракет ийгиликтүү болбосо, бул долбоорду ишке ашыруу мүмкүн эмес дегенди билдирбейт. Жаштар топторунун өжөрлүгү, альтернативалуу жолдорду издөөсү, маалымат каражаттарынын көңүлүн бурдуруу, башкаруунун башка деңгээлдерине кайрылуу, же бизнес жана коомдук уюмдар арасында өнөктөш издөө маанилүү.

Ошентип, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен эффективдүү өз ара аракеттенүү активдүү жарандык позицияны гана эмес, сабаттуу мамилени да талап кылат: конструктивдүү сын, мыйзамдарды билүү, сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү көндүмдөрү жана командада иштөөгө даярдык.

### 3.4.2. Бирөөнүн багусуунда болуубу же жаратман болуубу?

Заманбап коомдо жаштар өлкөнүн өнүгүүсүндө негизги ролду ойнойт. Бирок ар бир жаш адамдын алдында сырттан келген жардамга таянып, көз каранды бойдон калуу же өзүнүн жашоосун жана коомун өзгөртүүгө активдүү катышып, жаратуучу болуу маселеси турат.

Бирөөнүн багуусунда болгон адам – өз алдынча эч кандай демилге көрсөтпөстөн, сырткы жагдайдан жана башкалардын колдоосунан толук көз каранды болгон адам. Жаштар арасында көз карандылык пассивдүү, мамлекет, айыл өкмөт же донордук уюмдар бардык көйгөйлөрдү чечет деген күтүүлөр менен жашап келүү позициясы түшүнүлөт. Мындай адам өзүнүн келечеги үчүн жоопкерчиликти албайт, иштин учурдагы абалын сындоо менен чектелет, бирок кырдаалды өзгөртүүгө эч кандай аракет жасабайт. Өзүн-өзү өнүктүрүүгө каалоонун жоктугу жана жаңы мүмкүнчүлүктөрдү издөө көз каранды адамдын өз тагдырына таасир этпей, көз каранды абалында калышына алып келет.

Ал эми жаратмын адам – бул сырттан жардам күтпөстөн, өсүп-өнүгүүгө мүмкүнчүлүктөрдү өзү түзгөн активдүү жаран. Жаратман адам демилгени колго алат, пайда болгон көйгөйлөрдү чечүүнүн жолдорун издейт, өзүн-өзү тарбиялоого жана кесиптик жактан өсүүгө умтулат. Ал жергиликтүү бийлик менен өз ара аракеттенет, чечимдерди кабыл алуу процессине катышат, идеяларды жана долбоорлорду сунуштайт, маанилүү демилгелердин айланасына элди бириктирет. Мындай адам жагдайга жөн эле көнбөйт, ал өзү жашаган чөйрөнү активдүү калыптандырат.

Көз карандылык абалдан жаратууга өтүү аң-сезимдүү аракетти талап кылат. Жаштар коомдун турмушуна жигердүү катышып, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттенип, коомдук талкууларга катышып, кырдаалды жакшыртуу боюнча сунуштарды киргизүүсү зарыл. Өз жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө умтулуу, окуулардан өтүү, билим берүү жана жаштар программаларына катышуу, жаңы технологияларды жана кесиптерди өздөштүрүү маанилүү. Негизги аспект – бул өзүңдүн келечегиң үчүн жеке жоопкерчиликти сезүү, максаттарды коюу жана ага жетүү үчүн иштөөнүн пайдасына даяр чечимдерди күтүүдөн баш тартуу.

Жаратмандык позициясына өтүүнүн эффективдүү куралдарынын бири – бул командалык иш. Жаштар демилгелүү топторго биригип, жаштар уюмдарын түзүп, актуалдуу көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган долбоорлорду биргелешип иштеп чыгып, ишке ашыра алышат. Ошондой эле ийкемдүүлүктү жана стандарттуу эмес чечимдерди табуу жөндөмүн өнүктүрүү, ар кандай мүмкүнчүлүктөрдү – гранттык программаларга катышуудан тартып бизнес жана бейөкмөт уюмдар менен кызматташууга чейин аракеттерди колдонуу маанилүү.

Көз карандылык менен жаратмандыктын ортосундагы тандоо жаштардын жашоо жолун аныктайт. Тышкы факторлорго көз каранды болуу адамдын мүмкүнчүлүктөрүн чектөө

дегенди билдирет, ал эми коомдун жашоосуна активдүү катышуу жаңы перспективаларды ачат, жеке өсүүгө жана жалпы коомчулуктун өнүгүшүнө өбөлгө түзөт. Жаратуу – бул эркиндик, өз келечегине таасир этүү жана дүйнөнү жакшыраак кылуу.

**ПРАКТИКАЛЫК МИСАЛ**

**Музыка. Жаштар. Өнүгүү**

2023-жылдын сентябрь айында Нарын облусунун Ак-Талаа районундагы Коңорчок аталган кичинекей айыл олутту көйгөйгө туш болду: маданий иш-чаралардын жоктугу жана жаштардын өз мурастары менен байланышы үчүн мүмкүнчүлүктөрдүн жоктугу. Шаар тургундары, анын ичинде жаштар кыргыздын асыл аспабы комуз чертүүнүн салттуу өнөрүн үйрөнүүгө чоң кызыгуу көрсөтүштү.

Бирок сапаттуу билим берүү үчүн аянтча же ресурстар жок, ал эми жергиликтүү жамаатта жаштарды кызыктыра турган жана шыктандырган уюштурулган маданий иш-чаралар жетишсиз болгон. Туруктуу маданий демилгени түзүү зарылчылыгы айкын болду.

Бул көйгөйдү чечүү үчүн Айзада ОСКОНБАЕВА “Комуз” музыкалык клубун түзүү демилгесин көтөргөн. Ысык-Көл облусуна караштуу Түп районунун Кең-Суу айылында төрөлгөн ал өмүрүн музыкага, билимге арнаган. МАЛДЫБАЕВ атындагы опера жана балет театрында эки жыл окуп, андан соң Б. БЕЙШЕНАЛИЕВА атындагы искусство институтунда билимин улантып, музыка мугалими адистигине ээ болгон.

13 жылдан ашык мугалимдик тажрыйбасы менен, ал ылайыктуу лидерди табуу жана тандоо үчүн уюштурулган сынактан жеңип чыккандан кийин клубду жетектөө үчүн тандалган.

Тандоодон кийин ал катышуунун шарттарын талкуулоо үчүн ата-энелер чогулушун уюштуруп, анын жыйынтыгында ачык-айкындуулукту жана кызматташууну камсыз кылуучу үч тараптуу келишим түзүлдү. Окуунун алгылыктуу төлөмү ар бир окуучу үчүн 500 сомдун чегинде белгиленип, бул программаны каржылык жактан жеткиликтүү кылды.

Комуз ийриминде алгач 12 окуучу болгон, окууга карата динамикалуу ыкма колдонулары тууралуу маалымат тарай баштаган сайын, жыл аягына чейин дагы 6 окуучу кошулду. Быйылкы окуу жылында клубда 24 окуучу бар. Сапаттуу билимди камсыз кылуу үчүн класстардын саны жекече мамилени камсыз кылуу жана ар бир баланын талантын өнүктүрүүгө жардам берүү үчүн чектелди.

Клубдун жандуу атмосферасын англис тилдүү Тынчтык корпусунун ыктыярчысы жакшыртат, иш-чаралардын да активдүү катышуучусу болуп калды. Ал клубда сабак өтүү ишине гана жардам бербестен, ырларды аткарып, ар кандай маданий иш-чараларга катышып, музыкага болгон сүйүүсү менен бөлүшөт.

Анын катышуусу студенттердин ар кандай музыкалык стилдер жана тилдер менен тааныштыруу аркылуу алардын окуу тажрыйбасын байытып, кызыктуу жана интерактивдүү чөйрөдө англис тилин үйрөнүүгө жардам берди. Комуз клубунун түзүлүшү айылга зор таасирин тийгизип, жаштардын баалуу өнөрлөрүн өрчүтүү менен бирге маданий тамыры менен байланышууга мүмкүнчүлүк түздү.

Клуб бир гана комуз чертүүнү үйрөтпөстөн, ырдап, бийлеп, окуучулардын сахнада жана коомдо ишенимин арттырган ар тараптуу маданий тарбия берет.

Тынчтык корпусунун ыктыярчысынын болушу студенттердин көз карашын мындан да кеңейтип, маданий алмашууну жана кызыктуу чөйрөдө тил үйрөнүүнү жеңилдетти. Бул кызматташуу позитивдүү өзгөрүүлөрдү жаратуу жана маданий жана билим берүү мурастарын узак мөөнөттүү үйрөнүү үчүн шарттарды түзүү боюнча коомчулук баштаган демилгелердин күчүн көрсөтөт.

Бул аракеттердин натыйжасы азыртадан эле көрүнүп турат: окуучулар жакында эле вокал, комуз чертүү, бий боюнча райондук сынакта 1-орунга, облустук сынакта 3-орунга ээ болуп, бир топ таанымал болушту. Бул жетишкендиктер окуучулардын берилгендигин жана жөнөкөйлүктү, кызыктыруучулукту жана жакшы маанайды баса белгилеген окутуу ыкмасынын ийгилигин чагылдырат.

### 3.4.3. Жалгыз жоокер эр болбойт

«Жалгыз жоокер эр болбойт» деген макал максатка жетүү үчүн командада иштөөнүн жана кызматташуунун маанилүүлүгүн баса белгилеген. Жаштар топтору менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара аракеттенүүсүнүн контекстинде бул макал долбоорлорду жана демилгелерди ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн түрдүү тараптардын – жаштардын, жергиликтүү бийликтин, бизнестин жана коомчулуктун күч-аракеттерин бириктирүү зарыл экенин билдирет.

**ПРАКТИКАЛЫК МИСАЛ**

**Александровкада жаштар өзүнө координациялоо жоопкерчилигин алышты[4]**

Александров аймагынын жаш тургундары туулуп-өскөн айылынын бардык маселелеринде «шыктандыруучулардын» ролун алууну чечишти. Алардын баарын жергиликтүү лидер, жакында эле жергиликтүү кеңештин мурдагы депутаты Абдулла ШАРИПОВ бириктирди. Ал аймак ичиндеги иш-чараларга катышып, жамааттын бардык көйгөйлөрүнөн кабардар болгон, алардын көбүн жеке өзү демилгелеген.

Ал Александровка айылындагы стадиондо жаштардын жыйынын уюштуруп, ага жергиликтүү кеңештин беш депутаты жана аймактын жаштар комитетинин төрагасы Керим ИСМАЕВ баш болгон 250 адам катышты. Бул жыйында дагы деле айылдын көйгөйлөрү, анын ичинде улууларды сыйлоо, коомдогу этикалык нормалардын сакталышы, туулуп өскөн айылдын санитардык абалы, аны өнүктүрүү маселелери талкууланды. Аймактагы улуттар аралык мамиле, бири-бирине тыгыз коңшулуктагы улуттардын жана элдердин маданиятын, турмуш-тиричилигин, үрп-адатын, каада-салтын урматтоо, мыйзамдуулук, тартип жөнүндө көп айтылды.

Жыйында Александровка айылындагы 38 көчөнүн ар бирине жоопкерчиликтүү жаштар лидерлерин бекитүү чечими кабыл алынды, алардын милдети жоопкерчиликтүү аймакта жашаган башка жаштар менен өз ара аракеттенүүнү камтыйт. Бул чечим катышуучулардын 100% колдоосуна ээ болду. Андан соң ар бир айылдын көчөсүндө өзүнчө чакан жыйындар өткөрүлүп, анда жашоочулар эки кишини жооптуу кылып шайлашты. Ошентип, 76 адамдан турган негизги жетекчи топ түзүлүп, алар айылдын бекем «звеносу» болуп калышты. Бул абдан олуттуу, жоопкерчиликтүү, жердештери менен мамиле түзө билген, айылдын көйгөйлөрүн жакшы билген, аны чечүүнүн жолдоруна, жалпы эле аймактын өнүгүүсүнө өз көз карашы бар адамдар.

Александровка айылынын башчысы Абдулла ШАРИПОВ ушул 76 жетекчи үчүн WhatsApp аркылуу байланыш тобун түзгөн. Алар өз кезегинде өз көчөлөрүнүн тургундары менен ушундай байланыштарды түзүшкөн. Бул ар бир адамга жекече, керек болсо биргелешип ыкчам билдирүүгө мүмкүнчүлүк берди. Мындан тышкары, уюлдук байланыштын бул түрү айылдын жашоосу жана ЖӨБ органдары тарабынан кабыл алынган чечимдер жөнүндө маалыматтарды таратуунун абдан популярдуу ыкмасы болуп калды. Бул айыл башчынын ишин бир топ жеңилдетти – бардык маалыматтар ага да келип турат жана бул ага өзүнүн карамагындагы аймакта болуп жаткан бардык окуялардан кабардар болууга мүмкүндүк берет.

Жаштардын лидерлеринин арасында ар кыл кесиптин адамдары — шофер, куруучу, мурабдар, грейдерчи, тракторист, мугалим, юрист, милиция кызматкерлери, депутаттар, электриктер, маданият кызматкерлери, спортсмендер болгондугун айтуу керек... Бул аларга ар кандай маселелерди тез жана профессионалдуу чечүүгө мүмкүнчүлүк берди. Алардын ар бири өз аймагын ийне-жибине чейин изилдеп чыгышкан: азыр алар өз көчөсүндө канча үй-бүлө жашай турганын, алардын арасында канча кары-картаң, аялдар, балдар бар экенин

билишет; алардын ар биринин финансылык абалы кандай; эмгекке жарамдуу тургундар кайда иштешет экендигинен да кабардар. Азыр бардык аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү жана иштеп жаткан майыптарды каттоого алышты. Балдар аксакалдарды эмне тынчсыздандырарын жана мектеп окуучуларынын келечекке кандай пландары бар экенин билишет. Анан албетте, активисттер айылдын көйгөйлөрүн эң майда-чүйдөсүнө чейин жакшы изилдеп чыгышты. Ошону менен бирге, алар ушул маселелерди чечүүдө "шыктандыруучу" болуп калышты. Бүгүнкү күндө Александровка ААнын 25 көчөсүнө шагыл төшөлдү. Бардык жерде жарыктандыруу орнотулуп, таштандыларды жыйноо жана чыгаруу жолго коюлуп, ирригациялык тармактарды тазалоо иштери жүрүп жатат. Курман айт майрамында аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө тамак-аш, кийим-кече, бут кийимдер түрүндө жардамдар көрсөтүлдү.

Мындан тышкары, активисттер  материалдык эмес жардам көрсөтүүгө аракет кылышат: алар 14 үй-бүлөгө юридикалык кеңеш беришкен, жесир калган эне менен анын эки уулунун ортосунда чыккан үй жаңжалына кийлигишкен – натыйжада алар жарашкан. Активисттер да жаш муун менен көп иштешип, аларды карап, бейбаштыктан коргоп, мүдүрүлгөндөрдүн жоопкерчилигин да өз мойнуна жүктөшөт. Жетекчилердин демилгеси менен мектептеги жана борбордук Бишкек – Ош унаа жолунун тилкесиндеги зебра өтмөктөрүн тез арада жаңыртуу мүмкүн болду: жергиликтүү жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо бөлүмүнүн кызматкерлери балдардын кайрылуусуна ыкчам чара көрүп, ишти бир күндө бүтүрүштү. Кечки сааттарда аталган кызматкерлер бардык көчөлөрдү кыдырып, тартипти бузуунун алдын алууда. Жыйынтыгында, айыл тургундарынын жалпы пикири боюнча, аймакта тынч жана коопсуз болуп калды. Тургундар күн тартибине киргизилген ар кандай маселелерди чечүүгө активдүү катышат. Алардын аң-сезими, биримдиги күч алууда.

Ал эми каржы жагын айтсак, ал дагы жетекчилердин көзөмөлүндө. Айтмакчы, айылды санитардык тазалоо жана көрктөндүрүү иштерине бир жарым миллион сом жумшалган. Бул маселеге айылдыктардын эмгектик катышуусу да ушундай эле сумманы түздү. Азык-түлүк түрүндөгү жардам 87 миң сомду, кийим-кече жана бут кийим түрүндө берилген жардам  10 миң сомду түздү. Биргелешкен мониторинг жана баалоо (БМжБ) тобунун мүчөлөрү бардык иштерди Александровка айыл аймагынын үч айылында тең интернетке жана маалымат такталарына жайгаштырган видео жана фотосүрөткө жазып алышат.

### 3.4.4. Сандардын бийлиги же бийлик тууралуу сандар менен

"Сандардын бийлиги же бийлик тууралуу сандар менен" – чечим кабыл алууда жана башкарууда статистиканын жана маалыматтын маанилүүлүгүн баса белгилеген түшүнүк. Биздин заманбап дүйнөбүздө сандар ар кандай чөйрөлөрдө: саясий башкаруудан жана экономикалык стратегиялардан социалдык өзгөрүүлөргө жана коомдук өнүгүүгө чейин негизги куралга айланууда. Сандардын бийлиги ар кандай процесстерди эффективдүү башкарууга, талдоо жана баалоого, ошондой эле объективдүү маалыматтардын негизинде тыянак чыгарууга мүмкүндүк берет.

Бийлик тууралуу сандар – бул мамлекеттик органдардын ар кандай деңгээлдеги: жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан тартып ири мамлекеттик институттарга чейин канчалык натыйжалуу иштээрин талдоого жардам берген статистика. Бул маалыматтар кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүнүн деңгээли, жергиликтүү жана мамлекеттик бюджеттик каражаттардын чыгымдалышы, экономикалык өсүштүн

статистикасы, жумушсуздуктун деңгээли жана өкмөттүн реалдуу ишин жана анын калкка тийгизген таасирин аныктоочу көптөгөн башка көрсөткүчтөр менен байланыштуу болушу мүмкүн.

Социалдык-экономикалык өнүгүү программасын иштеп чыгуунун жаңы методикасы санариптештирүү маселелерине көңүл бурат. Айрыкча, методикада пландоонун таптакыр жаңы элементи – аймактарды жана региондорду өнүктүрүүнү божомолдоо үчүн зарыл болгон маалыматтардын массивдерин башкаруунун санариптик куралы болгон социалдык-экономикалык өнүгүүнүн автоматташтырылган динамикалык имитациялык модели менен байланыштардын болушун баса белгилей кетүү керек.

Социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасын (СЭӨП) иштеп чыгуунун жаңы методикасы кириш жана чыгуу маалыматтарынын көрсөткүчтөрүнүн(индикаторлорунун) бирдиктүү топтомун камтыйт.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттенген жаштар топтору үчүн социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын маалыматтарын СЭӨПнын аткарылышына мониторинг жүргүзүү, жергиликтүү тургундардын муктаждыктарын талдоо, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун натыйжалуулугун баалоо жана негизделген чечимдерди кабыл алуу үчүн кантип колдонууну түшүнүү маанилүү.

Сандар жаштар топтору үчүн бийлик органдары менен жүйөлүү баарлашуу, чечимдерди кабыл алуу процессине таасир кылуу жана коомдун реалдуу муктаждыктарына жооп берген өзгөрүүлөргө жетишүү үчүн күчтүү курал боло алат.

Жергиликтүү бюджеттин көрсөткүчтөрүн “окуп” жана түшүнө билүү өзгөчө маанилүү. Албетте, биринчи кезекте, биз акчалай түрдө абсолюттук көрсөткүчтөрдү карашыбыз керек – жергиликтүү бюджеттин тигил же бул статьяларына канча акча пландаштырылган.

Бирок салыштырма көрсөткүчтөрдү да изилдөөнүн мааниси бар – сиздин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органыңыз жергиликтүү маанидеги айрым маселелерди чечүүгө канчалык көп же аз каражат сарптайт? Бирок бул жерде сак болуу керек. Мисалы, эки коңшу муниципалитеттин спорт сыяктуу кызматтарга жумшаган чыгымын жөн эле салыштырууда көрүнүштү бурмалап койсо болот. Балким, кошуна аймакта спорттук имарат курулуп жаткандыктан, бул чыгаша статьясынын бир топ көбөйүшүнө алып келген.

Калктын жан башына бюджеттик чыгашаларды карап чыгуу да пайдалуу. Мисалы, жергиликтүү бийлик бир адамдын жан башына спортко канча каражат коротот?

Бул үчүн спортко кеткен чыгымдардын жалпы суммасын жашоочулардын санына бөлүп, натыйжада алынган сумманы кошуна муниципалитеттеги же коңшу райондогу окшош көрсөткүч менен, ошондой эле республика боюнча орточо көрсөткүч менен салыштыруу керек. Жергиликтүү бюджеттин чыгашалары менен “Ачык бюджет”[6] порталынан таанышууга болот.

### 3.5. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен биргеликте аракеттердин жылдык “Календары”

Төмөндө берилген маалымат кеңеш берүүчү мүнөзгө ээ жана ЖӨБ органынын бизнес-процесстеринин ырааттуулугу боюнча жаштар үчүн колдонмо болуп саналат. Ар бир конкреттүү муниципалитетте бул мөөнөттөр жана иш-чаралардын аталыштары ар кандай болот.

| Жылдын айы | Иш-чара / аракет | ЖӨБ органынын ролу | Жаштар топторунун ролу |
|---|---|---|---|
| Январь | Муниципалитеттеги жаштар жана жаштар топтору жөнүндө маалымат чогултуу | Жаштардын расмий жана формалдуу эмес топторуна кайрылуулар | Жаш лидерлердин тизмесин берүү |
| | Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун негиздери, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жана мамлекеттик органдардын ыйгарым укуктары боюнча жаштардын катышуусу менен маалыматтык жолугушуулар/семинарлар. | Эксперттерди, АӨ/мэриянын адистерин, жергиликтүү кеңештин депутаттарын тартуу менен уюштуруу жана ишке ашыруу | Жаштар жана жаштар топторун, анын ичинде кыздардын уюштурууга жана катышуусуна көмөк көрсөтүү |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Февраль | Муниципалитеттеги иштердин жалпы абалы, жергиликтүү бюджеттин аткарылышы, аймакты социалдык-экономикалык өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан коргоо программаларынын аткарылышы жөнүндө 20__-жылдын жыйынтыгы боюнча АӨ башчысынын/мэрдин отчету. Ошондой эле үстүбүздөгү жылдын СЭӨПсын ишке ашыруунун планы. | Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүн, анын ичинде жаштарды чогулушка/жыйынга катышууга чакыруу жана маалымдоо. | Иш-чарага катышуу жана жаштардын атынан сунуштарды киргизүү. |
| | СЭӨП/долбоорлорду/кызматтардын ишке ашыррылышына мониторинг жана баалоо жүргүзүү | Жаштарды мониторинг жана баалоо процессине тартуу үчүн маалымдоо | Мониторинг жана баалоого катышуу |
| Март | Жакынкы 3-5 жылга социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасын иштеп чыгуу боюнча жумушчу топту түзүү жана ишин уюштуруу | Жаштардын лидерлери жана жаштар топтору менен жумушчу топ түзүү жана жумушчу топтун ишине жаштардын өкүлдөрүн киргизүү жөнүндө маалымат берүү жана сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү | Жумушчу топтун ишине катышуу |
| | | Жарыялоо, тендердик сунуштарды чогултуу, тендердин жыйынтыгын | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | "Жергиликтүү демилге" сынагын уюштуруу жана өткөрүү | чыгаруу, Жергиликтүү демилгени ишке ашыруунун мониторингин жүргүзүү | Конкурстук сунуштарды берүү, Жергиликтүү демилгени ишке ашыруу |
| Апрель | Жергиликтүү коомчулуктун мүчөлөрүнүн, анын ичинде жаштардын муктаждыктарын изилдөө үчүн фокус-топторду/онлайн сурамжылоолорду өткөрүү | Керектөөлөрдү изилдөө боюнча иш-чаралар тууралуу маалымат берүү, уюштуруу жана иш-чараларды өткөрүү | Жаштардын күчү менен жаштардын муктаждыктарын изилдөө боюнча иш-чараларды өткөрүүгө көмөк көрсөтүү же анын жыйынтыгы боюнча жаштарды тынчсыздандырган көйгөйлөрдү чечүү жолдорун иштеп чыгуу жана аны ЖӨБ органына өткөрүп берүү |
| | Жаштар жана алардын топторунун лидерлери менен жолугушуу | Приоритеттүү маселени чечүү боюнча биргелешкен аракеттер планын талкуулоо үчүн диалог аянтчасын камсыз кылуу | Жыйында талкуулоо үчүн маселени даярдоо, жыйындын катышуучуларын уюштурууга жана чогултууга жардам берүү |
| | Айылда/шаарда жашылдандыруу жана тазалык акциялары | Акцияга катышууга бардык кызыкдар тараптарды, анын ичинде жаштарды маалымдоо жана чакыруу | Акцияны уюштурууга жана өткөрүүгө көмөк көрсөтүү |
| Май | Жакынкы 3-5 жылга Социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасынын (СЭӨП) долбоорун коомдук талкуулоо | Иш-чара тууралуу маалымдоо, уюштуруу жана онлайн/оффлайн форматта өткөрүү | Жаштарды онлайн же оффлайн режиминде иш-чарага катышууга чакырууга жардам берүү. Алдын ала СЭӨПнын долбоору менен тааныштыруу |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | жана сунуштарды/комментарийлерди даярдоо |
| Июнь | Жакынкы 3-5 жылга социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасын бекитүү боюнча жергиликтүү кеңештин сессиясы | Жергиликтүү кеңештин сессиясы тууралуу маалымдоо, уюштуруу жана өткөрүү | Жергиликтүү кеңештин сессиясына катышуу, маалымат таратууга көмөктөшүү |
| Июль | Жергиликтүү бюджеттин долбоору боюнча коомдук бюджеттик угуулар | Иш-чара тууралуу маалымдоо, уюштуруу жана онлайн/оффлайн форматта өткөрүү | Жаштарды онлайн же оффлайн режиминде иш-чарага катышууга чакырууга жардам берүү. Жергиликтүү бюджеттин долбоору менен алдын ала тааныштыруу жана сунуштарды/комментарийлерди даярдоо |
| Август | Өлкөнүн эгемендүүлүк майрамына карата спорттук мелдештерди өткөрүү | Иш-чара тууралуу маалымдоо, уюштуруу жана өткөрүү | Иш-чарага катышуу, уюштуруу жана өткөрүүгө көмөк көрсөтүү |
| Сентябрь | Кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча маалыматтык жолугушуулар/чогулуштар | Иш-чара тууралуу маалымдоо, уюштуруу жана өткөрүү | Иш-чарага катышуу, уюштуруу жана өткөрүүгө көмөк көрсөтүү |
| Октябрь | Ачык эшик күнү | Жаштардын ЖӨБ органдары менен актуалдуу маселелер боюнча жолугушуусуна мүмкүнчүлүк берүү | Жаштар үчүн кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча сунуштарды жана рекомендацияларды берүү жана катышуу |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | |
| Ноябрь | Жергиликтүү бюджетти бекитүү боюнча жергиликтүү кеңештин сессиясы | Жергиликтүү кеңештин сессиясы тууралуу маалымдоо, уюштуруу жана өткөрүү | Участие на сессии местного кенеша, содействие в распространении информации<br>Жергиликтүү кеңештин сессиясына катышуу, бул тууралуу маалыматты таратууга көмөктөшүү |
| Декабрь | Зордук-зомбулукка каршы 16 күндүк кампания өткөрүү | Иш-чара тууралуу маалымдоо, уюштуруу жана өткөрүү | Иш-чарага катышуу, уюштурууга жана өткөрүүгө көмөктөшүү |

## IV Бөлүк. Жергиликтүү деңгээлде жаштар саясатын ишке ашыруунун санариптик аспаптары жана платформалар

Жаштар саясатында санариптештирүүнүн ролу чоң жана өсүп жатат. Санариптик куралдарды ымыркай кезинен бери колдонуп келе жаткан жаңы муундар ЖӨБ органдарынан ушундай технологиялык байланыштарды жана өз ара аракеттенүүнү күтүшөт. Ошондуктан төмөндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жаштар саясатынын натыйжалуулугун жогорулатууга жардам бере турган ресурстардын, интернет-платформалардын, мессенджерлердин жана башка санариптик каражаттардын тизмеси келтирилген.

Маанилүү! Бул тизме толук эмес же колдонуу же пайдалануу үчүн милдеттүү болуп саналбайт. Ар бир ЖӨБ органы жана жаш жаран башка платформаларга жана куралдарга кайрылууга укуктуу. Ошондой эле, бул тизме эксперттик сунуш болуп саналбайт. Татаал учурларда, платформаны же куралды тандоо үчүн тийиштүү адис менен кеңешүү сунушталат.

| **Өз ара аракеттенүү формасы** | **Инструменттердин жана Платформалардын мисалдары** | **ЖӨБ органы үчүн колдонуунун натыйжасы** | **Жаштар үчүн колдонуунун натыйжасы** |
|---|---|---|---|
| Керектөөлөрдү изилдөө | Мессенджерлердеги аймактык жана жаш-курактык топтор | Кызыккан катышуучуларды фокус-топторго тартуу | Фокус-группага катышууга чакыруу алуу жана көйгөйлөрдү жана муктаждыктарды билдирүү мүмкүнчүлүгү |
| | • Google-формалар<br>• Anketolog<br>• Testograf<br>• Survio<br>(бул смартфондон иштөөгө ыңгайлуу кызматтар, бирок ар кандай функциялар менен сурамжылоо жүргүзүү үчүн көптөгөн башка платформалар бар, ошондой эле кээ бир мессенджерлерде сурамжылоолорду түзүү мүмкүнчүлүгү да бар) | Чектелбеген сандагы жашоочуларды минималдуу чыгымдар менен камтуу<br><br>Татаал көндүмдөрдүн жана билимдин кереги жок | Жаштар сурамжылоо тууралуу маалыматты теңтуштары арасында жайылтып, калктын жаш бөлүгү артыкчылыктуу деп эсептеген көйгөйлөр жана муктаждыктар үчүн көп добушка ээ боло алышат. |

| Өз ара аракеттенүү формасы | Инструменттердин жана Платформалардын мисалдары | ЖӨБ органы үчүн колдонуунун натыйжасы | Жаштар үчүн колдонуунун натыйжасы |
|---|---|---|---|
| | | | |
| ЖӨБ органынын жетекчилиги менен жолугушуу<br>Жергиликтүү кеңештин сессияларына катышуу<br>Бюджет боюнча коомдук угууларга катышуу | Онлайн-баарлашуу платформалары аркылуу онлайн-трансляциялар:<br>• ZOOM<br>• Teams<br>• Башка платформалар, ошондой эле социалдык тармактар | Жолугушууга бир гана тандалган активисттерди эмес, жаштардын жана ар кандай курактагы жарандардын кеңири тобун тартуу мүмкүнчүлүгү. | Жолугушууга иш жүзүндө катыша албаган курдаштарды диалогго тартуу мүмкүнчүлүгү<br><br>Башкаруучу орган менен өз ара аракеттенүүдө көбүрөөк айкындуулукка жетишүү |
| Бюджеттик процесске катышуу – бюджет долбооруна сунуштарды киргизүү | «Жарандык бюджет» веб-тиркемеси www.gb.minfin.kg | Жаштарга тааныш санариптик инструменттер аркылуу жаштарды бюджеттин долбоорун талкуулоого тартуу мүмкүнчүлүгү | Бюджет долбоорлорунун көрсөткүчтөрүн алдын ала изилдеп, өз сунуштарын киргизүү мүмкүнчүлүгү |
| | «Ачык бюджет» порталы www.budget.okmot.kg | Ведомстволордун жана башка ЖӨБ органдарынын кирешелери жана чыгашалары жөнүндө | Муницпалитеттин, ведомстволордун жана башка ЖӨБ органдарынын кирешелери жана чыгашалары жөнүндө маалыматтарды изилдөө мүмкүнчүлүгү |

| Өз ара аракеттенүү формасы | Инструменттердин жана Платформалардын мисалдары | ЖӨБ органы үчүн колдонуунун натыйжасы | Жаштар үчүн колдонуунун натыйжасы |
|---|---|---|---|
| | | маалыматтарды изилдөө мүмкүнчүлүгү | Жергиликтүү бюджет боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына берилген суроолорду түзө билүү |
| Долбоорлорду иштеп чыгуу жана жаңы билимдерди алуу, алдыңкы практикаларды жана тажрыйбаларды изилдөө | «Муниципалитет» журналынын сайты, 2012-жылдан тартып макалалардын архиви. www.municipalitet.kg<br><br>Толугу менен жергиликтүү өнүгүү жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү маселелерине арналган Кыргызстандагы жападан жалгыз кесипкөй журнал | Мыйзамдарга киргизилген өзгөртүүлөр боюнча актуалдуу маалыматты, ЖӨБ органдарынын учурдагы ишмердүүлүгү боюнча суроолорго жооп алуу мүмкүнчүлүгү | Мыйзам чыгаруу жаңылыктарынан баштап ЖӨБ чөйрөсүндөгү долбоорлордун жаңылыктарына чейин жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү бардык маанилүү окуялардан кабардар болуу мүмкүнчүлүгү |
| | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу практикасынын эң мыкты порталы. www.myktyaimak.gov.kg<br><br>Категорияларга топтоштурулган жергиликтүү өз алдынча башкаруунун мыкты тажрыйбасынын мисалдарынын ведомстволор аралык жыйнагы | Жергиликтүү маселелерди чечүүдөгү алдыңкы тажрыйбаларды жана жергиликтүү өнүгүүнүн мисалдарын үйрөнүү мүмкүнчүлүгү<br><br>Жергиликтүү ченемдик укуктук актылардын, башкаруу документтеринин | Жергиликтүү маселелерди чечүүдөгү алдыңкы тажрыйбаларды жана жергиликтүү өнүгүүнүн мисалдарын үйрөнүү мүмкүнчүлүгү<br><br>Жаштардын демилгелери үчүн жаңы долбоордук идеяларды табуу мүмкүнчүлүгү |

| **Өз ара аракеттенүү формасы** | **Инструменттердин жана Платформалардын мисалдары** | **ЖӨБ органы үчүн колдонуунун натыйжасы** | **Жаштар үчүн колдонуунун натыйжасы** |
|---|---|---|---|
| | | үлгүлөрүн алуу мүмкүнчүлүгү | |
| Маалымдоо жана жамаат менен байланыш | Мессенджерлердеги муниципалдык сайттар жана каналдар | Коммуникативдик функцияны аткаруу, маалыматка жетүүнү камсыз кылуу боюнча мыйзамдардын талаптарын аткаруу<br>Жергиликтүү экономиканы, туризмди жана инвестициялык потенциалды өнүктүрүү | Маалыматка жеткилик<br><br>Чыгармачыл потенциалды ишке ашыруу жана технологияларды өнүктүрүүдө жана маалыматка жетүүнү кеңейтүүдө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына жардам берүү мүмкүнчүлүгү |

## Колдонулган адабияттардын тизмеги


1. «Я могу!» Усиление участия молодежи в процессе принятия решений на местном уровне. Аналитические записки по результатам реализации Проекта «Усиление участия молодежи в процессе принятия решений на местном уровне», ИПР, 2011.
2. 10 причин для гендерного равенства, Human Rights Careers. URL: https://www.humanrightscareers.com/issues/10-reasons-why-gender-equality-is-important/
3. Agartan, Kaan. Globalization and the Question of Social Justice (англ.) // Sociology Compass. — 2014. — Vol. 8, no. 6. — P. 903—915. — doi:10.1111/soc4.12162
4. Hillman, Arye L. Globalization and Social Justice (англ.) // The Singapore Economic Review (англ.)русск. : journal. — 2008. — Vol. 53, no. 2. — P. 173—189. — doi:10.1142/s0217590808002896.
5. Social Justice in an Open World: The Role of the United Nations", The International Forum for Social Development, Department of Economic and Social Affairs, Division for Social Policy and Development, ST/ESA/305
6. Байназаров И.Н. Руководство «Решаем вместе! Как внести идеи молодёжи в стратегию развития города или села и получить поддержку из местного бюджета» - Б.: 2021 68 с.
7. Добрецова Н., Робертс Т., Цифровизация как угроза? Политическое мышление о цифровизации для органов МСУ Кыргызской Республики, журнал «Муниципалитет», 2023, № 1-2 (135-136). С.15-24.
8. Единый портал общественного обсуждения проектов нормативных правовых актов Кыргызской Республики [Электронный ресурс] / М-во юстиции Кыргыз. Респ. - Электрон. дан. - Бишкек, 2024. - Режим доступа: http://koomtalkuu.gov.kg/, свободный. - Загл. с экрана.
9. Жизнь в согласии: практическое руководство для органов местного самоуправления и некоммерческих организаций по управлению конфликтами в местных сообществах Кыргызской Республики / Бузурманкулова А. и др.; под. ред. Добрецовой Н. – Б.: International Alert, Институт политики развития, Национальный центр медиации, 2022.
10. Каттар [Электронный ресурс]: портал электронных обращений граждан Кыргызской Республики / М-во цифрового развития Кыргыз. Респ. - Электрон. дан. - [Бишкек, 2024]. - Режим доступа: https://www.kattar.kg/, свободный. - Загл. с экрана.
11. Критерии молодежной политики Кыргызстана, Институт развития молодежи, 2019: https://jashtar.org/files/kriterii-GMP-1.pdf.pdf
12. Медиаграмотность: Почему это важно для органов МСУ? Институт политики развития, 2021: https://dpi.kg/ru/library/full/343.html
13. Методическое руководство для депутатов местных кенешей по оценке и контролю выполнения задач и мер в области предупреждения и пресечения семейного насилия, Институт политики развития, 2024: https://dpi.kg/ru/library/full/390.html
14. Молодежная политика местного самоуправления в Кыргызской Республике / Практическое пособие. – Бишкек: Общественное объединение «Институт политики развития», 2020. – 58 с.
15. Молодежь Кыргызстана: ценностные ориентации, социальные настроения и конфликтное поведение, Институт развития молодежи, 2014: https://drive.google.com/file/d/1XJ_YFoF-RQN2zjKNYIQ9R1vqX_2Bxdrg/view
16. Не оставить никого позади. Справедливое местное самоуправление в Кыргызской Республике: как добиться экономического роста и сокращения бедности? // Сборник мер для программ социально-экономического развития айылных аймаков и городов, идущих к инклюзивному местному развитию, Проект УУМУ, 2022: https://dpi.kg/ru/library/full/373.html

17. Новые технологии: Обзор будущих тенденций в гражданском пространстве. Информационный обзор для Инициативы «Гражданское пространство 2040» Международного центра некоммерческого права, 2022: https://dpi.kg/ru/library/full/369.html

18. Организация услуг на уровне местного самоуправления с привлечением частного сектора, Проект УУМУ, 2022: https://dpi.kg/ru/library/full/372.html

19. Планирование совместных действий местного сообщества и органов местного самоуправления по решению вопросов местного значения: Практ. пособие: Часть вторая. / Комплекс учебных материалов «Участие граждан в местном самоуправлении Кыргызской Республики» под общ. ред. Н. Добрецовой. Часть вторая. / Т. ОСМОНКУЛОВ, Р. СУРАНЧИЕВА, С. ГРАДВАЛЬ, ОРОЗБАЕВ Б. – Б.: Институт политики развития, 2015. – 72 с.

20. Плановый мониторинг и регулярная оценка деятельности органов местного самоуправления со стороны местных сообществ: Практ. Пособие: Часть четвертая. / Комплекс учебных материалов «Участие граждан в местном самоуправлении Кыргызской Республики». / Ч. Биялиева, М. Орозбаев, С. Майрамбеков, Н. Добрецова. – Б.: Институт политики развития, 2015. – 40 с.

21. Политическая судьба женщин в местном самоуправлении Кыргызстана: предварительные наблюдения о результатах кампании за продвижение политических прав женщин/Муниципалитет, № 7-8, 2021.

22. Портал лучшей практики местного самоуправления. www.myktyaimak.gov.kg

23. Публичные мероприятия (собрания, сходы и общественные слушания) как формы участия граждан в местном самоуправлении: Практ. пособие: Часть третья. / Комплекс учебных материалов «Участие граждан в местном самоуправлении Кыргызской Республики». / Н. Добрецова, А. Балакунова, А. Мусаева, С. Градваль. – Б.: Институт политики развития, 2015. – 74 с.

24. Путь к продуктивному партнерству: эволюция взаимоотношений граждан с местным самоуправлением Кыргызстана / Результаты исследования уровня доверия граждан Кыргызской Республики к органам местного самоуправления, удовлетворенности местными услугами и условиями участия граждан в процессе принятия решений. – Бишкек: Институт политики развития, 2022. – 84 с.

25. Сайт Журнала «Муниципалитет», архив статей с 2012 года. www.municipalitet.kg

26. Совместное изучение нужд села- первый истинный шаг к партнерству граждан и органов МСУ. Журнал «Муниципалитет» №9 (107), 2012 г

27. Участие граждан в нормотворческом процессе в Кыргызской Республике, Международный центр некоммерческого права, 2022: https://dpi.kg/ru/library/full/344.html

28. Учет приоритетов местного сообщества в процессе принятия решений органами МСУ по вопросам местного значения: Практ. Пособие: Часть первая. / Комплекс учебных материалов «Участие граждан в местном самоуправлении Кыргызской Республики». / Н. Добрецова, А. Балакунова, А. Мусаева, С. Градваль. – Б.: Институт политики развития, 2015. – 50 с.

29. Я – депутат местного кенеша: Сборник простых ответов на 150 вопросов депутатов местных кенешей (советов) Кыргызской Республики / Б. И. Орозбаев, А. А. Чекиров, С. А. Эсенбеков; под. Ред. Н. Н. Добрецовой. – Б.6 Институт политики развития, 2014. – 146 с.

**Тиркеме. ЖӨБ органдары жана жаштардын кызматташуусуна көмөктөшүүчү ченемдик-укуктук актылардын жана программалык документтердин тизмеги**

| № | ЧУА, документтин аталышы | Конфликтти башкаруу контекстинде ЖӨБ үчүн мааниси | Кыргыз версиясына интернет-шилтеме | Орусча версиясына интернет-шилтеме | Кыргыз версиясына QR-код | Орусча версиясына QR-код |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | КР Конституциясы | ЖӨБ конституциялык негиздерин, ЖӨБ органдарынын жергиликтүү жамааттар алдында отчеттуулугун, ЖӨБ органдарынын жарандар менен алакалашуусун, жарандардын башкарууга катышуу укуктарын жана бийлик органдары чечим кабыл алууда жарандардын оюн эсепке алуусун баяндайт. | https://cbd.minjust.gov.kg/230010810/edition/12996/kg | https://cbd.minjust.gov.kg/230010810/edition/12996/ru | | |
| 2 | 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123 “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча | ЖӨБ органдарынын карамагына кирген жергиликтүү маанидеги маселелерди, ошондой эле чыр-чатактарга | https://cbd.minjust.gov.kg/112302/edition/24684/kg | https://cbd.minjust.gov.kg/112302/edition/24684/ru | | |

| № | ЧУА, документтин аталышы | Конфликтти башкаруу контекстинде ЖӨБ үчүн мааниси | Кыргыз версиясына интернет-шилтеме | Орусча версиясына интернет-шилтеме | Кыргыз версиясына QR-код | Орусча версиясына QR-код |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | башкаруу органдары жөнүндө" КР Мыйзамы | тиешелүү маселелерди баяндайт. | | | | |
| 3 | 2023-жылдын 4-августундагы № 157 "Жаштар жөнүндө" КР Мыйзамы | Жаштар саясатын калыптандыруу, ошондой эле мамлекеттин ишмердүүлүгүндөгү бардык чөйрөлөрүнө жаштарды тартуунун механизмдерин баяндайт. | https://cbd.minjust.gov.kg/4-3394/edition/1270197/kg | https://cbd.minjust.gov.kg/4-3394/edition/1270197/ru | | |
| 4 | 2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таанусун өнүктүрүүнүн концепциясы | Жарандык иденттүүлүктү түшүнүү, жарандар арасында ынтымакка жана сабырдуулукка көмөктөшүү боюнча иштердин негизги багыттарын баяндайт. | https://cbd.minjust.gov.kg/30-158/edition/1253187/kg | https://cbd.minjust.gov.kg/30-158/edition/1253187/ru | | |
| 5 | 2020-2030-жылдарга Жаштар саясатынын концепциясы | Жаштар менен иш алып баруунун негизги багыттары, жаш кадрларды тартуу боюнча маалымат баяндалат. | https://cbd.minjust.gov.kg/157204/edition/978698/kg | https://cbd.minjust.gov.kg/157204/edition/978698/ru | | |

| № | ЧУА, документтин аталышы | Конфликтти башкаруу контекстинде ЖӨБ үчүн мааниси | Кыргыз версиясына интернет-шилтеме | Орусча версиясына интернет-шилтеме | Кыргыз версиясына QR-код | Орусча версиясына QR-код |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 6 | 2021-2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын концепциясы | Диний негиздеги чыр-чатактарды болтурбоо боюнча ЖӨБ органдарынын ишинин негизги багыттарын баяндайт. | https://cbd.minjust.gov.kg/430711/edition/1098958/kg | https://cbd.minjust.gov.kg/430711/edition/1098958/ru | | |
| 7 | 2017-жылдын 28-апрелиндеги № 70 "Мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө" КР Мыйзамы | Долбоорлорду ишке ашырууга, анын ичинде чыр-чатактардын алдын алуу боюнча долбоорлор үчүн мамлекеттик социалдык заказды жайгаштыруу жана каржылоо тартибин жөнгө салат. | https://cbd.minjust.gov.kg/111577/edition/1268503/kg | https://cbd.minjust.gov.kg/111577/edition/1268503/ru | | |
| 8 | 2012-жылдын 10-июлундагы № 100 Балдар жөнүндө КР кодекси | КР жарандары болуп саналган балдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын камсыздоо, анын ичинде оор турмуштук кырдаалда калган балдардын корголуусун камсыздоо жаатындагы | https://cbd.minjust.gov.kg/203700/edition/1208810/kg | https://cbd.minjust.gov.kg/203700/edition/1208810/ru | | |

| № | ЧУА, документтин аталышы | Конфликтти башкаруу контекстинде ЖӨБ үчүн мааниси | Кыргыз версиясына интернет-шилтеме | Орусча версиясына интернет-шилтеме | Кыргыз версиясына QR-код | Орусча версиясына QR-код |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | маселелерди жөнгө салат, балдардын укуктарын жана таламдарын камсыз кылуу жаатындагы мамлекеттик жана ЖӨБ органдарынын компетенциясын жана алардын өз ара аракеттенүү тартибин аныктайт. | | | | |
| 9 | КР 2003-жылдын 30-августундагы № 201 Үй-бүлө кодекси | Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун алдында же жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органдарынын алдында түзүлгөн балдардын укуктарын жана мыйзамдуу таламдарын коргоо боюнча адистештирилген түзүмдүк бөлүмдөрдүн ишин, анын ичинде никени каттоо жана эркектер менен аялдар | https://cbd.minjust.gov.kg/1327/edition/23446/kg | https://cbd.minjust.gov.kg/1327/edition/23446/ru | | |

| № | ЧУА, документтин аталышы | Конфликтти башкаруу контекстинде ЖӨБ үчүн мааниси | Кыргыз версиясына интернет-шилтеме | Орусча версиясына интернет-шилтеме | Кыргыз версиясына QR-код | Орусча версиясына QR-код |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | үчүн нике курагын төмөндөтүү маселелерин жөнгө салат. | | | | |
| 10 | КР 2016-ж. 16-майындагы №59 Бюджеттик кодекси | Жергиликтүү бюджеттерди түзүү, карoo, бекитүү, аткаруу процессин, ошондой эле жарандардын бул процесске катышууга жана бюджеттик маалыматты алууга укуктарын баяндайт. | https://cbd.minjust.gov.kg/111338/edition/15823/kg | https://cbd.minjust.gov.kg/111338/edition/15823/ru | | |
| 11 | 2015-жылдын 21-июлундагы “Кыргыз Республикасында балдардын ден соолугуна, дене бой, интеллектуалдык, психикалык, руханий жана адептик өнүгүүсүнө зыян келтирүүнүн алдын алуу | Кыргыз Республикасынын аймагында балдардын ден соолугуна, физикалык, интеллектуалдык, психикалык, руханий жана адеп-ахлактык өнүгүүсүнө зыян келтирүүнү болтурбоо | https://cbd.minjust.gov.kg/111229/edition/1273540/kg | https://cbd.minjust.gov.kg/111229/edition/1273540/ru | | |

| № | ЧУА, документтин аталышы | Конфликтти башкаруу контекстинде ЖӨБ үчүн мааниси | Кыргыз версиясына интернет-шилтеме | Орусча версиясына интернет-шилтеме | Кыргыз версиясына QR-код | Орусча версиясына QR-код |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | боюнча чаралар жөнүндө" № 185 КР Мыйзамы | боюнча ЖӨБ органдары укук бузуулардын алдын алуу менен алектенген башка субъектилер менен бирге көрүүгө милдеттүү болгон чараларды белгилейт. | | | | |
| 12 | КР 2017-жылдын 27-апрелиндеги № 63 "Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө" Мыйзамы | Үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуунун жана ага бөгөт коюунун, үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккен адамдарды социалдык-укуктук жактан коргоону жана сактоону камсыз кылуунун укуктук негиздерин, ошондой эле мамлекеттик органдардын жана ЖӨБ органдарынын бул чөйрөдөгү башкаруу компетенциясын аныктайт. | https://cbd.minjust.gov.kg/4-2381/edition/14086/kg | https://cbd.minjust.gov.kg/4-2381/edition/14086/ru | | |

| № | ЧУА, документтин аталышы | Конфликтти башкаруу контекстинде ЖӨБ үчүн мааниси | Кыргыз версиясына интернет-шилтеме | Орусча версиясына интернет-шилтеме | Кыргыз версиясына QR-код | Орусча версиясына QR-код |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 13 | КР 2008-жылдын 4-августундагы № 184 "Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө" Мыйзамы | Саясий, социалдык, экономикалык, маданий жана адамдын ишмердүүлүгүнүн башка чөйрөлөрүндө түрдүү жыныстагы адамдарга бирдей укуктарды жана мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу үчүн мамлекеттик кепилдиктерди белгилейт; эркектерди жана аялдарды гендердик басмырлоодон коргоо үчүн иштелип чыккан; эркектер менен аялдардын ортосунда прогрессивдүү демократиялык мамилелерди орнотууга багытталган | https://cbd.minjust.gov.kg/202398/edition/382698/kg | https://cbd.minjust.gov.kg/202398/edition/382698/ru | | |

| № | ЧУА, документтин аталышы | Конфликтти башкаруу контекстинде ЖӨБ үчүн мааниси | Кыргыз версиясына интернет-шилтеме | Орусча версиясына интернет-шилтеме | Кыргыз версиясына QR-код | Орусча версиясына QR-код |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 14 | Өзгөчө жана кризистик кырдаалдарда аялдар менен балдарга карата зомбулук опурталын азайтуу боюнча мамлекеттик бийлик жана ЖӨБ органдарынын, ошондой эле башка уюмдардын жана жарандардын өз ара биргелешип аракеттенүү тартиби жөнүндө ЖОБО (КР 2019-жылдын 22-августундагы №418 токтому) | Өзгөчө жана кризистик кырдаалдарда гендердик зомбулуктун алдын алуу, бөгөт коюу жана ага каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик органдар менен ЖӨБ органдарынын, ошондой эле башка мамлекеттик жана өкмөттүк эмес уюмдардын жана жарандардын өз ара аракеттенүү тартибин аныктайт. | https://cbd.minjust.gov.kg/7-19994/edition/1225/kg | https://cbd.minjust.gov.kg/7-19994/edition/1225/ru | | |
| 15 | ЖӨБ органдары тарабынан жергиликтүү демилгелерди тандоонун жана каржылоонун тартиби жөнүндө Типтүү жобо | Муниципалитеттеги артыкчылыктуу маселелерди чечүү, анын ичинде чыр-чатактардын алдын алуу үчүн жергиликтүү демилгелерди өткөрүү жана тандоо тартибин баяндайт. | http://dpi.kg/upload/file/Tipovoe_Polojenie_Mestnaya_initsiativa_05.09.2019_N01-1884_KYR.docx | http://vap.kg/upload/file/Tipovoe_Polojenie_Mestnaya_initsiativa_05.09.2019_N01-1884_RUS.docx | | |

| № | ЧУА, документтин аталышы | Конфликтти башкаруу контекстинде ЖӨБ үчүн мааниси | Кыргыз версиясына интернет-шилтеме | Орусча версиясына интернет-шилтеме | Кыргыз версиясына QR-код | Орусча версиясына QR-код |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 16 | Жарандарды жана алардын бирикмелерин тартуу менен жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча ЖӨБ органдарынын ишинин биргелешкен мониторингин жана баалоону жүргүзүү жөнүндө Типтүү жобо | Жарандарды жана алардын бирикмелерин тартуу менен ЖӨБ органдарынын ишине биргелешип мониторинг жана баалоо жүргүзүүнүн тартибин баяндайт. | | | | |
| 17 | Жергиликтүү жамааттын Типтүү уставы | | | | | |
| 18 | Социалдык-экономикалык өнүгүү программасын иштеп чыгуу методологиясы | | | | | |